**К.ТЫНЫСТАНОВ атындагы ЫСЫК-КцЛ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К.С.Джунушева**

# *Рынок экономикасынын терминдери*

(кошумчаланып, толукталып экинчи басылышы)

**Каракол, 2012**

УДК 330
ББК 65
Д 42

ЫМУнун окуу-методикалык бирикмесинин (26-март 2010-ж. №7 токтому) чечими менен басмага сунуш кылынды.

Рецензент: экон. илимд. канд. Искаков И.И.

Джунушева К.С.

Д 42 Рынок экономикасынын терминдери. /К.Тыныстанов атынд. ЫМУ. – Каракол, 2012. -107 б.

ISBN 9967-9019-0-х

Бул сөздүктө азыркы учурда ЖОЖдордун, орто жана атайын окуу жайларында окуу программаларында экономика предметин окугандар, жалпы эле экономика илимине тиешеси бар окурмандар пайдаланышы үчүн рынок экономикасынын терминдери, рынокко тиешелүү түшүнүктөр камтылган. Автор тарабынан көптөгөн терминдер, түшүнүктөр жаңы мааниде толукталып, кеңейтилип азыркы шартка ылайыкталып берилди.

Д 0601000000
ISBN 9967-9019-0-х

УДК 330
ББК 65
© Джунушева К.С., 2012.
@: ИГУ им. К.Тыныстанова, 2012.

# Кириш сөз

XX-кылымдын акырында Кыргыз Республикасында экономикалык, саясий жана социалдык реформаларды жүргүзүүнүн жылдары болуп, рыноктук механизмдердин негизи түзүлө баштады. Рынок экономикасын калыптандыруу - оор иш, анткени атайын даярдалган адистер болбогондуктан, окуу куралдары жана рынок экономикасы боюнча билим берүүчү окуу жайларыбыз жоктугунан коом даяр эместигин көрсөттү.

Рынок мамилесинин жаңы сөздөрү, категориялык терминдери газета журналдарда, мыйзам актыларында, өкмөттүн токтомдорунда, окуу жайларда, күнүмдүк турмушта кеңири колдонула баштады. Жетекчи же адис болуу менен бирге ишкер, коммерсант, бизнесмен, дилер, брокер, менеджер сыяктуу рынок субъектилери пайда болгондуктан рынок тилинде сүйлөй билүү экономикалык сабаттуулукту камсыз кылмак. Учурдун талабына жооп издөөгө окумуштуулар активдүү катыша башташты. Айрыкча КТУнун, КМУУнун окумуштуулары М.Музурупканов, Б.Кубаев, А.Казакеев, Ш.Мусакожоев ж.б. орус, кыргыз тилиндеги окуу китептерин, сөздүктөрдү жаратышты. Көпчүлүк китептер орус тилинде жазылып, рыноктун тилинде кыргызча китептер чыккан жок. К.Тыныстанов атындагы университеттин окутуучулары ушул проблемага көңүл бөлүп, биринчи жолу 1993-жылы «Рыночная экономика в терминах» (К.С.Жунушева ж.б. авторлоштор) деген терминологиялык сөздүктү чыгарышкан.

Айыл жериндеги маданий кызматкерлер, мугалимдер, бийлик органдары үчүн кыргызча терминдер керек болгондугуна байланыштуу 1996-жылы «Рынок экономикасынын терминдери» (К.С. Жунушева, Ш.Ш. Шакитов) кыргыз тилинде жарык көргөн.

Терминология кызыктуу жана татаал иш. Ар бир предметтин терминдери бар, бирок рынок экономикасынын терминдери коомго жаңы киргиен сөздөрдүн көпчүлүгү түшүнүксүз, жаңы, түпкү теги чет элдики биздин экономикада биринчи колдонулуп жатат. М.: «ноу-хау», «фьючерстик келишим», «хеджировать этүү», «консенсус» ж.у.с. (чечмеленишин китептен караңыз).

Кыска мөөнөттүн ичинде экономиклык түшүнүктөрдөн бөлүнүп, өзүнчө жол издеп кеткен рынок терминдери алгачкы учурдагы ал-ахвалын өзгөрттү, кеңейтти, көбөйдү. Эл дагы рынок тилин үйрөнуп калышты. Рынок экономикасынын багыты менен иштеген окумуштуулар, окутуучулар улам сөздүктүн сапатын жакшыртып келе жатышат. Демек, бул дагы жакшы жагына чечиле баштады. Жогору айтылгандарды эске алып автор тарабынан толукталган, кенейтилген, 900 сөздөн турган «Термины рыночной экономики» китепчеси экинчи жолу 2005-жылы жарык көргөн. Ошол усулдук куралды кыргызча которуу мүмкүнчүлүгү келип чыкканга байланыштуу ушул эмгек даярдалды. Китепти которууда автор кыргыз тилинин грамматикасын, стилистикасын, эстетикасын туура колдонуу жана экономикалык терминдердин сапатын, мазмунун туура сактап калууга аракет жасап, көпчүлүк сөздөрдүн маанисин жөнөкөйлөттү.

Кыргыз тилиндеги экономикалык, рыноктук терминдердин, окуу китептердин чыгышы студенттерге, окутуучуларга, ишкерлерге чоң жардам берүүсү шексиз, анткени тестирлөөдө, аттестация өткөрүүдө колдонмо курал катары керек болот. Автор окурмандардын сын пикирлерин туура кабыл алууга, келечекте иш процессине колдонууга даяр.

## «А»

**А – форте** – регресеттик укуксуз почта аркылуу которулуучу векселдердин эсебин алуу жолу менен эл аралык сооданы финансылоо. Векселди сатып алган адам төлөй албай калуу коркунучун өз мойнуна алат жана векселдин мурдагы ээсине эч кандай доомат коюга акысы жок.

**Абадон** – жүктүн кеменин ээсинин камсыздандырган тараптын пайдасы үчүн милдеттүү түрдө камсыздандырылган сумманы толук төлөп берүү милдетин аткарбай, камсыздандырылган мүлккө болгон өзүнүн укугунан баш тартуусу.

**Абсорбциондук мамиле** – төлөө балансынын айрым маселелерин чечүү максатында улуттук товарлардын, тейлөөлөрдүн сапатын жакшыртып, атаандаштык жөндөмдүүлүгүн арттыруу үчүн колдонулган кейнсиандык жол.

**Абсорбция** – бир өлкөдөн экинчи өлкөгө туруктуу жашоо үчүн келип отурукташкан иммиграниттарды, айрым адамдарды ошол өлкөнүн экономикалык турмушуна камтуу.

**Аваль** – соода операциясын жүргүзүп жаткандагы векселдик буйрук. Ал векселдин баардык суммасына, белгилүү бир бөлүгүнө берилиши мүмкүн, буйрук берүүчүнүн колу векселде гарантияланган кошумча баракта болбосо башка документтер аркылуу чагылдырылат. Буйрук берүүчү, векселге төлөгөн адам, аваль берилген адамдан анын алдында жоопкер адамдан векселдеги сумманы берүүсүн талап кылууга укуктуу.

**Аваль (банктык)** – векселдик буйрук. Анын негизинде аны аткаруучу (авалист) вексель ээсинин алдында вексель боюнча төлөөгө милдеттүү адамдардын (акцептат, вексель берген индосант) милдеттемелердин кайсынысын болбосун аткаруусуна жооп берүүнү өзүнө алат.

**Аванс** – 1) боло турган төлөмдүн эсебинен берилүүчү акчанын суммасы; 2) материалдык, мүлк аткарылган иштер, тейленген кызмат үчүн бериле турган сумманын эсебинен берилүүчү акча.

**Аванс (сатып алуудагы)** – машина, жабдуулар ж.б. контрактка кирген (ал түгүл контракттан кийин кирсе деле) товарларга, тейлөөлөргө импорттоочулар ошол товарлар менен жабдып турган тарапка аткарылган заказдын наркынын 15 пайыздан кем эмес өлчөмдөгү сумманы төлөөдөгү фирмалык кредиттин бир түрү.

**Авансылоо -** өндүрүшкө чыгымдалган акча каражатынын алгачкы пунктка кошумча продуктунун наркы түрүндө кайтып келген экономикалык процесс.

**Авария –** жүк, кеме жабыр тартканда камсыздандырууга каралган чыгым.

**Авиджевит** – кат жазуудагы арыз. Арыз берген адам көрсөтмөлөрүнүн күбөлөнгөндүргөнүнө ант берип, арызын нотариус, өзүнүн жоопкердүү адамы аркылуу күбөлөндүрүп бекемдейт.

**Авизо –** эсеп операциясынын аткарылгандыгы жөнүндө бир контрагент экинчисине жиберген официалдуу кабар. Авизонун жардамы менен банктар өзүнүн кардарларынын эсеп боюнча дебит, кредит

жазуулар, эсептеги калган каражат, которулган акчанын төлөнгөндүгүн, чектин берилгендигин, аккредитивдин ачылгандыгын кабарлайт.

**Ависта (ит. – көрсөткөндө) –** акча эсеп-кысабында, векселди көрсөткөндө андан кийин белгилүү мөөнөт өткөндө төлөнүшүн ырастап кол коюлган документ.

**Автоматтык стабилизаторлор (ылайыкталган)** – улуттук дүң продуктанын деңгээлине карата келип чыккан суроо-талаптын жыйындысына болгон реакцияны жумшартуучу экономикалык механизмдер. Буга негизинен салыктар кирет.

**Автономдук капиталдык салым** – жалпы капиталдык салымдын бир бөлүгү. Аны микроэкономикалык, б.а. бир конкреттүү ишкананын пайдасынын өлчөмү менен эмес, тескерисинче, макроэкономикалык факторлор менен аныктайт. Бул капиталдык салым мамлекеттикке кирет, экономикалык процесстерди стабилдештирүүгө, техника жана технологиялык " колдоого", "кемтикти" толуктоо максатын көздөйт.

**Автономдук тариф** – өлкөнүн өкмөтү тарабынан мыйзам чегинде киргизилген бажыканалык тарифтин бир түрү. Бул макулдашылган тарифтен айырмаланып эң жогорку ставка менен коюлат жана башка өлкөлөр менен сүйлөшпөй жасалат.

**Авторкия (лат. – өзүнө-өзү ыраазы болуу)** – бир же бир нече өлкөнүн өзүлөрүн өзү экономикалык жактан камсыз кылышы. Өлкөнүн экономикасынын башка өлкөлөрдүн экономикасынан обочолонушу.

**Авуарлар (фр. - активдүү мүлк)** – банктын өзүнө тиешелүү колдо турган накталай акчасы (улуттук жана чет өлкөлүк валюта түрүндөгү) , алтыны, векселдери, баалуу кагаздары, башка өлкөлөрдүн банктарында сакталып турган акча ресурстары, казына байлыктары жана активдери.

**Агенство –** басма сөздөр; радио, телевидениеге керектүү кабарлады топтоп, иреттеп, ишканалардын, жеке адамдын ишин информация менен камсыз кылып, алардын белгилүү бир иштерин аткаруучу уюм.

**Агент –** продукция өндүрүүчү менен керектөөчүнүн ортосундагы соода жүргүзүүдөгү арачы, товар сатып алуучу фирманын өкүлү. А. товардын ээси эмес, товарды жеткирүүнүн шартын, анын баасын өндүргөн жак коет. А. негизги милдети – продукцияны керектөөчүлөрдүн өтө кардарларын табуу.

**Агенттик келишим** – агент менен принципиалдын ортосундагы келишим. Анда принципиалдын атынан агент аткарууга милдеттүү болгон буйруктун чеги, түрлөрү көрсөтүлөт. А.к. төмөнкүлөрдү белгилешет: товарды, тейлөөнү сатуучу, сатып алуучу территорияны, санын, лимиттин, агенттин ала турган сыйлыгын, келишимди токтотуунун шарттарын, принципиалдын алдында агенттин отчет берүүчү мөөнөтүн.

**Агенттик операциялар** – агент өкүлү болгон клиенттин буйругу боюнча товар же тейлөөнү сатуу, сатып алуудагы агенттин аткарган тейлөөсү, б.а. бул ишти аткаруудагы агенттин иш аракети.

**Агрериро** – айрым жеке көрсөткүчтөрдү бүтүнгө бириктирүү. Мисалы: айрым ар түрдүү товарлардын баасын (баанын динамикасын) баанын жалпы деңгээлине келтирүү (баанын индексине).

**Агресивдүү портфель** – курсу ыкчам жогорулоосу күтүлүп жаткан юридикалык, жеке тараптар сатып ала турган баалуу кагаздардын портфели (жыйылганы, топтолгону) . Башкача мааниде чечмелесек – коргоо портфели.

**Агылып жүрүүчү капитал** - өтө ыңгайлуу жайгашуу максатында капиталдын бир рыноктон экинчи рынокко орун которушу.

**Адам капиталынын абсалюттук өлчөмү (түзүү фонду)** – адамды капитал катары акчанын өлчөмү менен көрсөтүү.

**Адаптация** – жаңы өзгөргөн шарттарга, ишкердүүлүктүн максаттарына ылайыкташтыруу үчүн фирма (уюм) жүзөгө ашырган маркетингдин планындагы өзгөрүүлөр.

**Адвалордук пошлиналар** - товардын бажыканалык наркынын негизинде пайыз түрүндө алынуучу бажыканалык пошлинанын бир түрү.

**Аддендум** – чартердик, фракттык келишимдин ар тарабын өзгөртүүгө, толуктоого тиешелүү болгон кошумча келишим..

**Административдик командалык система** – өлкөнүн экономикасын башкаруунун бир системасы. Мында бийлик борбордук бюрократтык аппараттын колунда болуп, бөлүштүрүү командалык усул менен жүргүзүлөт. Бул система үчүн борбордук директивдүү пландаштыруу мүнөздүү, ишканалар жогору жактан берилген буйрукту аткарышат, тоталитардык режим менен иштеп, башкаруунун демократиялык принциптерине туура келбейт, эркин рынок, атаандаштыкка, ишкердүүлүккө тоскоолдук кылат.

**Адресант** – жөнөтүүчү, почта  телеграф аркылуу жөнөтүүчү адам.

**Адресат –** алуучу, почта, телеграф жибергенди алуучу адам.

**Адресттик маклер** – бир фирманын адресттик иретин экинчи фирмага берип туруучу орточу адам.

**Ажиотаж** – баалуу кагаздарга, товарларга бааларды жасалма түрдө көтөрүүдөн турган биржадагы, рыноктогу алып-сатардык операциялар.

**Ажур (фр. - ушул күнгө чейин)** – чарбалык операциялар бүтөөр замат баардык счеттук эсептөөлөр жазылып турганын көрсөткөн бухгалтердик эсептин ал-ахвалы, кененирээк түшүндүргөндө, эсеп – кысап иштеринин өз учурунда аткарылгандыгын көрсөткөн бухгалтердик эсеп.

**Айлантма каражаттын балансы** – белгилүү мезгилдин ичинде фирманын каражаттарынын жүгүртүлүшүнүн мүнөзүн көрсөткөн фирманын кириш жана чыккан каражаттарынын документи. Түшкөн каражаттар кирешенин эсебинен пайда болот, амортизацияга чыгарылгандардан, кредиттик, банктык карыздардын өзгөрүшүнөн, материалдык - өндүрүштүк запастардын көлөмүнүн өсүшүнөн ж.б. кириштерден турат. Пайдаланылган каражаттарда дивиденддерди төлөө, дебитордук карыздардагы өзгөрүүлөр ж.у.с. чыгымдар эске алынат.

**Айлануучу капитал** - өзүнүн наркын жаңы өндүрүлгөн продукцияга толук өткөрүп, капиталдын ар бир тегеренишинде ээсине акча формасында кайтарылып келип турган өндүргүч капиталдын бир бөлүгү (чийки материалдарга, жумушчуну жалдаганга кеткен чыгымдар) .

**Айлануучу каражаттар** – айлануучу жана алмашылуучу фондулардын накта акчалай эсептелиниши. Бир бөлүгү өндүрүштө, экинчи бөлүгү алмашуу чөйрөсүндө колдонулат. Ишкананын өзү үчүн фонду, карызга алынганы (кредиттер) , өлчөнгөн, өлчөнбөгөн болуп бөлүнөт.

**Аквизация –** 1) камсыздандыруучу жана транспорттук компаниялардын аквизатор аркылуу, түзүлгөн жаңы клиенттердин тобу. 2) ишкананы ээлеп алгандыгын тастыктоо иретинде бир адамдын, бир топтун, ишкананын баардык акцияларын сатып алып ээлик кылып калышы.

**Аквизатор (лат. - ээлөөчү)** – 1) камсыздоо келишимдерин макулдашуу жана жаңылап түзүүнү ишке ашыруучу камсыздоо компаниясынын кызматкери, б.а. камсыздоо агенти; 2) жаңы жүк жөнөтүүчүлөрдү таап алар менен иш алып баруучу транспорттук контoранын агенти.

**Аккомодатциондук саясат** (**лат. - бир нерсеге ылйыкташуу)** – экономикадагы “эстен тануунун” натыйжаларын жумшартууга, алардын кыйраткыч күчтөрүн басаңдатууга багытталган экономикалык саясат.

**Аккорд** – келишим шартарынын акыркы жыйынтыктоочу бүтүмү (аккордук төлөө, аккордук жумуш.)

**Аккордук төлөө** (**лат. – макулдашуу, шарт)** – өндүрүп чыгарган продукцианын санына, сапатына жараша төлөнүүчү кызмат акынын бир формасы, б.а. айрым бир өзгөчө ишти аткаргандагы үчүн келишим негизинде төлөө. Аккордук төлөө көбүнчө айыл чарбада, курулушта колдонулат.

**Аккредитив (лат – ишендирүүчү)** – бирөөнүн атына жазылган баалуу кагаз, бир кредиттик уюмдун (банктын) экинчисине кимдир бирөөлөр белгилүү сумманы төлөп бериши үчүн берилген буйрук. Мисалы: жергиликтүү банктын кардары бир жакка жөнөп жатканда кайсы шаардын банкынан болбосун акча алгыдай болуп аккредитив алат. Акча аккредитиви өлчөлүү болот. Экинчи бир учурда аккредитив акчасыз эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө колдонулат. Төлөм алуучу тараптын башка, төлөөчү тараптын банкынын буйругу менен аккредитив аркылуу төлөөчүдөн алынуучу сумманы көрсөтүлгөн сумманын наркы менен алат.

**Акт (инкорпорация актсы)** – өкмөттүк органдардын, ведомстволордун каттоого алуу жана пошлина төлөө үчүн талапка ылайык тиешелүү документтердин негизинде корпорация түзүүгө берген уруксаты.

**Актив** - 1) белгилүү бир ишканага, мекемеге тийиштүү баардык материалдык мүлктү, акча каражаттарын, карыздарын чагылдырган бухалтердик баланстын бир бөлүгү; 2) өлкөнүн чет мамлекеттердеги, мисалы , товарларды ташып чыгаруунун натыйжасында, чет өлкөдөгү чыгымдарынан ашкан акчалай кирешеси; 3) жеке, юридикалык тараптарга тиешелүү мүлктөргө болгон укуктардын жыйындысы. Актив баардык учурда акчанын наркы менен эсептелет, ал жеке адамдын, фирманын менчигинде болот.

**Активдүү инвестор** – чоң өлчөмдөгү каражатты белгилүү титулдуу менчиктерге салым кылып коюп, анын аркасы менен чечим кабыл алууга

катышып, керек болсо чечимдерди аныктаганга мүмкүнчүлүк алган адам, б.а инвестор.

**Активдүү соода балансынын сальдосу** – өлкөгө ташылып келген товардын көп болушун көрсөткөн соода балансы.

**Актуалдаштыруу** – экономикалык көрсөткүчтөрдүн учурда, келечекте боло турган абалын аныктоого колдонулуучу эсептөөнүн экономикалык усулу. Бул усул көбүнчө инвестиция керек экендигин тастыктаган чечимдерди алууда колдонулат, анткени учурда керектүү өлчөмдөгү капиталык салымды аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлөт, ошондой эле чыгымдарды дисконттоо, андан натыйжа алууга болгон варианттарды иштеткенге шарт түзүлөт.

**Актурий (лат. - ылдам жазуучу, эсептөөчү)** – камсыздоо компаниясынын кызматкери, ал статистикалык, математикалык усулдарды колдонуп камсыдандыруунун тобокелдигин, сыйлыктарын эсептеп баасын чыгарат.

**Акцепт** – өлкөнүн ичинде, дүйнөлүк деңгээлде товар жүгүртүүдө товар, акча документтери аркылуу төлөөнү макулдашылгандыгын күбөлөндүрүүчү форма. Акцепт – акчасыз эсептешүүнүн бир түрү, ал эки түрдө болот: а) товардык экспорттоо-импорттоого алдын-ала колдонулуучусу: б) акцептен баш тарткандан кийин колдонулуучусу.

**Акцепт үйү** – тышкы соодага кредит берүүгө адистештирилген банктык мекеме. Негизги операциялары: депозиттик-ссудалык, коммерциялык, векселдерди акцептөө, экспорттоочулардын траттын ишке ашыруу, кеңеш берүү, реструктураланган компаниялярга (кошулса, жок болуп жатса) орточулук кылуу. Акцепт үйү акционердик, жеке компаниянын укугу менен жашайт.

**Акцептант** – вексель, башкача айтканда көрсөткөн эсеп боюнча төлөө милдетин өзүнө алган адам.

**Акцептик кредит** – кардарлар тарабынан коюлган которулуучу векселди банк акцептей тургандыгын билдирген банктын гарантиялуу милдеттемесинин формасы (вексель боюнча төлөмдү жүргүзүүгө милдеттенет). Акцептелген векселди клиент акыры чарбалык партнерлору менен эсептешүү каражаты катарында колдоно алат. Акценттик кредит шарты: клиент банкка вексель төлөө мөөнөтү бүткөнгө чейин каражаттарды сунуш кылышы керек.

**Акцептсиз төлөө** – банк тарабынан төлөмөрлөрдүн эсептешүүчү доукменттерине төлөөлөрдү алардын макулдугусуз (акцептсиз) жүргүзүшү. Керектүү каражаттардын талашсыз эле мыйзамда каралгандай алып коюууга мүмкүндүк берет.

**Акцессиондук келишим** – негизги келишимге (милдеттемеге) жалгануучу кошумча келишим, милдеттеме.

**Акциз** – мамлекеттик кыйыр салыктын бир түрү, көбүнчө массалык керектөөчү буюмдарга (кездеме, чай, кант, ширенке ж.у.с.) коммуналдык,

транспорттук, кызмат көрсөтүүнүн айрым түрлөрүнө салынат. Акциз товарлардын баасына, кызмат көрсөтүүнүн тарифине кошулуп, бааны көтөрүп, керектөөчүлөргө, б.а. эл массасына жүктөлөт.

**Акциз салыгы** – кеңири керектелүүчү товарлардын, тейлөөлөрдүн баасына кошулган, мамлекет элден алуучу кыйыр салыктын бир элементи. Буга бажыкана салыгы да кирет. Акциз салыгынан айырмаланган тике салык бар, ал ар бир ишке жөндөмдүү адамдардын кирешесине жараша салынат, мураска калган мүлктөн алынат. Тике салык мамлекетке атайын мыйзам аркылуу төлөнүп жаткандыктан аны тейлөөчүлөр тарабынан бирөөлөргө түртө салып кутулуп кетүүгө жол бербейт. Ал эми кыйыр салык эл керектөөчү товарларга салынып, жалпы элден өндүрүлөт. Акциз салыгы төмөндөгүдөй жүргүзүлөт: а) акциздер – керектелүүчү товарлардын баасына кошулуучу салык; б) фиксалдык монополиялык – акциз салыгынын өзгөчө формасы, товар өндүрүүдө, айрым товарларды сатууда мамлекеттик үстөмдүк жарыяланып, жогорку баалары коюлуп, керектөөчүлөрдөн алынуучу салык; в) бажыкана салыгы - -чет өлкөгө алып чыгып, ал жактан алып келе жаткан товарларга салынат: г) менчиктен алынуучу салык – кыймылда болуучу жана кыймылсыз турган менчикке салынат: д) жерди асылдандырууга каражат жумшаганга салынат: ж) кыймылсыз турган каражаттардан алынуучу салык – семиз жердегиден да, арык жердегиден да алынат; з) жер үчүн алынуучу салык – чарбалык курулуштардын наркын баалап чыгарып салгандан кийин калган жерден алынат; Калктын көбөйүшү, цивилизациянын өнүгүшү жердин наркынын (баасынын) жогорулашына алып келет. Бул объективдүү процесс жердин ээсине каалоосуна, кошумча каражат жумшаганга, же жумшабаганга көз каранды болбойт. Ошондуктан жердин сапатына карабастан салыктын көбөйүшү мыйзам ченемдүү көрүнүш.

**Акционер** – (фр.- акциялардын ээси) – ишкананын ортоктошу, анын мүлкүнүн бир бөлүгүнүн ээси, кирешенин бир бөлүгүн дивиденд катары алууга, шайлоого жана шайланууга, добушка укугу бар адам. Акционер ишкананын жылдык, чукул чакырылган чогулуштарында добуш берүү менен бирге акционердик коомдун ишине көзөмөлдүк кылып, жетекчилерди шайлоого, башка компаниялар менен кошулуу маселелерин чечип, бизнести жоюуу, сатууну талкуулоого катышып, Уставка кошумча жана өзгөртүү киргизе алат. Акция канчалык көп санда болсо, анын ээсине добуш ошончолук көп болот. Акционер коом жоюла турган учурда анын мүлкүнүн бир бөлүгүн (акциясынын наркынын бир бөлүгүндө) алууга укутуу. Акционер акциялардын наркына берилген капиталда өз үлүшүнун өлчөмүндө коомдун милдеттенмеси боюнча жооп берет.

**Акционердик ишкана** – (коллективдик менчикке негизделген) - акциянын ээлери, мамлекеттик мүлктү башкаруучу органдар, коомдук уюмдар, ишканалар, бирикмелер, ишкана жумушчулары ж. б. атуулдар

болот. Акционердик ишкана эмгек коллективинин акциясын чыгарса, ушул эле коллективге таркатылса жана аны ишкана акциясы деп аташат.

**Акционердик коом** – акция чыгарып, аны сатып, капитал топтоо жолу менен уюшулган мамлекеттик органдар, уюмдар, өндүрүштүк ишкана бирикмелердин формасы. Уюштуруу жана иш жүргүзүү боюнча атайын Уставы бар. Акционердик коом убактылуу пайдаланбай турган башы бош акчаларды товар өндүрүү, тейлөө көрсөтүү максатында топтойт.

**Акция** – ээсин (акционерди) белгилүү суммадагы акчаны акционердик ишканага (коомго) кошкондугун, анын пайдасына үлүштөш экендигин күбөлөндүрүүчү баалуу кагаз. Акция ээси кошкон өлчөмүнө жараша өндүрүш пайдасынын тийиштүү бөлүгүн (дивиденд) алат. Акция акционердик коом аркылуу чыгарылат, баалуу кагаздар рыногунда – фонд биржаларында, андан тышкары соода уюмдары аркылуу да сатылат. Акция номиналдык нарк жана рыноктук баага ээ. Рыноктук курсу (баасы) түздөн-түз коомдук пайданын көлөмүнө, дивиденге, ссуда пайызына көз каранды. Чет өлкөлөрдө акция көп түрдүү. Мисалы, энчилүү түрү (ири купюрада, өкүлдүк түрү, майда купюрада), кадимки, жөнөкөй, артыкчылык, бир добуштуу, көп добуштуу, добушсуз ж.б. Бизде туруктуу, алдын-ала эсептелген пайызда киреше берүүчү артыкчылык түрү, кадимки жөнөкөй түрү чыгат.

**Акция индекси** – акционердик компаниялардын акцияларынын орточо курсу. Акция индекси биржанын экономикасынын ал-ахывалын аныктоодо, акциянын камсыздандырууда колдонулат. Айрым компаниянын индекстери бүткүл дүйнөгө белгилүү.

**Акциялардын контролдук пакети** – ээсине компанияга контролдук кылууга укук берген акциянын саны. Илимий алганда ал акциянын 51 пайызына барабар болушу керек, бирок алар көптөгөн акционерлердин колуна өтүп кеткендиктен иш жүзүндө ага жетпей калат.

**Акцияны котировкалоо** – фонд биржасындагы акциялардын рыноктук баасы. Ал сунуш жана талаптардын дал келүүлөрү менен аныкталат, башка факторлордон эң биринчи дивиденддин өлчөмү, фирманын кадыр-баркынын туруктуулугу жана тиешелүү товардык рыноктогу конъюнктуралардын таасир этиши.

**Акцияны көрсөтүүчү** – акционердик коомдун каттоо китепчесинде акцияны алып жүрүүчүнүн аты-жөнү жазылбайт.

**Акциянын артыкчылык түрү** – добуш укугун бербей, бирок анын ээси коом тарабынан алдын-ала гарантияланган туруктуу дивиденге ээ болууга, коом жоюлган учурда анын калган мүлкүн бөлүштүрүүгө укук берген түрү, болгону акционердик коомдун уставдык фондусунун 10 пайыздан ашпаган суммасында чыгарылышы мүмкүн.

**Акциянын винкулирленген түрү** – энчилүү акциянын түрү. Бул акцияны чыгарган коомдук уруксаты менен үчүнчү тарапка берилет, максаты; акционердин ким экендигин билүү, керек болгондо акционердин катарынан белгилүү бир категориядагы адамдарды чыгарып салууну көздөйт.

**Акциянын кадимки түрү** – дивиденд (киреше) алдын-ала белгиленбеген, гарантияланбаган акция. Акционерлердин жылдык чогулушунда чарбанын ишини натыйжасына карата (дивиденд) киреше аныкталат. Акция наркы 100 сомдон кем болбойт, анын ээси акционердик коомду башкаруу ишинде бир эле добушка ээ.

**Акциянын плюралдык түрү** – акционердин жалпы чогулушуна ээсине көп добуш алуу укугун берген акция.

**Акциянын энчилүү түрү** – акциянын кагазында анын алып жүрүүчүнүн аты-жөнү жазылат. Мындай акциялар акционердик коомдун каттоо китепчесинде болот, алардын кыймыл аракети көзөмөлдөнөт.

**Акча бирдиги** – баардык товарлардын баасын көрсөтүү, өлчөө үчүн кызмат кылуучу, мыйзамдуу кабыл алынган акча бирдиги. Акча бирдигин сом түзөт (1 сом 100 тыйын түзөт).

**Акча массасы** – жүгүртүү үчүн чыгарылган кагаз акчанын (казыналык, банктык билеттердин) металл тыйындардын жалпы көлөмү жүгүртүүдөн бөлүнүп коюлат. Акча каражатынын жалпы көлөмүндө жүргүртүүдөгү накта акчадан тышкары банктын учурдагы эсебиндеги акча каражаттары кирет.

**Акча салуу** – акчанын ээси үчүнчү тараптын банкка белгилүү мөөнөткө сактоого берген накталай, накталай эмес, улуттук, чет элдик валюта түрүндөгү акчасы. Ал үчкө бөлүнөт: учурдук, сакталуучу жана шашылыш болуп.

**Акча системасы** – өлкөдө акча жүгүртүүнүн уюштуруунун тарыхый калыптанган, мыйзам аркылуу бекитилген формасы. Акча системасына төмөнкүлөр кирет: акча бирдиги, баанын масштабы, мыйзамдуу төлөө каражатынын күчү бар акчанын түрлөрү, акча эмиссиясынын ирети жана анын жүгүртүлүшү д.у.с.

**Акча эмиссиясы** – жүгүртүүгө чыгарылган акча. Банк мыйзамынын негизинде банкка жүгүртүүгө керектелүүчү белгилүү сандагы акчаны чыгарууга атайын Указ берилет. Банктын сейфинен чыгып, эркин жүрүүчү акча эмиссия деп аталат.

**Акчадан качуу** – наркы төмөндөп бара жаткандыктан акча ээлеринин болгон акчасына реалдуу кыймылдуу жана кыймылсыз байлык мүлктөрдү тезирээк сатып алууга кылган аракеттери. А.к. эң жогорку инфляцияны камсыз кылат. Ал товарларды алып сатарлык кылууга, соодагердин пайдасын арттырууга көмөк көрсөтуп, калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн деформациялайт, б.а. товарлар керектөө үчүн сатылып алынбастан, наркы кеткен акчанын топтолушунан батыраак кутулуунун жолун көздөөгө алып келет, себеби акча бирдигинин айлануу ылдамдыгы өскөндүктөн, ашыкча кагаз – акча массасы түзүлөт.

**Акчанын нулификацияланышы** – акчанын жок кылынышы, б.а. мамлекет тарабынан акчаны жокко чыгаруу, жаңыга айырбаштоо.

**Акчасыз эсептешүү** – төлөмдөрдү эсептешүү счетунан белгилүү сумманы төлөтүп алуучулардын эсептешүү счетуна которуу, б.а. акчаны катыштырбай эле эки жактын талаптарын өз ара эсептештирүү.

**Алакан күйгөн акча, кыска мөөнөтүү акча** – валюта курстарынын, эки өлкөдөгү карыздарынын өзгөрүшүнөн пайда алуу максатында бир өлкөдөн экинчи өлкөгө тез которулуучу спекуляциялык арбитраждык операциялардын натыйжасында алынуучу кыска мөөнөтүү каражаттар.

**Аледи** – келишимге колдонулуучу; чексиз, убактысы көрсөтүлгөн иш аракеттер.

**Аллонж** – векселге кошумча тиркелген барак, анда буйрук берилген гарантияланган жазуу бар, ал аваль.

**Алтын** – девиздүү стандарт, б.а. эл аралык эсептешүүдө негизги курал катары алтындын орун басарлары (девиздер) колдонулат. Бул үчүн улуттук, коллективдүү валюталар жарайт. 1971-жылга чейин борбордук банктарда өз – ара эсептешүүлөрүнөн чектелген өлчөмдө жалгыз эле доллар алтынга айырбашталып келген.

**Алтын паритет** – мыйзам аркылуу кабыл алынган өлкөнүн акча бирдигиндеги таза алтындын өлчөмү, салмагы.

**Алтынга чөмүлүү** – резервдеги (запастагы) алтындын алмашуу функциясында жүргөн акчанын санына болгон катышы. Дүйнөлүк атайын алтын сатуучу банктар тынымсыз иштеп жаткандыктан алтындын запасы ар түрдүү себептердин негизинде көбөйүп же азайып турат.

**Амбаллож** – товар таңгактоого кеткен чыгымдар, таңгактоочу материалдар.

**Аминация** – 1) мүлктү ээсинен ажыратуу. 2) акциялардын, капиталдын, баалуу нерселердин ээлерин алмаштыруу операциялары б.а. бирөөгө тиешелүүнү экинчи бирөөнүн менчигине өткөрүү.

**Андеррайтер** -1) баалуу кагаздар менен операция жүргүзүүчү маклер 2) жеке, юридикалык тараптар банктарга, баалуу кагаздар рыногундагыларга сүйлөшүлгөн шарт боюнча белгиленген суммадагы сыйлык алып (акцияга же башка баалуу кагаздары) жайгаштырууга эмитентке гарантия берүүлөрү; 3) камсыздандырууда камсыздандыруу контрактарын түзгөн, камсыздандыруу милдеттемелеринин портфелин уюштурууга жоопкер юридикалык тарап камсыздандыруу полисине жазылууну уюштурат, андан келип чыгуучу ар түрдүү кокустуктарды өз мойнуна алат.

**Андрмайтерлөө** – товарларды өндүрүүгө сунуш кылуу.

**Анимация** – акча алгандыгы ырасталуучу кагаздын көчүрмөсү.

**Аннуитет** – белгилүү бир убакытка же өмүрү өткөнчө мөөнөт менен камсыздандыруу компаниясына капиталдык салым жасаган адамдын ар жыл сайын алып туруучу рентасы, жылына алынуучу кирешеси.

**Анонс** – боло турган аукцион, театр оюндары, концерттер, көргөзмө, сатуулар боюнча өкүлчүлүктүү кыскача билдирүүлөр.

**Анотомистикалык рынок** – биринен бирине артыкчылыгы жок баардыгы бир деңгээлдеги көп сандагы алуучулар менен сатуучулардын өкүлдөрүнөн турган рынок. Бул суроо-талап, сунуштун өйдө-ылдый болушуна алып келүүчү азыркы атаандаштыктын бирден бир шарты.

**Антидаталоо** – документти (векселди) өткөн арткы күн менен толтуруу.

**Антидемпингдик пошлина** – өлкөнүн ички рыногун тыштан демпингдик баа менен алып келген товар алып келүүдөн коргогон бажыканалык пошлинанын бир түрү. Ал келишилген баа менен сатылуучу импорттук товарлардан, экспорту субсидиаланган мамлекеттен алынып келген товарлардан алынат. Колдонуу зарылдыгы качан демпингдик өлкөнүн улуттук өнөр жайына материалдык зыян кетирилгенде келип чыгат. Пошлинанын өлчөмүн белгилөө методикасы тарифтик, соода боюнча түзүлгүн генералдык макулдашууда колдонулат (ГАТТ).

**Антиинфляциялык багытоо** – бааны, кирешелерди багытоодо, бюджеттик тарапты кыскартуу жолу менен инфляцияга каршы саясаттын негизги усулу.

**Антимонополдук чаралар** – башкаруунун үстөмдүк структурасын жоюуу, анын кайра жаралышына жол бербөө, товардык рынокто үстөмдүк кылууну, татыксыз атаандашуучулукту чектөө, алдын ала эскертүү үчүн мамлекеттин атынан колдонулуучу актылар. Чарбанын ишин жүргүзүүдө мамлекеттик бийлик, башкаруу органдары атаандаштыкты жокко чыгарып, такыр эле болтурбай коюга жасаган иш аракеттери үстөмдүк кылган болуп эсептелет. Товардык рыноктун 50-70 пайызын чарбалардын продукциясы түзсө, бул да үстөмдүк. Үстөмдүктү чектөө максатында биздин республикада Антимонополдук чаралар Комитети түзүлгөн.

**Апсио (лат.)** – 1) кагаз акчалардагы алтындын номиналдык өлчөмүнө салыштырмалуу кагаз акчалардагы алтындын рыноктун “баасынын” жогору болушу;

**Аралаш менчик** – ар түрдүү формадагы менчиктин биригип кетишинен келип чыгат. Буга дыйкандардын өндүрүш каражаттарын, корпоративдин, чарбалык бирикмелердин ж.б. уюмдардын менчиктери кирет. Негизинен аралаш менчик өндүрүш каражаттары ага катышуучулардын акчаларынын, мүлккө төлөнүүчү акынын эсебинен түзүлөт.

**Арбитр** – ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин ортосундагы мүлк боюнча талаш тартыштарды териштирген кызматтагы адам (орточу, третейлик арбитраждык судья).

**Арбитраж** – мыйзам аркылуу белгиленген, эки тараптын макулдашуусу аркылуу дайындалган (третейлик судя) арбитрларга кайрылуу жолу менен талаш-тартыш маселелерди чечүүнүн жолу.

**Арбитраж (**эл аралык) – арбитрдик тараптардын өз ара макулдашуулары аркылуу эл аралык талаш-тартыштарды чечүүнүн бир жолу. Эл аралык арбитражга кайрылуу ар кимдин өз эрки, анткени арбитраждын иш-аракетинин шарты талаш-тартыштагы тараптардын ыгына жараша болот, талаш-тартыштыка калгандар өзүнө ыңгайлуу шартты өзүлөрү макулдашышат, анткени алардын туура чечими эки тарапка тең керек**.**

**Арбитраждык сын** – дайыма үзгүлтүксүз иш жүргүзүп туруучу официалдуу (третейлик) сын. Ал ишканалар, уюмдар, фирмалардын ортосундагы чарбалык иштер боюнча талаш – тартыштык мамлелерди териштирет, арбитраждык сын чечимин чыгарат. Арбитраждык сын негизинен келишимдик мамилелер.

**Аренда** – кандайдыр бир мүлктүн ээси – жерди, ишканаларды, курулуштарды, турак жайларды ж.б. мүлктү пайдалануу үчүн белгилүү шарттардын негизинде экинчи бир жакка келишим боюнча бериши аренда, б.а. убактылуу пайдалануу болуп эсептелет. Көрсөтүлгөн мүлктөрдү убактылуу пайдаланылгандыгы үчүн акы алынат, ал убактылуу пайдалануудан түшкөн же аренда акысы деп аталат. Аренданын үч түрү бар: 1) малекеттик, кооперативдик же башка коомдук ишкананын (уюмдун) бүтүндөй мүлкүн эмгек жамааты арендалайт; 2) эмгек жамааты, анын бир кызматчысы цехтердин, бөлүмдөрдүн, участкалардын, башка ишканалар менен уюмдардын мүлкүн арендалайт (арендалык подряд); 3) үй-бүлө, айрым атуул жерди, башка мүлктү арендалайт (үй-бүлөлүк жекече аренда).

**Аренда акысы** – мүлктү пайдалангандагы үчүн аренда берген тарапка алдын – ала келишиминде көрсөтүлгөн сумманы (акчалай, натура түрүндө) аренда алгандардын төлөп бериши.

**Аренда алуучу** - кандайдыр бир мүлктү арендага ишкана, уюм, жеке адамдын алышы. Келечекте алар арендага алган нерсени сатып алса болот. Анын мыйзамдык жол-жобосу, шарты аренда келишиминин негизинде аныкталат.

**Аренда берүүчү** – мүлктүн, өндүрүш каражаттарынын ээси, ишкана. Эгерде мамлекеттик менчикте болсо анын атынан ээлик кылуучу орган (жогору турган уюм).

**Арендалык ишкана** – жалдануучулар ишкананын ээсине өндүрүш каражаттарын кайтарып берүү милдети менен кыска мөөнөткө келишимдин негизинде менчиктеп алышып, өндүрүп чыгарган продукцияга, кирешеге, өзүлөрүнүн эсебинен сатып алынган өндүрүш каражаттарына өзүлөрү ээлик кылышы.

**Арендалык ишкананын уставы** – арендалык ишкананын башкаруу керек экендигине ылайыкталган шарттардын, эрежелердин жыйнагы. Ал аркылуу бүт чарбалык иштер жөнгө салынып турат. Арендалык ишкананын уставы ишкананын негизги максаты, милдеттери, ишинин багыты, анын өндүрүштүк структурасын көрсөтөт. Бул документте коллективдүү менчик түзүүнүн механизмдери, принциптери, киреше алуу, бөлүштүрүү жолдору, кызмат акы, социалдык өнүгүү, арендалык ишкана катары өндүрүштү токтотуунун шарттары көрсөтүлөт.

**Арендалык подряд** – ар кандай даражадагы эмгекчилердин тобунун, бөлүмчөлөрдүн кызматкерлеринин, жамааттардын, иштеген ар бир адамдын эмгек акысын уюштуруу, тейлөө формасы. Арендадан айырмаланып, А.п. арендаторлорго белгилүү максатка ылайык өндүрүш

каражаттарды өзүлөрү билгендей колдонууга укук берет. Аренда берүүчү тарапка мамлекеттик уюмдар, ишканалар, мекемелер, атуулдар кирет. Жамааттар, тайпанын мүчөлөрү, ишкананын администрациясы менен арендалык подряд боюнча түзүлгөн келишимдин негизинде иштегендиктен, өндүрүлгөн продукциянын, кызмат көрсөтүүнүн белгилүү бөлүгүн ишканага калтырып, ашыгын каалаган регионго өздөрү койгон баада сатышат.

**«Арзан акча» саясаты** – 1) банкттар, өкмөт жүргүзүүчү саясат, ал банкттык кредиттерди кредиттин ставкасын төмөндөтүү аркылуу кеңейтүүгө багытталган; 2) акчанын, векселдин, баалуу кагаздарды көрсөтүлгөн номиналга тиешелүү алтындын баасынын номиналдан жогору болушу.

**Артыкча лицензия** – лицензиенттин моноподук укугун камсыз кылган лицензия. Ал адам ойлоп табууларды, технологияны каалагандай колдонот, патенттелген жаңы ачылыштан колдонуудан баш тартып, сүйлөшүлгөн территорияда, сүйлөшүлгөн баага, сүйлөшүлгөн убакытта сатып жибере алат.

**Ассекурация** - товарларды, мүлктү камсыздандыруу.

**Ассигновка** – жетекчиге, ишканага конкретүү максатка колдонууга бөлүнгөн белгилүүummаны, алардын атына ачылган кредитти сарптоого уруксат берилген буйрук, документ.

**Ассортимент** – продукциянын түрлөрүнүн, типтеринин, сортторунун, өлчөмүнүн, маркасынын, артиклдеринин, өлчөмүнүн составы.

**Ассоциация** – ишканалардын, уюмдардын өз ыктыярлары менен биригиши. Ассоциация өз мүчөлөрүнүн үстүнөн жогору туруучу орган эмес.

**Атаандаш** - принцибинде иштин, экономика, саясат, искусствонун баардык чөйрөсүндө колдонула турган жалпы түшүнүк. Иштин кандайдыр бир тармагында бир эле убкытта бирдей максатка жетүүгө таламдаш айрым адамдар, адамдардын тобу, фирмалар, ишканалар тең тайлаш болуп чыгышат. Конкурент деген түшүнүк чарбалык иштин чөйрөсүндөгү атаандаштыкты сүрөтөө үчүн көбүрөөк пайдаланылат.

**Атаандаштык** – продукция өндүрүүнүн жана сатып өткөрүүнүн экономикалык жактан өтө пайдалуу шарттары үчүн товар чыгаруучулардын ортосундагы эркин таймашуусу. Атаандаштык рыноктук экономиканын пропорциясын калыптандыруучу негизи механизм болуп анын баага түздөн – түз тиешеси жок түрү кеңири колдонулат (техникалык артыкчылык, товардын мыкты сапаты, сатуунун усулдары сыяктуу ж.б.).

**Аткаруу резюмеси** – бизнес планды кыскача 2-3 барак көлөмүндө түшүндүрүү.

**Атомистикалык рынок** – бири биринен артыкчылыгы жок, баардыгы бирдей деңгээлде көп сандагы сатып алуучулар менен сатуучулардан турган рынок. Анын негизинде суроо – талап жана сунуштун өйдө – ылдый болушуна алып келүүчү азыркы атаандаштыктын бир түрү.

**Атуулдардын мүлктөрдү арендалышы** – аренда мамилесинин бир түрү. Бул жекече жана тайпалык болушу мүмкүн, б.а. чарба жүргүзүүгө керек болуучу өндүрүш каражаттары ж.б. мүлк – байлыктар бир атуул же атуулдардын тайпасы тарабынан убактылуу пайдаланууга алынат. Жалдануучулар эки учурда тең эле өндүрүлгөн продукцияны, аткарылып жаткан иштердин көлөмүн жана тейлөөлөрдү өзүлөрү аныкташып, бөлүштүрүшөт.

**Аудиолог** – көргөн нерселер боюнча түзүлгөн күндөлүк. Ага катышкандар көрсөтүлгөн программалар боюнча керектүү жерлерин алып маалымат жасашат.

**Аудит** – эсеп – кысаптык отчетторго карабастан, кардарлардын калоосу боюнча ишкананын ишине финансылык текшерүүнүн өзгөчө формасы.

**Аудитор** – акционердик компаниялардын финансы чарбалык иш аракетинин абалын текшерүүчү, тиешлүү компаниялардын ишине байкоо жүргүзүү үчүн мамлекеттик органдардан атайын уруксаты (полномочиеси) бар адам. Аудитор кызматына жалаң эле текшерүү эмес кеңеш берүү (консультация) дагы кирет.

**Аудитордук кызмат көрсөтүү** – контракттын негизинде аудитордук тейлөөнү ишке ашыруучу форма.

**Аудитория** – керектөөчүлөрдүн контингенгине эсептелген конкреттүү журналдар, газеталар, радио жана телеберүүлөр, жарнактык кулактандыруулар ж.у.с.

**Аукцион** (лат. – жарыя, соода) – белгилүү сандагы товарларды, мүлктөрдү алдын – ала белгиленген жерге, белгиленген убакытта көргөзмөгө коюп, ачык соода жолу менен жарыялап сатуу, б. а. өндүрүлгөн продукцияны эркин рынокто сатууга өтүүчү форма. Аукцион сатып алуучулардын тең тайлашуусунан келип чыккан эркин баа. Аукционго товар белгилүү номенклатурада коюлат. *Аукциондун максаты* – калкка тартыш продукцияны сатуу менен инфляциянын деңгээлин басаңдатуу. Аукцион ишканаларга, сатып алуучуларга акча каражаттарынын ашыгына экологиялык пайдалуу материалдарды, ресурстарды (байлыкты) сатып алууга мүмкүндүк берет. Аукциондо сатылуучу товарга эң жогорку баа төлөнөт. Биздин республикада аукцион 1989-жылдан бери иштей баштады.

**Аутсайдерлер** – ири монополиялардын субподрядчылары болгон майда, орто ишканалар. Булар ар кандай себептер менен монополиялык бирикмелерге, макулдашууларга кирбеген «жапайы ишканалар» болуп эсептелет.

**Аквизация –** 1) камсыздандыруучу жана транспорттук компаниялардын аквизатор аркылуу түзүлгөн жаңы клиенттердин тобу. 2) ишкананы ээлеп алгандыгын тастыктоо иретинде бир адамдын, бир топтун ишкананын баардык акцияларын сатып алып ээлик кылып калышы.

**Ачык экономика** – дүйнөлүк чарбалык байланыштарда өлкөнүн экономикасын эң жогорку деңгээлдеги бөтөнчөлүгү.

**Ачылуудагы баа** – келишим түзүлгөн учурдагы суроо – талап сунушка жараша биржа ачылып жаткандагы баа.

**Ачылыш** – сунуш талаптардын баасы, ошондой эле кол коюлган келишимдердин соода башталган күндүн алдында бүттү деп эсептелиши.

**«Б»**

**Баа** – товардын наркынын акчалай көрсөтүлүшү. Баанын өлчөмү наркка, ошондой эле товарга болгон суроо-талап, сунушка көз каранды.Төмөнкүдөй түрлөрү бар:

**- ачык баа** – биржадагы ачылыш учурундагы бир катар суроо талаптардын, сунуштардын, келишимдин негизинде келип чыккан баалар.

**- базистик баа** – 1) эл аралык соодада (экспорттук, импорттук) товарлардын негизги белгилүү маркасына, сериялык моделдерине, айрым тобу боюнча бааларын аныктоодо база катарында кабыл алынуучу баа; 2) контракттык бааларды аныктоодо пайдаланылуучу дүйнөлүк товардык рыноктун баасы; 3) кабыл алынган бааны ишке киргизүүгө, товарды эсепке алууга ылайык корректировкаланат.

- **демпингдик ба**а – экспорттолуучу товардын, валютанын баасынын жасалма төмөндөтүлүшү; мындай баалар кара ниеттүү теңтайлаштыктын каражаты деп эсептелет, бир катар өлкөлөрдө мыйзамдуу тыюуу салынат, анткени ал өндүрүштүн чыгымдарынан төмөн болуп, жумшалган каражаттар акталбай калат.

**- жылбышкан баа** – өндүрүп чыгарууга узак убакыт сарпталган товарларды сатууда коюлуучу баа. Мындан жылбышкан принциби баанын негизин түзөт, анткени буюмду өндүрүп жаткан мезгилдин ичинде өндүрүш чыгымдарында бир нече жолу болгон өзгөрүүлөр эске алынат.

- **ийкемдүү баа** – суроо-талап жана сунушту тең салмакка келтирип туруу үчүн эркин түрдө бир жогорулап , бир төмөндөп туруучу баалар.

- **катаал баалар (башкаруучу баалар)** – өндүргөн продукция суроо-талаптын кыйгач жантайыңкы сызыгына туш болгондо сатуучулар өзүлөрү коет, анткени баага салыштырмалуу бул продукциялар суроо-талаптын жогорку ийкемдүүлүгүдө болушат, б.а. суроо-талап жана сунуштун өлчөмдөрүнө бат жана табигый түрдө ылайыкталып туруучу ийкемдүү баанын антиподу К.б. экономиканын өзүн-өзү жолго салынышына каршылык көрсөтөт.

- **квази баа** – рыноктун реалдуу наркын чагылдырбаган баа

**- келишим баа (эркин)** – калктын жашоо деңгээлине орчундуу таасирин тийгизген товарларга колдонулуучу баа. Алар уруксат берилген, чекене баа түрүндө болот. Эркин уруксат берилген баа рыноктун конъюнктурасына, товардын сапатына, франко-станцияга, франко-складка ж.у.с. карата аныкталат. Эркин чекене бааларды соода уюмдары, ишканалар өз алдынча аныкташат. Ч.б. уруксат берилген баадан 20-30%

жогору болот. Келишим баанын (эркин) шартында убактылуу, коммерциялык баалар колдонулбайт.

**- контракттык баа** – тышкы соода аркылуу экспорттолуучу, импорттолучу продукциялардын, тейлөөлөрдүн валюта түрүндө белгиленген баасы.

- **монополиялык баа** – монополиялык пайдадан жогорку өлчөмдөгү пайда алуу максатында товардын наркынан төмөн, жогорку коюлган рыноктук баанын өзгөчө түрү. М.б. коюу үчүн товарды өндүрүүнүн, жакшыртуунун кажети жок, себеби баанын ченемин эле сүйлөшүп алуу жетишет. Ушунун негизинде техникалык прогресстин экономикалык өбөлгөсүнө бөгөт коюлат.

- **нормалдуу баа** – сунуштун ийкемдүүлүгүнүн узак мөөнөттүү процессте өсүшүнүн негизинде калыптанган баа.

- **паушалдык баа** – товардын сортуна карабай бүт товардын партиясына коюлган баа.

- **«пол» баасы** – баанын төмөндөшүнө чек коюп, жасалма жогорулатылган баа.

- **«потолок» баа** – баанын өсүшүнө чек коюп, жасалма төмөндөтүлгөн баа.

**- салыштырмалуу баа** - керектөө наркынын бирдиги, товардык орточо баа. С.б. эл аралык соодада баанын кыймылын көрсөтөт, ал жалпы статаистикалык булактардан алынган экономикалык маданияттын негизинде чыгарылат. Статистикалык негизди баардык экспорт, импорт боюнча чыккан орточо баалар түзөт.

- **сурап билүүчү баа** – бюллетендерде, каталогдордо, справочниктерде, прейскуранттарда жарыялануучу баа, негизинен накта соодаланган товарларды орточого келтирилген баасы менен эсептелет. Ал белгилүү мөөнөткө, эксперттик баалангандыгын эске алып келишим түзүү үчүн багыт берет.

- **суроо-талаптын баасы** – соодага катышып жаткандар төлөөгө даяр экендигин көрсөткөн баа, б.а. сатып алуучулар эң жогорку баага макул дегенди билдирет.

- **туруксуз баа** – макулдашкан тараптардын ыгына жараша келишим иштеп жатканда өзгөрүлүп туруучу баа, анткени келишимде акыркы баа белгиленген эмес, тескерисинче аны кийин белгилөө каралган.

- **туруктуу баа** – келишим түзүлгөндүгү баанын акыр аягына чейин өзгөрбөй турушу.

- **фактуралык баа** – жеткирилген товардын баасы счет-фактурага көрсөтүлгөн баа, б.а. накта келишимдик баа. Ал транспорттук жана камсыздандырылган чыгымдардын суммасына карата өзгөрүшү мүмкүн.

- **франко-баа –** сатып алуучу алган товарын транспорттоодон жана накладной толтургандан көрсөтүлгөн пунктка чейин бошотулгандыгын эсепке алуучу дүң баа.

**Баа индекси**- айрым товарлардын жалпы орточо баасынын деңгээлин салыштырмалуу өзгөргөнүн чагылдырган индекс.

**Баа тепкичи** – фьючерстик контракт түзүлгөн продукцияга алдын-ала кабыл алынган белгилүү мөөнөт сайын берилүүчү баа. Анын өлчөмүнө опциондун наркы көз каранды.

**Баага багынбаган атаандаштык** – товардын негиги массасын өз колдоруна топтоштуруп алуунун негизинде, антимонополдук мыйзамдардын тайсалдап өтүп кетишин рыноктук баасын жогорулатууга, жок дегенде өзүлөрүн канагаттандыруучу деңгээлдеги бааны кармап турууга мүмкүнчүлүгү бар ири фирмалар. Алар мындай шартка техникалык артыкчылыгы, товарга болгон ишенимди сапаты менен бекемдөө, сата билүү, сатып алуучуларга түрдүү тейлөөлөрдү көрсөтүү, гарантияларга, төлөөлөргө, кабыл алуучуларга убадаларды берүү ж.у.с. жолдорду колдонуу менен жетишет.

**Баадан кемитүү** – баа эркиндигинде ишкананын коммерциялык стратегиясынын маанилүү куралы. Б.к. менен товар өндүрүчү фирма сатып алуучуларды өзүлөрүнүн продукциясынын алгыдай кылып кызыктырышат; аны менен бирге экономикалык көп маселелерди чечип алышат; дүйнөлүк коммерциялык тажрыйбада Б.к. төлөнүү ылдамдатылат (накта акчалай төлөнүү) , товардын партиясынын өлчөмүнө, бир жылдын ичинде сатып алуунун көлөмүнө, сезондон тышкары сатып алууга таасирин тийгизет. Ошондуктан Б.к.түрү жана өлчөмү фирманын коммерциялык жашыруун сыры.

**Баалуу кагаздар опциону**- баалуу кагазды сатуу, сатып алуу жөнүндөгү келишим. Сатып алуучу О. боюнча өзүнүн кызыкчылыгын көздөгөн келишимдин негизинде белгилүү убакыттын ичинде алууга акциялар үчүн алдын-ала белгилүү бир баа менен аванс жасайт. Мисалы, бир жылдын ичинде 100 акцияны 10 доллардан алыш үчүн ар бир акцияга баасы 14 доллар болуп калса, сатып алуучу 10 доллар эле төлөйт.100х10=1000, (1000+200) чынында 100х14=1400 төлөш керек эле, а келишим боюнча төлөгөндө 200 доллар анын пайдасын калды. Эгер акциянын баасы көтөрүлбөсө, ал аны сатканда 200 доллар жоготот. Бул сумма корпорациянын башкаруу органдарына сыйлык катары кетет.

**Баалуу кагаздар рыногу** – финансылык рыноктун бир бөлүгү. Банк чыгарган баалуу кагаздар ондогон жылга сатылат (облигациялар), же мөөнөтсүз пайдаланыла берет (акциялар), демек, Б.к.р. банктык кредитти толуктап жана ага таасирин тийгизип турат. Бул рыноктун негизги бөлүгүн акча рыногу түзөт, ал жерде кыска мөөнөтүү (бир жылдык) карыз милдетемелери алмашат (негизинен казыналык векселдер). Баардык операциялар инвестициялык дилерлер, далдалчылар (брокерлер) аркылуу жүргүзүлөт.

**Баалуу кагаздар** –ээсине киреше алып келүүчү, активдерге менчиктик укугун күбөлөндүрүүчү коммерциялык документтер. Мисалы,

акциялар, облигациялар, закладкалардын сертификаттары. Б.к. реалдуу капиталдын кагаз дубликатын түзүп, саясий экономияда фикдивдүү капитал деп аталат. Тандалган баалуу кагаздар өзгөчө мааниге ээ.

**Бааны либералдаштыруу** – бааларды эркин рынокто пайда болуучу товарлардын тизмесинин кеңейүү, көбөйүү процесси, б.а. бул баалар мамлекет тарабынан коюлбайт жана багытталбайт. Б.л. толук, жарым-жартылай болушу мүмкүн. Б.л. жарым-жартылай болгондо кээ бир баалар, мисалы, нан,май, сүт, этке ж. у. с. мамлекеттин багыттоосу колдонулат, калган продукциялардын бааларына эркиндик берилет.

**Баанын дифференцияланышы** – продукциянын сапаты экономика, жаратылыш,территориялык ж. у.с. шарттарды эске алып, бирдей продукцияга ар түрдүү бааны белгилөө. Б.д. продукцияны даярдап чыгуучу ишканалардын аны өндүрүдөгү, сатуудагы сарп кылынган чыгымдардын ар түрдүүлүгүнө байланышпайт, ишканалардын рентабелдүүлүк деңгээлин теңдештирүүгө мүмүкүндүк берет.

**Бажыкана** - чек ара аркылуу товардын, жуктөрдүн көзөмөлдөөчү мамлекеттик мекеме. Ал пошлина, жыйымдарды алат.

**Бажыкана тарифтери** –чек арадан алып өткөн пошлина төлөнүүчү товарлардын системага келтирилгени.

**Бажыканалык декларация** – чек ара аркылуу өтүүчү жүк жөнүндөгү маалыматтарды камтыган үлүштүк мыйзамдын талабына ылайык толтурулган документ.

**Бажыканалык саясат** –чек ара аркылуу товарларды алып чыгып, алып киргенде пошлина, жыйымдарды аныктоо саясаты.

**Бажыканалык –тарифтик багытоо** – тышкы сооданы жөнгө салууда улуттук соодалык саясий курал катарында колдонулуучу бажыканалык тарифтик чаралар

**База** – 1) белгилүү бир учурга тиешелүү башка, окшош көрсөткүчтөр менен салыштыруу үчүн негиз катарында колдонулуучу экономикалык көрсөткүчтөрдү эсептөө анын баштапкы деңгээли менен алынат. Мисалы, өткөн жылдардагы баанын өзгөрүүсүн аныкташ үчүн 1990-жылдын баасын алсак болот, анткени ушул жылдан баштап баалар кескин өзгөрүүгө туш болду; 2) Б - бул склад, товарды сактоочу жай

**Базистик шартка жеткирүү -** товар сатучу менен сатып алуучулар ортосунда өзгөчө мамиле. Товарды керектүү жерине жеткирип, өткөрүп жаткан учурда товардын бузулуп, бүлүнүп кала турган коркунучу далилденгенде сатуучу менен сатып алуучулардын милдеттерин көрсөтөт.

**Байлык** - буюум түрүндөгү узак мөөнөткө колдонулуучу реалдуу мүлк (капитал, жер); финансы, баалуу кагаздардын активи (баалуу кагаздар, акча).

**Баланс** – фирманын белгилүү бир датадагы менчик капиталын, милдеттенмелерин (пассивдерин) ээлик кылгандарга (активдерине) отчеттун бир формасы; капиталдын, кредиттердин кыймылын көрсөткөн баланста чет өлкөдөгү капиталдын импортуна байланышкан кирешелер,

чыгашалар; кредит боюнча келип түшкөн каражаттар, төлөмдөр көрсөтүлөт. Баланс бир жылга түзүлөт, анын төмөнкүдөй түрлөрү бар:

**- айлануу каражаттарынын балансы** – белгилүү убакыттын аралыгындагы фирманын киреше, чыгашасын дал келишин көрсөткөн таблица.

**- бухалтердик баланс** – белгилүү бир датага карата жалпыланган акча түрүндө фирманын иштеринин абалы жөнүндө түшүнүк берүүчү бухалтердик эсептин документи. Бул бир жагынан, ишкердик иш-аракеттердин процессин, экинчи жагынан финансылоочу булактарын пайданланылуучу каражаттарды салыштыруу жолу менен жетишилет.

**- капиталдарды жана кредиттерди жүгүртүүнүн балансы** – мамлекеттин, жеке капиталды ташып чыгаруунун ортосундагы, ошондой эле, берилген жана алынган Эл аралык кредиттердин катышы.

**- товардын жана тейлөөлөрдүн балансы** –белгилүү убакыттын ичиндеги өлкө боюнча экспорт, импорт болгон товарлардын тейлөөлөрдүн көлөмүн көрсөтүп сальдо чыгаруу.

**- төлөм балансы** – белгилүү убакыттагы (бир жыл) ичндеги тышкы экономиканын соода жана финансы операцияларынын отчету, ал учурдагы операциялардын балансынан жана капиталдын кыймылынын балансынан турат.

**- учурдагы операциялардын балансы** – канча көлөмдөгү товарлар, тейлөөлөр экспорттолгонун, импортолгонун, канча валюта которулгандыгын көрсөткөн баланс.

**– эсептешүү балансы** - белгилүү убакытта (бир жыл), белгилүү датада (жылдын башында) партнерлор (башка өлкөлөр) менен соода, кредит ж.б. байланыштардын негизинде келип чыккан фирмага (өлкөгө) коюлган талаптардын, милдеттүүлүгүн, дал келүү катышын, көлөмүн көрсөткөн баланс.

**– эл чарбасынын балансы** – баардык эл чарбасындагы негизги продукциялар, өз ара катыштар түрүндө мүнөздөмө берүүчү экономикалык көрсөткүчтөрдүн системасы.

**Баланстык отчет** – белгилүү датага тиешелүү жеке адамдын, фирманын менчигиндеги капиталдын накта наркы, анын активдери, пассивдери боюнча түзүлгөн отчеттун жыйындысы .

**Баланстык пайда** – балансто көрсөтүлгөн өндүрүштүк иш-аракеттердин баардык түрлөрү боюнча ишкананын пайдасынын жалпы суммасы.

**Банк (ит. - отургуч, дүкөн) -** акча каражаттарынын негизги масассын топтоп, кредит берип, эсептешүүнү жүргүзүп, майдалоого керектелүүчү акчаларды, баалуу кагаздарды чыгарып д.у.с. функцияларды иш жүзүнө ашырып туруучу экономикалык өзгөчө институт. 1987-ж. экономикалык реформанын негизинде бизде төмөнкүдөй банктар иштей баштады: мамалекеттик, тышкы экономикалык, өндүрүш, курулуш, агро-өндүрүш, үй-жай-социалдык, сактык банк, акционердик, пайыздык негизде уюштурулган коммерциялык, кооперативдик.

**Банк активдери -** пайда алуу максатында банктын өздүк каражаттарын, банктын кардарларынын каражаттарын жайгаштыруу багыты.Буга кассадан накталай акчалар,ссудалар, инвестициялар, баалуу кагаздар, импорттор, жабдуулар ж.у.с. кирет.

**Банк аркылуу жазып берүү** – векселдин мурдагы ээси векселдин аркы бетине анын алып жүрүүчү жаңы ээсинин аты – жөнүн көрсөтпөй эле, ал векселди көрсөткөндө төлөнө турган сумманы тиешелүү адамдарга, уюмдарга, мекемелерге төлөп бериши керек экендигин айгинелеген, векселдин ээси тарабынан берилген жазуу түрүндөгү аныктама.

**Банк ассоциациясы** – кесипчилик кызыктыктарды коргоо боюнча уюштурулган жеке менчик банктардын бирикмеси.

**Банк депозиттери** - банкка салынган акча. Банк депозит ээсине белгилүү суммадагы акчаны улуттук акчаны курсунун негизинде, башка өлкөлөрдүн валютасы менен, кредиттин эсебинен алууга укук берет.

**Банк концерциуму** – биргелешкен кредиттик операцияларды жүргүзүүгө, карыздакорлордун төлөө жөндөмдүүлүгүнүн жок болуп калганында келип чыгуучу жоготууну басаңдатуу макасатында бир ири банк – башкы концерциум тарабынан убактылуу мөөнөткө уюштурулган банктардын бирикмеси.

**Банк которуусу** –башка адамдын (которулган акчаны алуучунун) пайдасына белгилүү бир сумманы которуу үчүн бир адамдын (акча которуучун) тапшырмасы. Акча которуу үчүн тапшырманы кабыл алган банк бул ишти өзүнүн корреспонденти аркылуу бүтүрөт.

**Банк кредити** – ишкер адамдарга банк бере турган акча ссудасы. Коммерциылык ж.б. кредиттердин айырмасы анын универсалдуулугунда, себеби кредитти чоң өлчөмдө, узак мөөнөткө бере алат. Б.к. ар бир ишкер адамга берилет.

**Банк мөөнөтүн узартуу** – ссуданы төлөөнүн мөөнөтүн узартуу.

**Банк проценти (пайызы) -** кредиттик ресурстардын баасы (пайызы).

**Банк ресурстары** – банктын каражатындагы ж.б. актив операцияларында пайдалануучу каражаттардын жыйындысы.

**Банк системасы** – улуттук банктардын аткара турган операцияларын, структурасын мүнөздөгөн түшүнүк. Банк системасына төмөнкүлөр кирет: а) автономиялуу республикалардын мамлекеттик банктары; б) борбордук (мамлекеттик улуттук) банктары, алардын мекемелери. Булар борбордук банктардын жалпы биримдигин түзүшөт, резервдик функция системасын аткаруучу жалпы акча бирдигинин негизинде иштешет. Банк системасы алмашуу процессинде колдонууга керектелүүчү накталай акча чыгарууга укук берилет, б.а. акчанын кыймылын жөнгө салышат, кредиттин көлөмүн өзгөртүшөт, баалуу кагаздар, чет мамлекеттердин валюталарын соодалашат.

**Банк эмитент** – акчаларды, баалуу кагаздарды, төлөө, эсептешүү документтерин жүгүртүүгө чыгаруучу борбордук банк.

**Банкир** –банк операцияларын жүргүзүүгө адистешкен акча капиталынын ээси жана менеджери.

**Банкнот – эмиссиялык -** (борбордук) банк тарабынан чыгарылып элдин колунда жүрүүчү предметтик акчанын бир формасы

**Банкрот болуу** – (ит. – сынган отургуч) – соттун чечимине ылайык карыздакорлордун карыз төлөө мүмкүнчүлүгүнүн жок деп табылышы, б.а ишананын (бирикменин) финансылык каражаттарынын жетишсиздигинин натыйжасында жумушсуздуктун саны өсөт. Ишкананын продукциясына суроо-талап болбосо, карызын төлөбөсө, кеткен чыгымдарын төлөй албаса, анын жабылышын мыйзам туура деп эсептейт. Ишкананын мүлк байлыгын сатуу жана аны башкаруу карыздакордун кызыкчылыгын көздөйт. Банкроттун келип чыгышынын негизги себепттери директивдүү түрдө өндүрүштүк планга киргизилген товарлардын мамлекеттик баасынын, продукциянын сапатынын төмөндүгү эсептелет.

**Банктардын фонд операциялары** – баалуу кагаздар менен жүргүзүлүүчү операциялар, ошондой эле күрөө аркылуу баалуу кагаздарды кредитке берүү, аларды банкка өзүлөрүнүн счетуна сатып алуусу; жаңы чыгарылган баалуу акгаздарды жайгаштыруу; клиенттердин эсебинен, банктын буйругу менен рыноктордо баалуу кагаздарды сатуу, сатып алуу; клиенттердин баалуу кагаздарды сактап, башкаруу.

**Бартердик келишим** – товардык мамиленин начар өнүгүшүнүн, валютанын туруксуздугунун натыйжасында мамлекет, фирма, ишканалардын ортосундагы товарды түздөн – түз, натуралай (акча колдонбой) алмашуулары. Бартердик келишүү контракт (келишим) менен жеткирилүүчү, келишим баа менен сатылуучу белгилүү бир товар боюнча жүргүзүлөт, ал эки же көп тараптуу болушу мүмкүн, бирок акча колдонулбаганы менен товар берүү учурдагы акчанын курсу, товардын рыноктук баасынын негизинде балансташтырылат.

**Баш аламан болгон аралыштырылган векселдер** – коммерциялык баалуу кагаз (чек, которуучу векселдер). Алардын эсебин алуу өзгөчө чыгымдык операцияларды талап кылат жана “алмашуунун” коммиссиондук жыйымын жокко чыгарбайт.

**Башка жакка жумшалган каражат -** ишкананын айлануу каражатына катышпаган каражаттар. Алар башка максатка багытталган, анын булагы болуп ишкананын накта пайдасынын бир бөлүгү эсептелет.

**Башкаруу** – социологиялык түшүнүк менен алганда коомдук иш аракетинин мүнөзүн көрсөтөт: тигил, бул “табийгый” өнүгүүнүн кубулуштарын, процесстерин жаратылышта, коомдо аң сезимдүү түрдө калыптандыруу жана ишке ашыруу маселелери, б.а. “табийгый” өнүгүүнүн жасалмага өтүүсүнө багындыруу.

**Башкаруунун экономикалык усулу** – акча, товар мамилесин колдонуунун негизинде эмгек жамаатынын кызыкчылыгына таасир этүүнүн аркасында экономикалык, илимий – техникалык жана социлдык саясаттарды ишке ашыруунун жолдору.

**Бизнес** – киреше, пайда алып келүүчү иш аракеттин баардык түрү б.а. иштин баардык түрүн камтыган жакка, пайдакордукка мүмкүндүк берген соодалык, коммерциялык иш аракт. Бизнес түрлөрү төмөнкүлөр: жеке, майда, орто жана жашыруун.

**Бизнес план** – инвестиция, кредит берүүчүлөр фирма жөнүндө өзүлөрүнүн ой – пикирлерин чагылдырган каражат берүүгө чечим кабыл алгандыгын таксыктаган документ.

**Биргелешекн ишкананын уставдык фондусу** – алгачкы иштери үчүн ишкананын катышуучуларнын ортого салган материалдык, акча каражаттары.

**Биргелешкен ишкана** – өлкөдөгү менчиктин ээси болгон ишканалардан, бирикмелерден тышкары чет элдик фирмалар, юридикалык тараптар бирге өндүрүшкө катышышат. Биргелешкен ишкана келишимдин негизинде түзүлөт, тиешелүү жобосу болот, ошол региондун мыйзамына баш ийет. Биргелешкен ишкана түзүүнүн негизги максаты: 1) өндүрүштүн деңгээлин көтөрүү, жаңы техника, технология колдонуш үчүн кошумча финансылык каражатарды алуу; 2) жогорку сапатуу продукция чыгаруу; 3) өнөр жай продукциясынын экспортун кеңейтүү; 4) жогорку квалифкациялуу кадрларды даярдоо; 5) чет элдик өнөктөштүктүн тажрыйбасын колдонуу.

**Бирдиктүү административдик документ** – 1988 жылы ЕС өлкөлөрүнө киргизилген бажыкана декларациясынын стандарттуу формасы. Бул документ ЕСтин баардык мүчө өлкөлөрүнүн өз – ара соода сатык иштеринде жана “үчүнчү” өлкөлөр менен соодалашууда колдонулат. Товар жөнүндө жеткиликтүү информация берилип, жеткирүүдө транспорттук тейлөөлөр жөнүндө ким жөнөтөрү жана ким тосуп алары, банктык, салыктык түшүндүрүүлөр толук бар. Жалгыздан толтуруучу декларациялардын 8 экземплярдан турган токтомдору бар.

**Биригишкен ишкердик зона** - бул эгемендүү өлкөнүн өзгөчө жеңилдетилген шарттары бар территория, анын бир бөлүгү, б.а. бириккен ишкердик зона улуттук ички рыноктун алкагында ишке ашат жана ошол региондун мыйзамдарына таянат.

**Биржа –** суроо талаптын негизинде имарат, бөлмөлөрдү, белгилүү гарантияларды берүүчү баалуу кагаздар, товарлар менен соодалашуу үчүн эсеп жана индюрмациялык тейлөө иштерин жасоочу, мындай иштер үчүн комиссиялык акыларды алуучу жана соодага белгилүү чектөөлөрдү жүргүзүүчү мамлекеттик, акционердик уюм. Дүң, анын ичинде туруктуу жана айкын сапаттуу параметрлери (товардык биржа) бар, массалык товарларды, баалуу кагаздарды, алтынды, валютаны (фонд биржасы) сатуу, сатып алуу биржасы боюнча системалуу түрдө операцияларды уюштурат. Б. төмөндөгүдөй түрлөрү бар:

**- Валюта Б.** – соодага катышып жаткан эле өлкөлөрдүн валюталары жүгүртүлгөн рыноктун өзгөчө түрлөрү. Валюта биржа соодасына катышып

жаткандар валюталарын эркин жылышына жана алардын биржалык валюталык курсун коюга мүмкүндүк берет.

**- Товардык Б.** – атайын белгиленген орундарга үзгүлтүксүз жана алдын ала аныкталган эрежелер боюнча иштөөчү товар сатууну уюуштуруунун бир формасы. Товарлар массалык түрдө бири – бирине окшоп, сапаты боюнча бирдей даражада алмаштырылгыс орун басар болот. Товар сатылганда баардыгы кайрадан каралып чыкпайт, анткени макулдашылган үлгү, тишелүү стандарт боюнча жеткирип берүү мөөнөтү, шарты алдын – ала макулдашылган, ошону менен бирге келечектеги сатылуучу товарларга келишим түзүлөт.

**- Фонд Б.** – кымбат баалуу металлдар, чет элдик баалуу кагаздарды сатуучу жана сатып алуучу ссуда капиталынын рыногу. Бул аркылуу өнөр жайга, айыл чарба ишканаларына инвестициялар топтолуп, капитал борбордошулат. Ф.б. фирманын акцияларынын котировкалашына көз каранды, анткени коммерциялык банктардан карыз алуунун шартына таасирин тийгизет.

**- Фьючерстик Б.** – сооданы фьючерстик келишим боюнча жүргүзүүчү товардык биржанын азыркы (сызыктуу) формасы.Макулдашуу фиктивдүү формада болот, анткени макулдашуу товарлардын 1% эле макулдашылган боюнча жеткирилип, калганына баанын айырмасы төлөнөт. Фьючерстик баанын негизинде реалдуу товардык рынокто кыйыр түрдөгү байланышын аткарат жана баадан башка шарттардын баарын бирдейлештирип, макулдашуулардын ортосундагы өз ара эсептешүү палатасы аркылуу жүргүзүүнү ишке ашырат.

**- Эмгек Б.** – жумушчу күчүн сатуу жана сатып алууда жумушчу менен ишкерлерге орточулук көрсөтүүчү мамлекеттик ишкана.

**Биржа баасы** – товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү биржалык соода аркылуу сатканда суроо – талап жана сунуштун теңдештигинин негизинде чыккан баа.

**Биржа индекстери** – баалуу кагаздарынын баасынын өзгөрүү тенденциясын аныктоонун ар түрдүү жолдору. (Доу Джонстун жана “Стендард Энд Пуре” АКШда, “Никкей” - Японияда ДАКС жана “Франкфуртер Альгемайне Дайтунг” - Германияда, “Рейтер агенствосунун индекси” – Великобританияда).

**Биржа катировкасы** – атайын комиссиянын катоосунан өтүп басма сөзгө жарыяланган баалуу кагаздардын курсу, биржа аркылуу сатылуучу товарлардын баасы.

**Биржа кризиси** – фонд биржасында баалуу кагаздарды иштетүү активдүүлүгү төмөндөп кеткенде аларды накта акчага айландыруу максатында баалуу кагаздардын массалык түрдө сатылышы.

**Биржа курсу** – фонд биржасында баалуу кагаздардын наркы. Ал ссуда пайызынын деңгээли менен ушул баалуу кагаздардын киреше алып келүү деңгээлинин катышын көрсөтөт.

**Биржа соодасы** - биржалардын далдалчылыгы менен товарларды, тейлөөлөрдү, баалуу кагаздарды сатуу.

**Биржа келишими** – биржа аркылуу баалуу кагаздарды, товардарды, чет өлкөлүк валюталарды соодалашуу. Эки түргө бөлүнөт; а) кассалык – акча ошол замат төлөнөт, б) мөөнөттүк – баалуу кагаздар, товар соодалашаар замат берилиши керек, ал эми акчасы белгилүү убакытта, бир айдын ичинде төлөнөт. Негизинен мөөнөттүк түрү көп колдонулат.

**Биржалык интервенция** – баалуу кагаздардын курсун төмөндөтүүгө, жогорулатууга таасир этүү максатында мамлекеттин, банктардын, биржа ишкерлеринин фонд биржаларынын операцияларына кийлигишүүлөрү.

**Биржалык тополоң** – товарлардын баасынын, баалуу кагаздардын курсунун мезгили менен кыска мөөнөткө өтө кескин жогорулашы. Баанын айырмасынан келип чыгуучу пайданы алуу максатында атайылап жасалат.

**Биржалык шакек** – (ринг) биржалардын өз ара эсептешүүсүнүн, макулдашуунун төмөнкү деңгээлинин бир формасы.

**Бланкеттик норма** – мамлекеттик органдарга, жетекчи кызматкерлерге өзүлөрүнүн эрежелерин киргизүү укугун берген укуктук норма.

**Блокировать этилген валюта** – бир эле өлкөнүн ичинде жүгүртүлүүчү валюта. Ал мамлекеттин көзөмөлүндө болот.

**Бойент** – экономикалык жагымсыз жагдайдын негизинде келип чыккан баанын тез жогорулашын көрсөткөн рыноктук ал ахвал.

**Бондор** – айрым уюмдар, мекемелер, мамлекет чыгарган кыска мөөнөтүү карыздакордук милдеттенмелер.

**Бонификация** – (фр. – кайрымдуу жакшы) – мурда түзүлгөн келишимдеги товарлардын баасына аны алып жаткан мезгилде келишимде көрсөтүлгөн стандарттан мыкты болуп калса баага кошуп берүүчү баа. Айрым учурда тескери бонификация болот, анткени товардын сапаты стандартка туура келбей макулдашылгандан төмөн болуп калса баасын төмөндөтүүгө туура келет.

**Бонустук жеңилдетүү** – туруктуу сатылуу үчүн макулдашылган сумманы макулдашылган сандагы, өлчөмдөгү товар сатып алгандарга берилүүчү жеңилдик.

**Бөтөнчө лицензия** – ойлоп табууга, технологияга лицензенттин пайдалануу укугунун моноподдулуугун камсыз кылуучу укук берилет. Анда макулдашуунун шарттарында лицензияны колдонуунун белгилүү мөөнөтү көрсөтүлөт.

**Бреттон – Буд валюта системасы** – алтын жана доллар Эл аралык валюталык резерв катары колдонулганда, чет элдик валюталардын курсун жөнгө келтирип туруу максатында Экинчи Дүйнөлүк согуштан кийин уюуштурулган Эл аралык валюталык система.

**Брокедик контора** – соода кылуучу тараптарга орточулук кызматын ишке ашырып турууга сөзсүз керек болуучу жай.

**Брокер** – (анг. - далдалчы) биржадагы эки тараптын сүйлөшүүлөрүнө орточулук кылып, соодалашууга белгиленген сумманын тиешелүү пайызын сыйлык катары алуучу адам. Брокер өзүнүн чечиминин негизинде товарлардын накталыгы, сорттуулугун текшерип,сатуучунун талабын аткаруу үчүн керек болсо башка тиешелүү маалыматтарды талап кыла алат. Жабык биржалардын соода ишине брокер катыша алат, ошондой эле ачык биржаларга кызмат көрсөтөт.Койгон шартты жарыялоо үчүн сатуучгау сөз берет. Сатууга 3-минута калганга чейин брокер товарга болгон суроо-талапты аныктап, сатуунун келишимин өзгөртүп коюга укугу бар. Эгер брокер эч кандай өзгөртүү киргизбесе, сатып алуучулар биржалык чогулуштун аягына чейин ишти мурдагы сүйлөшкөндөй жүргүзө беришет.

**Брокердик фирма** – балуу кагаздарды, товарларды, ар түрдүү менчиктерди сатып алып, сатууга клиенттерден алдын – ала заказдарды алып, тишелүү кызмат көрсөткөндүгүнө жараша комиссиондук сыйлык алууну ишке ашыруучу агенттер, фирмалар.

**Бугалтердик пайда** – фирманын чыгымы менен дүң түшкөн акчанын айырмасы. Буюмдун жашоо мерчеми - товарды өндүрүүгө, сатууга кеткен мезгил бир нече этапка бөлүнөт, ошондуктан ар бир мерчемде (цикл) товарды ар түрдүүчө жарнактап, сатып, жана баасын өзгөртүп туруу керектигин далилдеген маркетингдик теория.

**Бук** – валютаны сатып алып кайра сатуучу валюта дилеринин баардык мүмкүнчүлүгүн айласыз абалда калгандыгын көрсөткөн жагдай.

**Буклет** – жарнактык басылыштарды, жол жоболоду көрсөтүүчү информациялык баракчалар.

**Бутик** – чектелген клиенттерге, чектелген тейлөөлөрүн көрсөтүүчү анча чоң эмес бир тараптуу кесиптештирилген брокердик фирма.

**Буфердик запас** – рынокту жана баанын деңгээлин туруктуу кармоо максатында складдарга товарладын көп түрүн кармап туруу. Буфердик запасты спекулянт мамлкекеттер уюштурушат (баа өтө төмөн болуп кеткенде) . Баа жогорулап нормалдуу абал түзүлгөндө запастын бир бөлүгү сатылып турат.

**Буфердик кредит** – банкка көрсөтүлгөн булак аркылуу алдын – ала пландаштырылган жокко чыгарылып туруучу кыска мөөнөтүү ссуда.

**Бык** – рыноктогу баанын кымбатташын күтүп, ага таасир этүүчү сатуучу.

**Быктар** – баалуу кагаздарды сатып, алардын курсунун жогорулашын күтүп, жогоруланган кезде кымбатка сатуу оюндарын жүргүзүүчү биржанын кызматкерлери.

**Бюджет** – (англ. – капчык) – мамлекет, жергиликтүү органдар, ишкана, мекеме, үй бүлөнүн же айрым адамдардын кирешелери менен чыгашаларынын балансталган системасынын алдын – ала акчалай эсептелиши. Эгерде чыгаша кирешеден көп болсо – анда бюджет тартыш, тескерисинче болсо оң көрүнүш болот.

Бюджеттин төмөнкүдөй формалары бар:

**- керектөө формасы** – ар түрдүү социалдык группадагы калктын жашоо деңгээлин, үй-бүлөнүн киреше жана чыгаша боюнча акча балансын камтыганын көрсөтөт. Анын составына керектелүчү буюмдарга тамак – ашка кетүүчү чыгымдар, баардык булактар аркылуу келүүчү кирешелердин суммасы кирет.

**- малекеттик** – мамлекеттин кирешеси менен чыгашасын көрсөткөн мамлекеттик финансынын формасы.

**Бюджеттик багыт** - алдын-ала боло турган каражат жумшоонун эсебин график түрүндө белгилөө.

**Бюджеттик кабардоо** – өлкөнүн Президентинин белгилүү мөөнөткө бюджеттик түзүлүштү кандай түзүү керек экендигин алдын – ала кабардоо стратегиясы.

**Бюджеттик финансылоо** – ишканалардын, уюмдардын ишинин жакшы жүрүшүн жардам бериш үчүн аларга бюджеттик атайын каражаттар кайра кайтаруусуз шарт менен берилет. Рыноктук экономикага өтүүгө байланыштуу, бул мамиле өзүн-өзү финансылоого көбүрөөк орун бошотуп жатат. Бирок, айрым тармактар, региондор, ишканалар, ден соолук, элге билим берүү, илим жана маданиятка бюджеттик финансылоо сөзсүз керек.

## «В»

**Валоризациялоо** - малекет өкмөт менен биргелешип жүргүзгөн иш аракеттердин натыйжасында өлкөнүн ичиндеги товарлардын баасын кымбаттап баалуу кагаздардын курсу өсөт. Эркин коверттелинүүчү В. – АКШнын доллары, англиялык фунт стерлинг, швейцариянын франкы. Ал эми Франциянын франкы, Италиянын лирасы жана Япониянын иэнасы жарым-жартылай конверттелинүүчүгө кирет .

**Валюта арбитражы** –ар кайсы валюталык рыноктогу акча бирдигинин валюталык курсунун айырмаларынан пайда табууну көздөгөн иш аракет (мейкиндик, башка валюта курсунун кыймыл аркетинен келип чыгуучу арбитраж , убактылуу арбитраж)

**Валюта аукциону** –чет өлкөлүк валютанын улуттук валютага сатуу, сатып алуу жолу менен аукцион формасында жүргүзөт. КМШ да Тышкыэкономбанк уюштурат.

**Валюта баалуулуктары** –эл аралык валюталык финансылык байланышка колдонуучу материалдык обьектилер. Аларга төмөнкүлөр кирет: чет элдик валюталар, чет элдик валюта менен көрсөтүлгөн төлөм документтер (векселдер, чектер, аккредитивдер ж.у.с.), фонддук баалуулуктар (акциялар, облигациялар), жаратылыштын баалуу асыл таштары (алмаз, рубин, сапфир, бриллианттар, александриттер, табигый жана иштетилген түрдө, алтын, күмүш, платина тобуна кирген – паладий, иридий, осмий, родий, румений) . Валюта баалуулуктары боюнча мамиле чектелген режимде жүргүзүлөт.

**Валюта биржасы** –чет элдик валютаны рыноктук курсу боюнча сатуу, сатып алуу процесстерин ишке ашыруучу уюм.

**Валюта демпинги** – демпингдин бир түрү. Экспортоочулар товарды дүйнөлүк базарда, эркин конверттенүүчү валютага арзанга сатып, аны улуттук валютага айырбаштагандан келип чыгуучу ири утуш.

**Валюта зонасы** - өлкөлөр ортосундагы өз ара эсептешүүлөрдө көрүнүктүү орунду ээлеген өлкөнүн валютасын негизги деп таанып, өз ара валюталык мамилелердин жалпы эрежелерин колдонуучу мамлекеттердин тобунун бирикмеси. В.з. төмөнкүлөрдү ишке ашырат; негизги валюта төлөм каражаты катары колдонулат; бул валюта аркылуу "тышкы төлөмдөр" ишке ашырылат жана бир өлкөдөн экинчисине эркин өтөт.

**Валюта контролу** – чет элдик валютаны сатуу, сатып алууну мамлекеттин текшерип турушу. Багыттап контролдоочу формалары: валютанын жолуна тоскоолдук кылуу, б.а. жергиликтүү валютаны чет элдик валютага алмаштырууда мамлекет тыйуу салат; жергиликтүү валютага чет элдик товарларды жана тейлөөлөрдү алууга уруксат берилбейт.

**Валюта котировкасы** –валюталык баалуулуктар менен иш жүргүзгөндө (чет элдик валюта, алтын, дагы башка кымбат баалуу металлдар менен) чет элдин валютасынын курсун аныктоо.

**Валюта корзинасы** – бир валютага карата экинчи валютанын орточо эсптелген курсу аныкталуучу валюталардын белгилүү бир тобу. Ал доллардык валютадан көп валюталуу стандартка өткөндө валютанын курсунун базисин аныктоочу болуп эсептелет. Бул валюталарга азыр беш валюта кирет: АКШ доллары, ФРГ маркасы, Япон иенасы, Француз франкы жана Англиянын фунт стерлинги. Салыштырма чоңдугу ар бир өлкөнүн эл аралык соодадагы үлүшүнө жараша болот.

**Валюта кредити** – тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүү максатында өлкөнүн ишканаларына Тышкыэкономбанк тарабынан чет элдик валюта менен берилүүчү кредит.

**Валюта кризиси** – дүйнөлүк эл аралык өз ара эсептешүүлөрдү, айрым өлкөлөрдүн ички соодасын камтыган кризис. Ал акча – кредит системасында чет элдик акча менен алмашуу процессине өткөндө алтын стандартынын таңсыктыгын алып келет.

**Валюта курсу** – ар кайсы өлкөлөрдүн валюталарын бири-бирине теңдештирип алмаштыруу. Көпчүлүк өлкөлөрдүн валютасына карата бул курс дайыма өйдө-ылдый болуп турат, себеби валюта рыногундагы ар кандай жагдайга жараша болот. В.к. өйдө-ылдый болушу дүйнөлүк сооданын өнүгүшүнө түздөн-түз таасир этет, анткени ар кайсы өлкөнүн рыногунан сатып алуучу жана сатылуучу товарлардан алынуучу пайданын өлчөмүн өзгөртөт. Валюта курсу төмөндөгүдөй түрлөрдү камтыйт:

**- валютанын өйдө-ылдый курсу** – суроо талап жана сунуштун катышына жараша валютанын алмашуу системасын аныктоо.

**- валютанын сомдук курсу –** башка өлкөлөрдүн акча бирдигиндеги бул өлкөнүн акчасынын баасы (КР-сому) .

**- валютанын сом боюнча коммерциялык курсу –** кредиттик операцияларда, соодада, башка төлөмдөрдө ишканалар колдонуучу чет элдик валютанын курсу.

**- валютанын сом боюнча рыноктук курсу**- өлкөнүн граждандарына сатканда, сатып алганда колдонулуучу чет элдик валютанын сомго болгон курсу.

**- валютанын сом боюнча официалдуу курсу** – эл аралык статистикалык салыштырууда экономикалык анализ үчүн колдонуучу чет элдик валютанын сомго болгон курсу.

**Валютанын курсуна кысым жасоо** – негизги фактролордун таасирлери, мисалы банктын саясаты аркылуу, валютанын курсунун өцдө-ылдый болуусуна алып келүү.

**Валюта монополиясы** - малекеттик валюта, баалулуктары менен (чет элдик валюта, алтын ж.б. кымбат баалуу металлдар) операция жүргүзүүдөгү чектелбеген укугу.

**Валюта операциялары** – алтынга сатуу жана сатып алуу, ошондой эле чет элдик тилде жазылган банкнотторун, казына билеттерин, тыйындарды, төлөмдүк документтерди сатуу жана сатып алуудагы иштерди жүргүзүү (чектер, векселдер, аккредитивдер).

**Валюта тобокели** – тышкы соода, кредиттик жана валюталык операцияларды жүргүзүү кезинде улуттук валютага салыштырган чет өлкөнүн валюта курсунун өзгөрүшү менен байланыштуу валютадан жоготуу коркунучу.

**Валюта резервдери** - эл аралык банк эсебиндеги карыздарды жөнгө салуу, өлкөнүн ичинде колдонуу үчүн резервге коюлган улуттук, (доллар,фунт стерлинг), коллективдик (ЭКЮ, СПЗ, ЕВРО) валюталар.

**Валюта рыногу** – мамлекеттин ичинде чет өлкөлүк валюта менен жүргүзүлүүчү операцияларды тейлеген рынок.

**Валюта саясаты** – валюта мамлекеттериндеги төлөө балансындагы валюта курсуна жана улуттук өндүрүшкө атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө оң таасирин тийгизгендей иштелип чыккан мамлекет менен улуттук банктардын иш-чараларынын жыйындысы.

**Валютанын ситемасы** – эл аралык эсептешүүнү жөнгө салуучу каражаттарды колдонуу тажрыйбасы, саясаты. Дүйнөлүк практикада валюта системасы ар түрдүү кезигет. Биз аларды төмөндөгүдөй беребиз.

**- алтын стандарт** – белгилүү салмактагы, белгилүү накталыгы бар алтындан алтын тыйын чегилип, башка валюталарга эркин алмаштырылып, кагаз акчалардын паритетин алтындын өлчөмү менен кармап туруу.

**- алтын девиздүү стандарты** – улуттук же коллективдүү валюталар, алтындын орун басарлары (девиздери) дүйнөлүк эсептешүүнү жөнгө салуучу негизги инстурмент болот. 1971-жылга чейин мындай алтынга

алмашууга татыктуу жалгыз АКШ нын доллары болгон.Бирок ал борбордук банктардын эле ортосундагы чектелген өлчөмдө болучу.

- а**лтындан уютулган стандарт** –алтын тыйын эмес, уютулган алтын түрүндө болот, ошондуктан ири өлчөмдүү соода-сатыктарга эле колдонууга мүмкүндүк берилет.

**Валюта фонду** – ишканага тиешелүү болгон, анын экспорттук, импортук каржылоосуна керектелүүчү чет элдик валюта түрүндөгү баардык акча каражаттары.

**Валюта эсеби** – ишкана, уюмдун Тышкыэкономбанкта чет өлкөнүн валютасы менен жүргүзгөн эсеби.

**Валютадан түшкөн акч**а - тышкы рынокто сатылган товарлардан, тейлөөлөрдөн түшкөн акча.

**Валюталык өзүн-өзү актоо** (өзүн – өзү финансылоо) – ишканалар, уюмдар тышкы экономикалык байланышка жумшалган валюта чыгымдарын өзүлөрүнүн валюталык кирешелеринин эсебинен жабуучу чарбалык принцип.

**Валюталык өзүн-өзү тейлөө** – ишкананын валюталык чыгашаларын өзүнүн валюталык кирешелеринин эсебинен жабуу.

**Валютанын улуттук системасы** – башка өлкөлөрдүн валютасына тактоосуз алмаштырылуучу валюта. 1976-жылдан бери Эл аралык эсептешүүчүлөрдөн эч бир өлкөнүн, (АКШнын доллары) алтынга алмаштырылбаган девиздик система иштейт. Улуттук жана коллективдик валюталар девиздери – юридикалык ролу боюнча дүйнөлүк акча болот. Ошондой болгонуна карабай 1989 ж өнүккөн өлкөлөр акчанын ордуна 29% алтын резервдерин түзүп коюшкан.

**Варрант** (англ. – негиз, укук) – ишенүү, тапшыруу, б.а. облигациянын ээсине белгилүү убакыттын ичинде кошумча акцияны, облигацияны шартташкан баада сатып алууга берилген укук. Мунун себеби: көп учурда Еврооблигация эки валюталуу вариантта чыгарылат жана бири экинчисине конверттелинет. Еврооблигациянын акчага айырбаштаганда колективдүү валюталар СПЗ, ЭКЮ колдонулат. Ошондуктан варрант керек. Варрантын түрлөрү: 1) жөнөкөй (соло - вексель) – кредитордун атына карыздаркор берген милдеттенме: 2) почта аркылуу жиберүүчү (тратта) биринчи адам (трассант) экинчиге (трассатка) үчүнчүгө берүүгө берилген кат жүзүндөгү буйрук; 3) коммерциялык – товарды күрөөгө берүү (залог); 4) банктык – тратта; 5) казыналык – өзүнүн карызын жабуу үчүн мамлекет чыгарган векселдер.

**Ваучер** – алып жүрүүчүгө мамлекеттик мүлктү приватташтырууга катышууга укук берүүчү баалуу кагаз. Андагы көрсөтүлгөн номинал алып жүрүүчүнүн мүлктөгү үлүшүн көрсөтөт. Эки түрү бар: 1) атуулдук 2) алып жүрүүчүлөр үчүн жөнөкөй түрү. Номинал коюлат, же коюлбайт. (М: Россия 1 ваучер = 1000 рубль Кыргызстанда 100, 200.... упай).

**Ваучердик приватташтыруу** – колдорунда ваучери бар калктын кеңири катмарынын мамлекеттик менчикти приватташтырууга катышышы

**Векселдик нааразычылык** – төлөй турган тарапка которууга коюлган векселге төлөбөгөндөн баш тартып (отказ) бергендигинин фактысын күбөлөндүрүчү факт. Векселдик нааразычылык векселди алып жүрүүчүнүн арызы боюнча официалдуу тарап (нотариус) аркылуу толтурулуп векселге атайын белги коюлат.Ушундай документ толтуруу төлөөдөн баш тарткандан кийинки эки иш күндүн ичинде ишке ашышы керек.

**Векселдерди эсепке алуу-** банктык кредиттик операциянын бир түрү. Векселдердин мөөнөтү жете электе банк жана башка финансы институттары тарабынан сатылып алынышы.

**Векселдик аксепт** – акцепсанттын векселге жазып толтурган суммасын төлөп берүүгө макулдугу. Акцептен баш тартуу векселдик каршылык көрсөтүү аркылуу ишке ашат.

**Вексель** (нем. - алмашуу) – көрсөтүлгөн мөөнөттө белгилүү белгилүү суммадагы акчаны шарт ашканга жараша мыйзамдык түрдө сөзсүз түрдө төлөп бере тургандыгын ырастаган баалуу кагаздын бир түрү: а) вексель, б) которуучу вексель.

**Веналдык нарк** – нормалдуу б.а. рыноктун туруктуу шартында кыймылсыз мүлктү саткандан чыккан баа.

**Венчурдук бизнес** – бизнестин бир түрү. Ал ушул мезгилге чейин турмушта колдонула элек келечекте техникалык, технологиялык жаңылык катары колдонула турган чоң илимий жетишкендик болгондуктан өтө тобокелдикти талап кылат. Бекеринен венчурдук бизнес тобокелге салуу деп айтпайт.

**Венчурдук ишкана** – экономиканын илимди көп талап кылуучу тармагында кичи ишкананын негизинен илимий издөөлөргө, венчурдук (тобокелдик) капиталдын негизинде инженердик иштеп чыгуу аркылуу илимдин жаңы, буга чейин белгисиз болгон мейкиндигине чыгууга адистештирилет.

**Венчурдук капитал** – акчаны тобокелдиктен эң жогорку даражасын мүнөздөгөн капиталдык салымга жумшоо.

**Вертикалдык бирикме** – даяр продукция өндүрүштүн ар түрдүү стадияларын ишке ашыруучу ишкананын бир формасы.

**Вертикалдык интеграция** – жалпы соңку продукцияны өндүрүп, сатуу, керектөөчү жалпы бир участокто иш жүргүзүүчү уюмдардын, бирикмелердин, корпорациялардын өндүрүш, уюштуруу иш аракеттери боюнча түзүлгөн бирикмелер. Алар материалдык камсыз кылуучулар, айрым деталдарды, бөлүктөрдү даярдоочулар, акыркы даяр буюмду бириктирип жыйноочулар, акыркы продукцияны сатуучулар, керектөөчүлөр болуп уюштурулат.

**Вертикалдык концентрация** – бир ишканада буюмду өндүргөндөн сатканга чейин б.а даярдагандан сатканга чейин бардык циклдарын камтылгандыгы аталат.

**Вертификация** – материалдардын,документтердин жалган эместигин текшерүү, аныктоо.

**Вольвация (**фр - баалоо) - баалуулуктарды, чет элдик валютаны улуттук акча бирдиги менен өлчөө. Валоризация деген терминдин вольвациядан айырмасы-бул термин валютанын курсун төмөн же жогору болушун көрсөтөт, анткени ал үчүн: револьвация, “девольвация ”деген түшүнүктөр колдонулат .

**Вольрастын мыйзамы** - жалпы экономикалык тең салмактуулугун көрсөтөт: Эгерде баардык иштеп жаткан рыноктор тең салмактуулукта турса, анда акыркы рынок даагы тең салмактуулукка жетет.

**Вэлфер** – акча түрүндөгү социалдык пособие.

## «Г»

**Гарант –** белгилүү гарантияларды (кепилдик) берүүчү, алардын аткарылышына көзөмөлдүк кылуучу адам, уюмдар , мамлекет.

**Гарантияланган паритет –** валюта курсунун төлөм каражатын аткарып жаткан учурундагы жогорулап же төмөндөп кетүүсүнүн негизинде келип чыгуучу коркунучунан сактоо максатында валютанын курсу боюнча алууга гарантия берүү.

**Гарантия –** кепилдик милдеттемелерин аткарылышын камсыз кылуучу укуктук принциптердин жана каражаттардын жыйындысы.

**Гарантияланган баа –** белгилүү товарга мамлекет тарабынан кадимки тең салмактуу рынок баасынан жогору коюлган баанын минималдык чеги.

**Гарантияланган кредит** – мамлекеттик органдардын, мекемелердин атынан бир өнөр жай, соода ишканалары башкаларга банкты же мамлекетти кепил кылып (гарантия) кредит бериши.

**Гарантияланган салык –** эл аралык ремононолиялык топторго кирген өлкөлөрдүн салык саясатын, анын координицияланышын, салыктардын унификацияланышынын, системасынын көрсөткүчү.

**Генералдык дистрибьютор –** ички жана тышкы рыноктордо сатууну түздөн – түз, агенствосунун тармактары аркылуу өз алдынча уюштуруп, товар импортоочу фирма.

**Генералдык келишим –** 1) негизги генаралдык келишимдеги баардык аткарылуучу ишке жооп берүүчү подрядчиктер иштин бир бөлүгүн башкаларга б.а. субподрядчиктерге берүү укугу; 2) - күрөө – жалпы күрөө, бир жолу эле кредитке эмес андан кийинкилерге дагы жарактуулугун айкындайт.

**Гинеринфляция –** баанын деңгээлинин өтө ыкчам жогорулашы, инфляциянын эң жогорку темпке өсүшү.

**Горизонталдуу биригүү –** өз ара атаандаш эки, же андан көп корпорациялардын биригиши (М: эки жергиликтүү пресса).

**Грант –** 1) илимий изилдөө жүргүзүү, аны ишке киргизүү үчүн берилген заказга мамлекет каржылап акча төлөп берет; 2) окумуштуулардын, адабият, искусство кызматкерлерин илим издөөлөрүнө финансылык колдоо көрсөтүүү максатында кайрымдуулук иретинде бөлүнгөн акча каражаттары.

**Грант-элемент** – ар түрдүү кредиттерди, карыздарды берүүнүн шарттарын салыштырууда колдонуучу эл аралык статистикадагы интегралдык көрсөткүч. Анда жеңилдик мезгили, пайыздын ставкасы көрсөтүлөт.

**Грендердик кылуу** (нем. – изилдөөчү, уюштуруучу) – банктарды, акционердик коомдорду, ар түрдүү ишканаларды шашылыш дүрбөлөңдүү түзүү. Булар көбүнчө экономикалык жандануу учуруна туура келет. Грендердик ишканалар накта акциясы жок «жел» ишканалар болот, конкреттүү продукция чыгарбайт, биржалык алып - сатарлык (спекуляция) менен күн көрүп, финансылык үлүштүрүүчүлөрдүн амалкөйлүк, таза эмес ажиотажы менен коштолуп жүрөт.

**Гросстун шарты** – деңиз, дарыя менен жүк ташыганда колдонулуучу иштерди аткаруунун рассходдрун бүтүндөй клиенттин ээси сүйлөшүлүп кабыл алынган жуктөөнүн, жүктү түшүрүүнүн нормасында төлөө милдетин алат.

**Гуд-вилл** – 1) фирмалардын ишиндеги байланыштын нарктын шарттуу өлчөмү, б.а. алардын материалдык эмес активдеринин топтолушу (соода маркаларынын артыкчылыгы, иш билгилик, байланыш тажрыйбалары, туруктуу клиентуралары); 2) клиентуралардын ак ниетүүлүгү, жакшылык каалагандары; 3) ушундай эле фирмага салыштыруулары алар алган орточо пайдага караганда келечекте алына турган пайданын жогору болорун алдын-ала акчалай өлчөмүн белгилөө; 4) негизги капиталдын, активдердин бири-бирине карата карама-каршылыктарын билгизбей ишканаларын баасы менен негизги капиталдын реалдуу баасынын айырмасын өтө кескин кылбоо.

## «Д»

**Давальдык чийки зат** – даяр продукция алынгандан кийин кайрадан чийки зат алып чыккан фирмага импорттоо максатында бир өлкөдөн башка бир өлкөгө экспорттолгон чийки зат.

**Далдалчы (экон. - арачы)** – товарларды өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн ортосунда тунук, товарлардын өтүүсүнө көмөкчү болгон адам, фирма, уюм. Булар көп учурда сатуучуларга, сатып алуучуларга көмөк көрсөтүп орточулук кылышат.

**Дамно -** 1) баалуу кагаздарды көрсөтүлгөн курстук наркынан төмөн саткандан келип чыккан жоготуу; 2) векселдердин инкассолук эсебин алганга кетүүчү комиссиондук, пайыздык жана байланыш чыгымдарга банктардын клиенттеринен ашыкча ала турган төлөмдөрү.

**Дамнификация –** жоготууга туш келүү.

**Дата –** «дивидендсиз» - баалуу кагаздын рынокко кирген датасы көрсөтүлөт, бирок боло турган кирешенин суммасы, контракттык баасы кулактандырылган болсо деле векселде көрсөтүлбөйт.

**Дебектура** – тиешелүү акча кайтарып бергендиги жөнүндөгү бажыканалык күбөлүк.

**Дебет** – жашыруун бухгалтердик эсеп-кысап. Акчалай өз ара эсептешүүлөр, кирешелер, чыгымдар камтылат.

**Дебитор –** ишканага мекемеге акча карызы бар юридикалык тарап, жеке индивид б.а. карыздакор.

**Дебуре** – кайтарылып берилбөөчү соодадагы ж.б. чыгашалар.

**Девальвация –** улуттук валютанын официалдуу курсунун алтынга, чет элдик валюталарга, эл аралык эсептешүү бирдиктерине карата мыйзамдуу түрдө төмөндөшү.

**Девиз –** эл аралык деңгээлде колдонулуучу чет өлкөнүн валютасы менен төлөнүүчү каражаттар.

**Девиздик саясат -** валюта саясатынын бир формасы, анын чет өлкөнүн валютасын сатууда жана сатып алууда валюта курсун багытоого (девиз) колдонулат.

**Дезавирлөө –** ишеним берген тараптын ишеним берилген адамдын иш аркетине макул эместигин, тескерисинче ал адамдын ишеним берген адамдын атынан иш жүргүзүүгө укугу бар экендигин ырастаган арыз.

**Дезинфляция –** баанын өсүшүнүн басаңдашы.

**Декларация –** салык, бажыкана жыйымдары төлөнгөн товарлардын тизмеси менен кошо барилүүчү кулактандыруу.

**Декорт** – товарга убагында, эрте төлөгөндө, анын сапаты келишимдегиден начар болуп калганда товардын баасын төмөндөтүү.

**Декувер –** мүлктүн баасы менен аны камсыздандырган сумманын ортосундагы айырма.

**Деливери (ордер, документ) -** контракттын мөөнөтү бүткөндө товарды деливер пунктка жеткирүүгө кат жүзүндө берилген буйрук.

**Деликт –** калыбына келтирүүнү милдентендирилген зыян алып келүүчү укук бузуулар, бүтпөгөн иш – аракеттер.

**Делькредере (ит. - ишенимге)** – комиссионер менен үчүнчү тараптын ортосундагы түзүлгөн келишимдин аткарылышы жөнүндөгү комиссионердин компаниянын алдында алган кепилдиги. Д. кылгандыгы үчүн комиссионер өзгөчө сыйлык алат.

**Демаркетинг –** суроо талаптын төмөндөтүү боюнча жүргүзүлүүчү маркетингдик усул.

**Демередж –** кеменин ээсине жүктүн ээси (фрактовшик) портто келишимде көрсөтүлгөн мөөнөтүнөн ашык туруп калганына байланыштуу төлөнө турган сумма.

**Демонетизация –** официалдуу түрдө ашыкча тыйындарды «акча» функцияларынан ажыратып жана жүгүртүүдөн алып салуу, жокко чыгаруу. Д. алтындын валюталык металл ролун жокко чыгаруу.

**Демонополдоштуруу –** керектөөчүлөргө өзүнүн шартын аткарып бир продукция боюнча үстөмдүк кылган мамлекеттик, жеке монополияларды четтетүү. Муну ишке ашыруу үчүн ошол монополия өндүрүп жаткан продукциянын өндүрүшүн ар кайсы жерлерге бөлүштүрүп чачыратып жиберилет; ишканаларды майдалап, анын ичинен өз алдынча иштеген өндүрүштү бөлүп чыгып анын базасында майда жеке менчиктик, үй-бүлөлүк, корпоротивдик фирмаларды уюштуруп анын натыйжасында товар өндүрүүчүлөрдүн арасында реалдуу чыныгы атаандаштыкты камсыз кылышат.

**Демпинг (англ. – арзандатуу)** – тышкы рынокту ээлеп алуу үчүн колдонулуучу накта атаандаштык күрөштүн формасы. Негизги мазмуну дүйнөлүк соодага төмөнкү баадагы, ички рынокто жогорку баадагы товар экспорттоого колдонуу. Товарды ички рынок баасынан, өздүк наркынан төмөнкү баада сатууга тарифтер жана соода боюнча мамлекеттердин генералдык макулдашуулары аркылуу тыюуу салынат. Д. каршы коргонуу жогорку тариф боюнча жүргүзүлөт.

**Демпинг-валюталык** – валюта менен камсыз болгон өлкөлөрдөн валютасы кадыресе туруктуу өлкөлөргө товарды төмөнкү баа менен экспорттоо.

**Демпинг-товардык –** тышкы рынокто товарларды ички рынокко караганда өтө төмөнкү баада сатуу.

**Денационализация (фр. – реприватизация)** – улутташтыруунун негизинде пайда болгон мамлекеттик менчик, өнөр жай ишканаларын, жер участкаларын, акцияларды ж. б. жеке менчикке өткөрүү.

**Деноминация –** эсеп кысапты жөнөкөйлөтүү максатында кагаз акчаларды бөлөкчө атоо. Курсу ыкчам төмөндөп кеткендиктен, андай акчалардын сан менен көрсөтүлүшү төмөндөтүлөт, жаңы акча чыгарылат. Баалар, тарифтер, маяна ж.у.с. жаңы акча менен эсептелинет. Д. инфляциянын кесепетинен келип чыгат, ал белгилүү деңгээлде акчанын жүгүрүшүн жөнгө салып, эсеп-кысапты оңойлотот.

**Денонсация –** мөөнөтү бүткөн күндөн баштап келишимди токтотуп жаңы келишим түзүүдөн официалдуу баш тартуу .

**Джентельмендик макулдашуу** – ооз эки түрдө эл аралык практикада кабыл алынган келишимдин аталышы. Эл аралык укук коргоодо келишимдин макулдашуунун мындай формасы сөзсүз түрдө кат жүзүндө болушунун муктаждыгы жок, бирок кандай шартта болбосун келишимдин сөзсүз аткарылышы негизи принцип болуп эсептелет.

**Джоинт – венчур** – 1) бир максатты ишке ашыруу үчүн мүлктөрүн, психологиялык капиталын д.у.с.бириктирүү; 2) мүлктүн жалпылыгынын негизинде чогуу башкарып, кыянат кырсыктардан чогуу көтөрүү максатында биргелешкен экономикалык кызматташтык.

**Джооббер –** бюджеттик операцияларда брокерлерге (четки далдалчыларга) тейлөө көрсөтүүчү борбордук далдалчы.

**Депозит** – финансы кредиттик, бажыканалык, администрациялык мекемелерге сактоо үчүн берилген акча каражаттары, баалуу кагаздар. Депозит ссуданын бир булагы. Алар төмөндөгүдөй болот:

- **банк денозиттери** – банктагы салынган накта акчалар, банктын пассивинин бир бөлүгү

- **депозит пайыз** – депозиттин өлчөмүнө жараша өзүнүн клиенттерине банк бере турган пайыз.

- **депозит сертификаты** – алып жүрүүчү тараптын банкка белгилүү мөөнөттө пайыз алып келүүчү акча салгандыгын күбөлөндүргөн баалуу кагаз.

- **депозитарий** – баалуу кагаздарды, депозиттерди сактоочу жай.

- **депозировать этилген** – балуу кагаздарды депозиттерди мамлекеттик мекемелерге (банк, нотариалдык контора) сактоого берүү.

- **депозит эскертүүчү** – ишканалардын, айрым жеке инсандарды акча каражатын сактоого алган фирма.

**Депонент** – ишканада, уюмда убактылуу сакталган белгилүү суммадагы акчасы бар коомдун укуктуу мүчөсү, жеке инсан. Допоненттелген суммалар тийиштүү адамдарга алардын талабы боюнча төлөнөт, ишканаларга, уюмдарга которулат.

**Дериват –** валюта курсуна, баалуу кагаздарга, товарларга негизделген келишим (аукцион фьючерс); алып жүрүүчүлөргө, алардын ою боюнча, сатып алууда (сатууда) жагымдуу бааларды билип туруууга мүмкүндүк берет.

**Деструкция –** буга чейин калыптанган чарбадагы, экономикалык өндүрүштүн структурасынын бузулушу, экономиканын кыйрап,талкаланышы.

**Дефицит (лат. – бөлүштүрүү)** 1) жетишсиздик; бир нерсенин тартыштыгы; 2) кемүү; чыгашанын кирешеден ашыктыгы 3) төлөө балансындагы Д. төлөө балансындагы пассив дегенге эле окшош.

**Дефляция (эконом)** – инфляция мезгилинде чыгарылган өтө ашык өлчөмдөгү кагаз акчаларды, банкнотторду пайдалануудан алып таштоо, ошондой эле өлкөдө баанын деңгээлинин жалпы төмөндөшү.

**Дефольт** - компания жоюла турган абалда калган учурда анын баалуу кагаздарга пайыз төлөөсүн токтотушу.

**Децентрализация –** борборлоштурулганды кайрадан жиктештирүү, бөлүкчөлөргө бөлүү. Мисалы: эсеп-кысап иштерин жүргүзүлүүдө, ишкананын территориялык бөлүкчөлөрүн өз алдынча иштөөсүн камсыз кылуу, б.а. ишканалар негизги эсеп-кысап операцияларын өз алдынча жүргүзө алышы.

**Диверсификация** - негизги өндүрүш менен байланыш өндүрүлгөн менен жаңы продуктуларын рыногунда фирмалардын иш аракеттеринин чөйрөсүнүн кеңейишине багытталган маркетингдин стратегиясынын бир түрү.

- **өндүрүштүк диверсификация** – бири-бири менен байланышы жок өндүрүштүн көп түрүнүн бир убакытта өнүгүшү, өндүрүлүп жаткан буюмдарды ассортиментинин көбөйүшү.

**- эксперттик дивесификация** – экспортко чыгарылуучу продукциялардын, тейлөөлөрдүн түрлөрүнүн, аталышынын, санынын өсүшү көбөйүшү.

**Дивиденд** – (лат. – бөлүштүрүүчү) акциянын ээсине пайдадан төлөнүүчү бөлүк. Д. өлчөмү алынуучу пайданын суммасына, акциянын түрүнө, санына көз каранды. Жөнөкөй акциялар үчүн корпорациялардын ишмердиги негизги мааниге ээ, өзгөчө акциялар үчүн. Д аз болушу мүмкүн, бирок иш жүзүндө тескери болот. Д төмөн болсо жумшалган каражаттар акталбай калат.

**Дивидендди жабуу** – компаниянын алган пайдасы анын дивидендге төлөгөн суммасынан канча эсеге жогору экенедигин көрсөтүүчү сан.

**Дизажио –** эмиссиялык курсу менен сатканда облигациянын наркынын төмөндөгөнүнө байланыштуу облигациянын баасынан кемитүү.

**Дилер -** өзүнүн атынан, өз эсебинен биржалык, соода далдалчылыгын жасоочу адам (фирма), фирмада ордуну бар, баардык кагаздарды котировкалайт. Дилердин кирешеси валютанын баасы менен баалуу кагаздардын ортосундагы айырманын, ошодой эле алардын курсунун эсебинен пайда болот.

**Дилюция пайдасы –** акцияларга карата кирешенин төмөндөшү: дивиденддин төмөндөшү.

**Дискаунт –** чекене соода жүргүзүүчү ишкана. Мында жөнөкөй өндүрүш каражаттарын колдонуп чектелген товарлар менен тейлөөлөрдү чыгарып сатуунун чыгымдарын, бааны төмөндөтүү, товар жүгүртүүнүн ылдамдыгын арттыруу максаты көздөлөт.

**Дисконт** – векселдердин эсебин алуу.

**Дисконт саясаты** – валюта саясатынын бир формасы. Аны кредиттин пайыздык өлчөмүн өзгөртүп, валютанын курсун, капиталдын кыймылын, төлөм баланстарын жөнгө салуу үчүн колдонот.

**Дисконтоонун накта акча менен төлөнүшү** – товардын баасынан, эгерде сатып алып жатканда токтоосуз накталай акча менен төлөнсө, бир азыраак кемитүү.

**Дискрециондук фискалдык саясат** – калкты ишке тартуу жана экономикалык өнүгүүгө өбөк болуу максатында атайлап алдын ала салыктын, өкмөттүн чыгымдарынын көлөмүнүн өлчөмүн чыгаруу.

**Дискреция –** ишкананын өз алдынча иш жүргүзүүсүн, экономикалык проблемаларын өз көз карашы менен чечүүсү.

**Диспоз –** ээси тарабынан фрактовщикке кемени бошотуп, жүктү түшүрүү, жүктөө жумуштарын эрте бүтүргөндүгү үчүн төлөгөн сыйлык.

**Диспонсироват этүү (лат. – жайгаштыруу, бөлүштүрүү) –** соода операцияларындагы товарга заказ бергендеги жана аны алгандагы баалардын айырмасы.

**Дистрибьютор** – белгилүү түрдөгү товарларды регионалдык рыноктордо дүң баа менен сатып алууну ишке ашыруучу ишкер адам, фирма. Д. негизинен жабдууларды, техникалык жаңылыктарды, компьютердин программалары менен камсыз кылууга өзгөчө укугу бар жана зор мүмкүнчүлүктөргө ээ.

**Дифференцияланган маркетинг** – ар бирине өзүнчө сунуштарды даярдап, рыноктун бир нече сегменттерине катышуу.

**Дифференцияланган товарлар** – ар түрдүү фирмалардын товарлардын бири биринен физический, же башка бир айырмачылыктарынын болушунун негизинде жекече көрсөткүчтөрү боюнча бир фирманын товарына артыкчылык берилип, алуучулар ошол тарапка ооп кетет (эгерде ушул товарлар бирдей баада сатылып жатса) .

**Дотация (лат. – кошумча төлөө, материалдык жардам)** – ашык чыгымдарды, жоготууларды жабуу максатында, зыян тарткан ишканалардын пайдалуулугун камсыз кылуу үчүн баанын айырмасын төлөөгө финансылык бекер жардам көрсөтүү. Д. административдик башкаруу экономикалык калыбына келтирүүнүн ажырагыс элементи, ал эми рыноктук экономикада Д. өлчөмү, багыты кескин төмөндөйт.

**Дүйнөлүк рынок** – улуттук чарбалар арасындагы алмашуу чөйрө. Эл аралык эмгектин бөлүнүшүн негизинде мындай рыноктордо товарлардын, тейлөөлөрдүн, капиталдын, жумушчу күчүнүн ж.у.с. алмашуусу жүргүзүлөт. Түздөн түз таасир этүүчү негизги факторлор болуп дүйнөлүк баалар, бажыканалар, бул рынокко катышып жаткан өлкөлөрдүн протенциялдык саясаты эсептелет.

**Дүйнөлүк рыноктогу конъюнктура** – дүйнөлүк товар рыногундагы сатуунун шарттарын божомолдоо, баамдоо Д.р.к. баардык тышкы соода жүргүзүү иштеринин составдык бөлүгүн түзөт, себеби келишимдерде контрагенттердин койгон шарттарынын аткарылышы конъюнктуралык баамдоого көз каранды.

**Дүң баа** – товарлардын ири өлчөмдө ар түрдүү тейлөөлөрдү көрсөтүү менен бирге соода, өнөр жай ишканаларында сатылышы. Дүң баа чекене баадан төмөн болот. Ар кандай булактарда дүң баалар жөнүндөгү маалыматтар дайыма чындыкты чагылдырбайт, себеби экспортоочулар кыйла жогорку, ал эми импортоочулар кыйла төмөнкү бааларды коюуга аракеттенишет.

**Дүң киреше** – продукциянын жалпы санына карата чыгарылган баа.

**Дүң коомдук продукт** - коом өзүнчө бир мезгилде өндүрүлгөн материалдык байлыктык суммасы. Д.к. п.тун жалпы көлөмүн заводдун ичиндеги продукциянын айланышы эсепке алынбаган, бирок ашканалардын ортосундагы даяр буюмдар менен тейлөө иштеринин айлануусу эсепке алынган материалдык өндүрүш арасындагы баардык ишканалардын дүң продукциясынын суммасы катарында аныкталган.

**Дүң пайда** – ишкананын сарпталган акча менен эсептен чыгарылганга чейинки пайдасынын баардык суммасы.

**Дүң продукция** – өзүнчө бир мезгилде өндүрүлгөн продукциянын жалпы көлөмүнүн нарк менен көрсөтүлүшү.

**Дүң соода** – товарды айырбаштоонун бир формасы. Анын жардамы менен ишканалардын ортосундагы экономикалык бйланыш ишке ашат. Д.с. үч түрү бар: өндүрүш каражаттары; айыл чарба продукциясы; эл кеңири керектөөчү товарлар. Экономиканын түп тамырынан бери реформалоодо өндүрүш каржаттарын Д.с. кылуу эң негизги багытынын бири болот.

**Дүң үлүштүк продукт**, **дүң ата мекендик продукт, дүң продукт** – өзүнчө бир мезгилде бир өлкөнүн карамагындагы акча түрүндөгү жана жардам иштеринин жалпы суммуасы.

**Дүң чыгымдары** - өндүрүштүк ар бир конкреттүү деңгээлдеги туруктуу жана өзгөрүлмө чыгымдардын суммасы

**Дуополия (лат., гр. – эки сатам)** окшош продукциянын чыгарган эки гана киши сунуш кылган рыноктук жагдай. Кээде «монополия» деген термин катарында колдонулат.

**Дуоспония** – окшош продукцияны сунуш кылган товар өндүрүүчүлөрдүн саны көп, сатып алуучу эки эле киши болуп калган рыноктук жагдай.

## «Е»

**Евро доллар** – (Европанын доллары) Рыноктук өлкөлөрдүн уюмдарынын, жеке адамдардын убактылуу пайдаланбай турган акча каражаттарын кредиттик операцияларга колдонуу үчүн АКШнын доллары түрүндө Европанын ар кайсы банктарында сакталышы.

**Евровалюта** – чет элдик валюталар. Мындай валютаны коммерциялык банктар эмитент өлкөлөрдүн чегинен тышкары өз ара акчасыз эсептешүү аркылуу жасалуучу операцияларда колдонот.

**Евровалюталык бирдик** – (ЭКЮ) ЕЭСке мүчө өлкөлөрдүн улуттук валюталарынын «Корзинасынын» базасында эсептелген жана Эл аралык кредиттик акчанын бир формасы болгон валютанын шарттуу бирдиги. ЭКЮ 1979-жылы ЕВС (европалык валюта системасы) түзүлгөндөн баштап иш аракетке официалдуу киргизилген ЭКЮ алмаштыруу механизминде нарк өлчөмүнүн кызматын аткарат, рыноктук курстан өйдө-ылдый болгон дегңгээлин аныктоонун негизи болуп эсептелет.

**Евровалюталык рынок** – орточо жана кыска мөөнөттүү кредит берүүчү Эл аралык рынок. Ал өлкөдөн тышкары жерлерде улуттук валюта менен жүргүзүлүүчү кредит операцияларына таянат: «Евро» деп аталышы рынокту Батыш Европа менен эле чектебейт, тескерисинче, валюта (доллар, марка, иена) чет өлкө банктарынын эсебинде туруп, кредит берүүгө колдонууларын күбөлөндүрөт.

**Еврооблигация** – пайыз алып келүүчү баалуу кагаз. Муну чыгаруучулар валютаны дүйнөлүк акча катарында колдонуп жаткан

өлкөнүн өкүлү болуунун кажети жок. 1988-жылы Е. 177,2 млрд. долларга чыгарылган. Е. акцияга конверттелиниши мүмкүн, варрант боло алат, ага компаниянын акциясын алууга болот.

**Европалык союз** – (ЕС) Батыш Европалык өлкөлөрүнүн көрүнүктүү интеграциялык топторунун официалдуу аталышы (ноябрь 1993-ж чейин «Европейское сообщество» деп аталган).

**Еврочек** – Европалык банк системасына мүчө өлкөлөрдүн баардыгында төлөм каражаты катары алынуучу чектер. Максаты – туристтик тейлөөлөрдү жакшыртуу.

## «Ж»

**Жабуу** – соода күнүнүн акыркы учуру. Баардык келишимдер соода жабылгандан кийин каттоодон өткөн болуп толтурулат.

**Жактырылган адам** – фирманы контролдоочу адам, бирок анын кызматчысы эмес. Мисалы; компаниялардын директорлорунун мүчөлөрүнүн кеңешчиси, корпорацияга, биржага, банктарга сырттан чакырылган адам.

**Жакырдык –** калктын белгилүү бир катмарынын өзүнүн минималдык керектөөсүн канагаттандыруу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу.

**Жакырдыктын белгиси** – калктын жашоо деңгээлин көрсөтүүчү түшүнүк. Анын критерийлерин жашоонун минимуму түзөт.

**Жалпы менчик** – жамаатка бириккен адамдар өндүрүштүн негизги каражаттарына жалпыбыздыкы деген мамиле кылат. Мисалы; алгачкы общиналык коомдо жана үй-бүлөлүк менчик. Социализмде жер, суу, ж.б. ишкана, мамлекет, үй-бүлөнүн менчигинде болуп, эмгек үзүрүн чогуу бөлүштүрүүгө шарт түзөт.

**Жалпы тең салмактуулукту анализдөө** – тең салмактуу баалардын, өндүрүштүн көлөмүн, рыноктун баардык түрлөрүндөгү ишке тартуунун деңгээлдерин, ошондой эле (региондордун) өлкөнүн экономикалык ресурстарын пайдаланышынын ортосундагы өз ара байланыштарды бир бүтүн иреттүү схема катарында изилдөө.

**Жашоо тиричилик минимуму** – адамдын жашшоосун камсыз кылууга, жана анын жумуш күчүн калыбына келтирүүгө керек болгон каражаттарынын төмөнкү чеги (минимум); өлбөстүн күнүн көрүү дегенди түшүндүрөт. Ал азык–түлүк жагынан дененин физиологиялык керектөөсүн гана камсыздоо, тагыраак айтканда ачка калбай, бирок ашыкча тойбой тамактанып, жупуну кийинип жашоо. Бул нормадан өйдө болсо жылдык – социалдык минимум, ылдый түшсө – жакырдык чеги болуп эсепелет.

**Жеке иш аракеттик патенти** – кандайдыр бир буюмду өндүрүүгө өзгөчө укугу бар экендиги күбөлөндүргөн документ.

**Жеке менчик** – айрым адамдар өндүрүш каражаттарына анын натыйжасына меники деген мамиледе болушат. Мунун эмгек жумшаган, эмгек жумшабаган эки түрү бар. Эмгек жумшаганына жеке чарба, дыйкандар, кол өнөрчүлөр кирет. Алар өздөрүнүн каражаттары, эмгеги менен буюм өндүрүшөт (фермердик менчикти кара); Эмгек жумшабаган жеке менчик – бирөөлөрдүн эмгегинин эсебинен байыйт, анын негизинде коом дөөлөттүү жана жакыр таптарга бөлүнөт.

**Жеке үй-бүлөлүк ишкана**. - жалданма жумушчу күчүн колдонууга болгон үй-бүлөлүк ишкана.

**Жер арендасы –** жерди пайдалануунун формасы. Жердин ээси белгилүү мөөнөткө жалдануучудан акы алып (аренда акысы) жер участогун пайдаланууга берет. Бул аркылуу жер ээси менен жалдануучунун ортосундагы экономикалык мамиле келип чыгат.

**Жер рентасы** – жерге чарба жүргүзүүчүлөрдүн эмгеги менен алынган кошумча продукциянын бир бөлүгү. Рента жерге болгон жеке менчиктен келип чыккан экономикалык мамиленин формасы, аны толугу менен жердин ээси алат.

**Жерди ээлөө** – кимдир бирөөнүн, юридикалык тараптын менчик укугунун негизинде белгилүү участокту, жерди ээлеши. Мындай элөө экономикалык тишелүү функцияларды таанууга, укукка, милдеттүүлүккө шарт түзөт. Бизде малекеттик менчикке болгон тарыхый калыптанган өзгөчө укугу орун алган. Республиканын экономикалык структурасын, анын ичинде агрардык секторду реформалоо жерге ээлик кылуунун көп түрдүү формасынан келип чыгышына жаңыдан гана шарт түзүүдө.

**Жерди ээлөө жана жерди пайдалануу** – жерди негизги өндүрүш каражаты катары рыноктук механизмге жана чарбалык оборотко киргизүүгө берилген буйруктун формасы .

**Жеткирүү пункту (деливер пункт) –** фьючерстик келишим боюнча мөөнөт бүткөндө товарларды жеткирип берүү, кабыл алуу иштерин жүргүзүүчү биржа дайындаган пункт.

**Жеткирүүнүн базистик шарты -** товарды тиешелүү жерге жеткирип сатуучулар сатып алуучуларга өткөрүп бере турган учурда кокустуктан, кыйроодон товар жараксыз болуп калса сатуучу менен сатып алуучунун милдеттерин аныктаган атайын өзгөчө шарт.

**Жолдук чек** - төлөм документтери негизинен туристтерди валюта менен камсыз кылууда колдонулат, алып жүрүүчү ээси көрсөтүлгөн сумманы ырастаган колу коюлат, ал көп жолу текшерилгенден кийин акча берилет.

**Жоюлуп туруучу баалуу кагаздар –** жеке (физический) тарап карызын төлөй албай калганда кредит бергендер жерин, курулуштарын, мүлкүн ээликке алууга укук берүүчү активдер.

**Жөнгө салу –** тартипке келтирүү, белгилүү эрежеге баш ийдирүү.

**Жөнгө салынуучу рыноктук экономика –** чарба жүргүзүүнүн формасы, товарды эркин соодалашуу принцибине таянып экономиканын мамлекеттик эмес секторунда ишке киргизилген мамиле. Жөнгө салынуучу рыноктук экономика шартында мамлекет менен ага кирбеген ишкана тең укуктуу товар өндүрүүчүлөр болушат. Дүйнөлүк экономиканын тажрыйбасында жөнгө салуу рыноктук экономиканын жашашына төмөнкү шарт керек экендиги белгилүү: а) менчиктин көп формада болушу; б) экономикалык субъектилердин өз алдынчылыгы, экономикалык жоопкерчилиги; в) өндүрүүчүлөрдүн, керектөөчүлөрдүн санын жетиштүүлүгү; г) белгисиз рынок үчүн товар чыгаруу; д) тараптардын продукцияга баа коюууга өз укугунун болушу; е) мамлекеттин багытоочу гана функцияга ээ болушу.

**Жумушсуздук –** калктын эмгекке жөндөмдүү катмарынын бир бөлүгүнүн аларга баш ийбеген себептердин негизинде маянасыз калганына байланыштуу, ишке жөндөмдүү болуп, эгер иш чыкса иштөөгө даяр тургандыгын билгизип эмгек биржасында каттоодо тургандарды көрсөткөн социалдык-экономикалык кубулуш, экинчи жагынан алганда жумушсуздук коомдун экономикалык мыйзамы. Анын төмөндөгүдөй түрлөрү бар:

- **агылып туруучу** – эл чарбасынын тармактарынын бирдей эмес деңгээлде өнүкпөгөндүгүнүн негизинде суроо-талапка туура келбеген салыштырмалуу форма, бир ишкана жабылып жатса бири ачылып жаткан болот.
- **жашыруун** – жылдын мезгилине жараша жумушу жок олтуруп калган айыл жергесинде жашаган калктын ал – ахвалын көрсөтөт. **(Квази жумушсуздук)**
- **структуралык** – экономикадагы структуралык өзгөрүүлөрдүн негизинде бош жумушчу орундары менен жумушсуздардын санынын дал келбөөсү. М: жумуш орун бар, ага даяр кесиптеги жумушчу жок.
- **фрикциондук** – адамдардын бир жерден экинчи жерге, бир ишканадан экинчи ишканага өтүү үчүн жумуш издеши. Көбүнчө жумуш изегендер жакшы социалдык-экономикалык шарттагы кызматтарды издешет.
- **циклдик** – өндүрүштүн экономиканын төмөндөөсүнөн жана жумуш күчүнө болгон талаптын жетишсиздигинен келип чыгат. Жумушсуздук рынок экономикасынын айыкпаган илдети.

**Жумушсуздук боюнча пособие** – мамлекет тарабынан мыйзамда каралган шартта жумушсуз деп катталган адамдарга мезгили менен төлөнө турган сумма. Бул убактылуу ишсиз адамдарды социалдык коргоо болуп эсептелет жана рынотук мамиле жетилген өлкөдө колдонулат.

**Жумушсуздар** – белгилүү датада иши жок, болгон иш аркеттин иш издөө менен өткөргөн калктын институтционалдык бир бөлүгү.

## «З»

**Задатка –** түзүлгөн келишимди далилдөө, анын аткарылышын камсыз кылуу максатында экинчи тарап баа келишими боюнча төлөөнүн эсебинен келишим түзгөн биринчи тарап жагынан берилүүчү акчанын суммасы.

**Заем (карыз) –** бир тарап (заем берүүчү) экинчи тарапка (заем алуучуларга) түрдүк белгилери бар (саны, салмагы, өлчөмү) менен аныкталган акчаны, буюмду экинчи тарапка (заем алуучуга) менчикке оперативдүү башкарууга берүүчү келишим, ал эми экинчи тарап (заем алуучу) алган акча суммасын ошол эле түрдөгү, ошондой саппатагы буюмду кайтарып берүүгө милдеттенет.

**Заем (мамлекеттик) –** мамлекет, карыз алуучу, кредит берүүчүнүн ролундагы кредиттик финансылык операциялардын бир түрү.

**Заемдук каражаттар** – банктар, ишканалар убактылуу пайдаланууга берген ссудалар. Алар максаттуу болуп, жокко чыгаруу мөөнөтү болот. Узак мөөнөттүүлөрү капиталдык салымдарга, өндүрүштү жаңылантууга берилет ж.у.с.; ал эми кыска мөөнөттүүлөрү ишкананын айлануу каражаттарын түзүүнүн бир булагы болуп эсептелет.

**Заказ –** фирмалардын, ишканалардын чарба иш аркетин жүзөгө ашырууну жана багытоону уюштуруунун экономикалык, укуктук формасы, б.а. контракты сатууга, сатып алууга брокерге фирманын берген буйругу. Заказ аткарууга ошол күнү бүтсүн деп берилсе анда бир күндүк болот; биржа ачылгандай жабылганга чейин убакыттын баарын алса – ачык; учурдагы баа менен берилсе – рыноктук; келечекте алынуучу баанын негизиндегиси – мамлекеттик заказ деп аталат.

**Заказдар –** фирмалардын ишканалардын чарбалык иш – аркеттерин аткаруусунун, багыттоосунун экономикалык, укуктук уюштуруунун формасы. Анын негизги формасы болуп продукцияны өндүрүү, тиешелүү жерине жеткирүү боюнча мамлекеттик заказдар эсептелет (малекеттик заказ, заказдардын портфели).

**Залог (күрөө)** – карыздын материалдык камсыздыгы түзгөн (кредиттик, ссуданын) мүлктөр, баалулуктар.

**Залогдук (күрөөлүк) складдар** – акциздик салыктар, пошлиналар төлөөгө туш келген товарларды сактап туруучу өкмөттүк товар сактоочу жай (склад). Бул складдан пошлинанын тиешелүү суммасы төлөнмөйүнчө товарды алып чыгып кетүүгө уруксаат жок.

**Залогдук күрөөлүк товарлар** – пошлина төлөөчү импорттук товарлар; кайра алып чыгып кетмейинче, тиешелүү суммасы төлөнмөйүнчө салык складында сакталып турат.

**Запастар (өндүрүштүк)** – өндүрүш чөйрөсүндөгү айлануучу каражаттардын бир бөлүгү. Аларга өндүрүш процессине колдонула элек эмгек предметтери: чийки заттар, материалдар, энергия берүүчү заттар, үрөн, жем, чөп, запастык бөлүктөр ж.у.с. кирет.

**Зона (эркин ишкердиктин)** – эркин ишкердик жүргүзүлүүгө шарт түзүлгөн зона; чет элдик капиталдын катышуусу менен узак убакытка арендага берилүүчү аралаш типтеги компанияларды түзүү; айрым территорияларга өзгөчө мыйзам актылары, улуттук, чет элдик чарбалык субъектилердин областарда, райондордо, шаарларда чарба жүргүзүүдө жеңилдетилген режим камсыздалат; зонаны башкаруу жергиликтүү бийлик аркылуу ишке ашат.

**Зона (эркин сооданын)** – былтыркы, андан мурдагы жылдардагы кемүүлөрдү эске алып, учурдагы, келечектеги кирешелерди салыктан сактоо максатында кирешелерди кемүүлөрдүн өлчөмүнө жараша төмөндөтүү.

## «И»

**Ийкемдүү** – бир экономикалык чоңдуктун экинчинин өзгөрүшүнө карата болгон реакциясынын (жооп берүүсүнүн) даражасы.

**Ийкемдүүлүк** (кирешеге болгон суроо-талапка) товарга болгон суроо-талаптын өлчөмүнүн өзгөргөнүн (пайыз түрүндө) керектөөчүлөрдүн кирешесинин (пайыз түрүндө) өзгөргөнүнө болгон катышы

**Ийкемсиз суроо-талап –** башынан аздыр көптүр өзгөрткөнүнө карабастан, туруктуу денгээлдеги суроо-талаптар.

**Имидж** – ишкананын товары, тейлөөсү жөнүндө туруктуу, жакшы ой – пикирди калыптандыруу жана колдоо.

**Иммобилизация (капиталды) –** айлануучу капиталды негизги капиталга өткөрүү.

**Импорт (лат. - киргизем) –** өлкөдө сатуу, пайдалануу максатында чет өлкөнүн товарын алып келүү; Капитал И – чет өлкөдөн капиталдын келиши (кредиттик, заем түрүндө, чет өлкөлүк фирмалардын жергиликтүү ишканаларды сатып алуу формасында) .

**Импортоочулар (фр, лат)** – товарларды, тейлөөлөрдү тыштан алып келүүчү адам, юридикалык тарап.

**Инаудит –** биргелешкен ата мекендик, чет элдик ишканалардын партнерлоруна биргелешкен ишкердик жүргүзүүгө катышкандарга консультация берүүчүч аукциондук уюм.

**Инвестиция (нем, лат, - кийинтем) -** пайда табуу максатында капиталды өлкөнүн ичинде, андан тышкары өнөр жай, айыл чарба, транспорт, башка тармактарга узак мөөнөтүү салымдоо. И. финансылык жана реалдуу болот. 1) Ф.и – капиталды, акция, облигация ж.б. баалуу кагаздарды сатып алуу, сарптоо. 2) Р. и - өлкөдө, чет өлкөдө капиталдык өндүрүшкө, үй-жай курулушуна жумшоо. И. жеке адамдар, мамлекет ишке ашырышат

**Инвестициялык баалулуктар** – өзгөчө сунуш кылынган акциялар, анткени мындай акциялар узак мөөнөттүү капиталды салгандарга жумшоо максатын көздөйт.

**Инвестициялык тобокел** - инвестициялык климатты түзүүчү элементтер.

**Инвестор -** ишкана, бирикмелер ж.б. ишкердик иш аракеттерге каражат сраптоону ишке ашыруучу адам.

**Индекс (лат. – сарптоочу)** тигил же бул кубулуштардын, ошондой эле экономикалык өзгөрүүлөрдү мүнөздөгөн статистикалык көрсөткүч. Өндүрүштүн, товар жүгүртүүнүн, тышкы сооданын индекстери кеңири колдонулган төмөнкү индекстер бар:

- **акциянын индекси** - акционердик компаниялардын топтолушунун акцияларынын орточо курсу. Негизинен жалпы экономиканын, биржанын страховкасынын ал-ахвалын, баасын чыгарууда колдонулат. Акция сыяктуу эле акциянын индекси биржада сатылат. Баардыгынан белгилүүсү дүйнөлүк 30 ири компаниялардын индекстери болуп эсептелет (Доу - Джонстун)

- **баа индекси** – өлкөдө, региондордо, ал түгүл дүйнөлүк рыноктордогу бир канча товарлардын баасын эсептеп чыгарууда жалпы (орточо) баанын деңгээлинин салыштырмалуу өзгөрүшүнүн көрсөткүчү

- **жашоо деңгээлинин индекси** - калктын ар түрдүү категорияларынын материалдык жыргалчылыгынын өзгөчө, актуалдуу жашоо шартынын өзгөрүшүнүн салыштырмалуу түрдөгү көрсөткүчү.

**Индексация** – инфляциянын натыйжасында директивдүү түрдө калктын кирешесинин компенсация (толуктоо) жолу менен салыштырмалуу көбөйтүү, маяна, пособие, пенсиялардын өсүшү.

**Индексация (кирешени) –** инфляциянын деңгээлине жараша номиналдык кирешелерди көбөйтүү (маянаны, социалдык төлөмдөрдү) .

**Индексация (салыкты) –** кирешеден алынуучу салыктын айрым элементтерин (салык салынбаган минимум, жеңилдиктер аркылуу) керектөөчү товарлардын, тейлөөлөрдүн, маянанын индексинин ж.б. жеке кирешелердин баасынын официалдуу индексинин баасынын өскөнүнө жараша өзгөртүүү.

**Индемитет –** жоготууну калыбына келтирүү, компенсация.

**Инжениринг –** проектилөө боюнча инженердик, консултациялык тейлөө көрсөтүү, ошондой эле ишкананы иштетүү, башкаруу, өндүргөн продукциясын сатуу боюнча тейлөөчү сунуштарды көрсөтөт. И. рыноктук товар, анткени, сатып алуучулар алдын ала алынуучу тейлөөнүн түрүн, салмактын өлчөмүн, баасын, тейлөө жолдорун, уюштуруу шарттарын билип туруп, андан кийин контракт түзүлөт.

**Инкассо –** өз клиенттертнин буйругунун негизинде банк акчанын вексель, чек боюнча кабыл алышы.

**Инновациялар (жаңылык киргизүү) –** экономикага муундарды, техниканы, технологияны толук алмаштырууну камсыз кылгандай каражаттарды жумшоо процесси.

**Инсайдер –** кызмат абалынын аркасы менен, туугандык мамилеси аркылуу фирманы иши боюнча конфиденциялдуу информацияга тоскоолсуз кирүүгө мүмкүнчүлүгү бар адамдар.

**Институтционализм –** экономика теориясынын бир багыты. Алар экономикалык процесстерди социалдык, укуктук, саясий психологиялык ж.у.с. коомдук мамилелер аркылуу анализдешет. Коомдун өзгөрүүсүнүн негизине технологиялык жогорулоону негиз кылып алышат.

**Институтциондук реклама –** корпорациялардын имимджин жарнаткоо.

**Интернет –** глобалдуу компьютердик тармак. Ал көлөмдүү өзгөчөлөнгөн информациялык сервиске кирүү мүмкүнчүлүгүн берип электрондук почтаны камсыз кылат. Ага кирүү правайдерлер аркылуу ишке ашат.

**Ипотека –** (фр. – күрөөгө берүү) – ссуда алуу максатында, б.а. мүлктү күрөөгө берүү. Карызга берилген мүлктү карыз акчаны да И. десе болот.

**Иррейта –** анча мынча катаны, туура эмес жазылып калганды документ толтуруп жатканда кетирилген ката экендигин, «оңдолгондугуна ишенүүгө болот» деп жазып, мөөр басылган ишкер документтердеги (полистерде, сертификаттарда) коюлган кол.

**Иск –** биринчи инстанциядагы сотко субъективдүү укукту граждандык сот жүргүзүүчү (процесс) шартындагы мыйзам коргогон кызыкчылыкты коргоону талап кылган тийиштүү адамдын кайрылуу түрүндөгү юридикалык (процессуалдык) аракети.

**Истеблишмент –** 1) пайданын жогорку деңгээли, коомдогу туруктуу абал, жеткиликтүүлүк; 2) коомдун ак сөөктүк абалдагы катмары, булар ушул коомдун негизги таянычы.

**Ички лаг** – экономикалык силкинүүнүн учуру менен мамлекеттин ага каршы жооп берүүчү экономикалык саясатты кабыл алган учурдун аралыгы.

**Ички рынок** – улуттук экономиканын чегинде улуттук дүң продукцияны сатуудагы товар алмашуу боюнча келип чыккан экономикалык мамиленин системасы.

**Ишкана –** өндүргүч күчтөрүнүн иштешинин белгилүү тарыхын коомдук формасын, эмгектин коомдук бөлүнүшүн обчолонгон төмөнкү звеносу. Ишкана жумушчу күчү менен эмгек каражаттарын бириктирет, ошондуктан ал биринчиден – өндүрүш процессиндеги эмгектин кооперациясы жана жамааты, экинчиден – бир продукция чыгарууга ылйыкталган технологиялык биримдиктеги өндүрүш каражатынын комплекси.

**Ишкана финансысы –** өндүрүштү өнүктүрүү, кайталап өндүрүүнү камсыз кылуу үчүн ишкананын наамына топтолгон акча каражаттары, аны түзүү, чыгымдоонун формалары, жолдору.

**Ишкананы (бирикмени) арендалоо** – жалдоочу менен жалдануучулардын ортсунда келишим түзүлүп ишкананы мүлкүнө (кыска

мөөнөткө) жамаат убактылуу ээлик кылат. Ал үчүн жамаат чечим чыгарат, жергиликтүү башкаруу органдарынын каттоосунан өткөн Уставка (Жобого) таянып иш жүргүзөт. И.а. жумушка алуу, бошотуу, эмгекти уюштуруу, эс алуу күндөрүн белгилөө, отпускага жиберүү, иштин режимин, киреше бөлүштүрүү ж.у.с. процесстерди өз алдынча жамаат чечкенге мүмкүнчүлүк берет

**Ишкананын валюта фондусу** – КМШнын Тышкыэкономбанкына кирген ишканалардын валюта каражаттары.

**Ишкер –** менчиктин ээси, эң жогорку пайда алыш үчүн, кандайдыр бир чыгармачылыкты ишке ашырыш үчүн экономикалык тобокелге барган адам. Ишкердик мыйзам ченемдүү жүргүзүлөт, менчиктин формасына жараша мамлекеттик, жамааттык жеке менчиктик деп бөлүнөт.

**Ишкер адам –** кандайдыр бир керектүү идеяны ишке ашырып ошонун негизинде пайда алуу үчүн экономикалык тобокелге баруудан кайра тартпаган менчик ээси.

**Ишкердик кылуу –** пайда алуу максатында мыйзамга ылайык, рыноктун шартында ар кандай бизнестик кылууну ишке ашыруу. Менчикке жараша: жекече, жамааттык, мамлекеттик болот.

**Ишкердик оюндар** – ар кандай өндүрүштүк шарттарда берилген тапшырмаларды колдонуп башкаруунун чечимдерин калыптандыруунун усулдарын оюн түрүндө көрсөтүү.

**Ишкердүүлүк кылуу –** рыноктук экономиканын шартында пайда алуу үчүн мыйзамга ылайык аракетти ишке ашыруучу субъект. Менчиктин формасына жараша: мамлекеттик, жамааттык жана жекече И.к. деп аталат.

**Инфляция (лат. – ашып-ташуу) –** калкка сатылуучу товардын массасынын, бааларынын суммасынан алмашуу процесси үчүн коюлган эмиссия санын көп болушунан келип чыккан валюта наркынын төмөндөшү. И. үч түрү кездешет: а) мелүүн; б) тaскактуу; в) ээ бербеген (гиппер И.). Биринчиде баалар жай (жылына орточо он пайыз), экинчиде баа ыкчам жогорулайт. Мындан тышкары «сойлочуу И.» деген түшүнүк турмушка кирди, ал баанын тынымсыз жогорулаганын билдирет. И. элдин жашоо турмушун жакырлантат, экономикалык жана социалдык карама-каршылыкты күчөтөт (дефляцияны кара).

**Инфляциянын деңгээли** – товарлардын, тейлөөлөрдүн баасынын жалпы, текши эмес жогорулашынын натыйжасында пайда болгон акчанын наркынын төмөндөө деңгээли. И.д. жалгыз эле баанын жогорулашынан эмес, анын билинбей кымбаттаганынан, керектөөчү нерселердин тартыштыгынан, арзан товарлардын жок болуп кетишинен, рыноктун кыйрашынан сезилет. И.д. капиталдын ыгы жок борбордоштурулушу, алардын өтө ири көлөмү, структурасынын рационалдуу эместиги, натыйжасыздык, ведомстволук монополизм, башкаруу аппаратынын ыгы жок өсүшү, артта калган ишканаларга дотация берүү, мамлекеттик банктын өкмөттүн бийлигине баш ийиши, кошумча эмиссиянын чыгышы д.у.с. себепкер болушат.

**Инфраструктура (лат. – төмөн куруу, жайгаштыруу)** – экономикамлык, саясий турмуштун жалпы түзүлүшүнүн составдык бөлүгү. Экономикада И. транспорт, байланыш, элге билим берүү, профессионалдык даярдоо, үй-жай жана коммуналдык чарба кирет. Булардын өнүгүшү бүткүл өндүрүшкө таасирин тийгизет.

**Инъекциялар –** акча каражаттарын экономикага бир жолу жумшалышы, капиталдык салым жасоо.

**«К»**

**Кагаз акчалар –** бетине сөзсүз номиналы (жазылган саны) бар, кадыресе металлга майдаланылбаган, өзүнүн чыгымдарын жоюуу үчүн чыгарылган акча белгилери (кагаз түрүндөгү акчалар) .

**Кадастр (экон.), барак, реестр** – мезгил мезгили менен салык салууга боло турган обьектерди тынымсыз байкоо жолу менен түзүлүүчү маалыматтардын жазылышы, бааланышы системалык жыйындысы.

**Казына** – акча, кымбат баалуу асыл буюмдар сакталган жай. Мамлекет юридикалык жактан К. аркылуу белгилүү мүлктүн, мүдөөнүн ээси катары укук коргойт.

**Казына билеттери –** казыначылык аркылуу чыгарылган майдаланылбоочу кагаз акчалар, ошондой эле казыначылыктын алмашуу процессинде жүргөн кыска мөөнөттүү милдеттенмелери.

**Казыналык мамлекеттик милдеттенме –** мамлекеттик баалуу кагаздарды калктын арасында эркин жайгаштыруунун бир түрү. Аны алып жүрүүчүлөргө акча каражаттары тиешелүү экендиги күбөлөндөрөт, ушул баалуу кагаздардын алып жүргөн учурда киреше алууга укугу бар экендиги аныктайт .

**Казыналык эмиссия –** казына чыгарган, алтынга алмашылбас кагаз акча; казыначылыкты жүгүртүүдө жүргөн кыска мөөнөттүү милдеттенмелери.

**Казыначылык –** мамлекеттик бюджеттин аткарылышын башкаруучу финансылык өзгөчө орган. К. мамлекеттик бюджеттин кирешесин чогултат (салык, пошлина, заем); болжолдонгон чыгашаларга каражаттар берет; айрым учурда кагаз акчаларды тейлейт.

**Кайта бонификациялоо –** сүйлөшүлгөндөгү божомолдонгон келишимден, стандарттык талаптан төмөн сапатта болуп калган жеткирилүүчү, сатылуучу товардын баасынан кемитүү.

**Кайчылаш ийкемдүүлүк** – «А» товарга болгон суроо – талаптын өзгөрүшүнүн «В» товардын баасынын өзгөрүшүнө болгон катышы, бирок бул учурда башка суроо-талапка таасир этүүчү туруктуу факторлор өзгөрүүсүз калышы керек.

**Катуу баа –** келишим түзүлгөндөгү баанын акыр аягына чейин өзгөрбөй турушу.

**Келишим баа** (эркин) - калктын жашоо деңгээлине орчундуу таасирин тийгизген товарларга колдонулуучу баа. Алар уруксат берилген

жана чекене баа түрүндө болот. Эркин уруксаат берилген баа рыноктун конъюнтурасына, товардын сапатына, франко станцияга, франко складка ж.б. карата аныкталат. Эркин чекене бааларды соода уюмдары, ишканалар өз алдынча аныкташат. Ч.б. уруксат берилбеген баадан 20 – 30% жогору болот. Келишим баанын (эркин) шартында убактылуу жана коммерциялык баалар колдонулбайт

**Калк финансысы** – адамдын эмгегинен, чарба ж.б. иштерди жүргүзүүсүнөн алынган акча фондулары.

**Калкты социалдык коргоо** – жумушсуздук, жакырчылык, инфляция сыяктуу стабилдүүлүктү бузуучу факторлорго каршы мыйзам аркылуу бекитилген (экономикалык, укуктук, социалдык кепилдиктердин системасы.

**Калктын жашоо деңгээли** - адамдын физиологиялык, рухий, социалдык керектөөлөрүн канагаттандыруунун деңгээлин, калктын керектөөлөрүнүн камсыз болушун, ж.б. туура келүүчү материалдык байлык, кызмат көрсөтүүнү, тамак-аштын көлөмүнүн, сан жана сапаттык көрсөткүчтөрүнүн системасы.

**Калыс сот –** граждандык иштер боюнча талаш – тартыштарды чечүүчү арбитраж. К.с. тараптардын келишимине таянат, алар иш жүргүзүүдө талаш суроолорду туура чечиш үчүн ушул суроолор боюнча техникалык билими бар адамдар К.с. мүчөлөрүнө киришет.

**Калькуляция –** продукциянын бирдигинин (тейлөөнүн) наркын чыгымдардын түрү (калькуляциялык статьялар) боюнча эсептөө.

**Камсыздандыруу рыногу -** акча мамилесинин бир түрү. Мында соодалашуунун объектиси суроо-талаптын негизинде келип чыккан өзгөчө, камсыздандырылган коргоо деп аталган тейлөө болот. К.р аркалуу акчалай жардам берип, кырсыктан, алааматтардан чыгууга, өндүрүштү кайталап өндүрүүгө үзгүлтүксүздүктү камсыз кылат. Кардар болууга баардык атуулдардын, уюм, ишкана, мекемелердин укугу бар. Орточулукту брокерлер жасашат.

**Камсыздандырылган запас –** болжол боюнча милдеттүү түрдө жеткирилүүчү ресурстардын азайышы байкалганда өндүрүштү жана керектөөнү тынымсыз камсыз кылып турууга атйын коюлган ресурстардын запасы.

**Капитал (жылып жүрүүчү) –** өтө ыңгайлуу жайгашуу максытында капиталдын бир рыноктон экинчи рынокко орун которуусу.

**Капитал рыногу –** баалуу кагаздар, акциялар ж.б. акчага тиешелүү документтердин ээлеринин өз ара байланыштарын көрсөткөн коомдук мамиленин жыйындысы. Акциялар, баалуу кагаздар алмашууда жүргөн материалдык ресурстардын наркын көрсөтөт, рыноктук экономиканын элементи болгон К.р. түзөт.

**Капиталдары жана кредиттерди жүгүртүүнүн балансы** – малекеттик, жеке капиталды ташып чыгаруунун ортосундагы, берилген жана алынган эл аралык кредиттердин катышы.

**Капиталды ташып чыгаруу –** киреше өндүрүү, пайда, салык алуу үчүн чет өлкөлөрдө акча, товар түрүндө капиталды жайгаштыруу.

**Капиталдын амортизациясы (**лат. – төлөө) – а) өндүрүштө эскирген негизи каражаттын наркы. Аларды кайра калыбына келтирүү максытында өндүрүлгөн продукцияга негизги капиталдын наркын белгилүү өлчөмдө акчалай чегерип туруу; б) негизги фондунун наркын акырындык менен төлөп кутулуу; мүлктүн салык салынган бөлүгүнүн (капиталдаштырылган салыктын суммасынын өлчөмүндө) баалулугунун төмөндөшү; в) карыздакордук милдеттеменин жоголуп, уурдалып кеткендегине байланыштуу анын жараксыз деп табылышы.

**Капиталдык салымдар –** негизги фондуларды жөнөкөй жана кенен кайталап өндүрүүгө арналган финансы каражаттары.

**Картель (фр. ит.- кагаз, документ) –** монополиянын негизги формаларынын бири, ишкердүүлөрдүн бирикмеси. Анын катышуучулары өндүрүштүн көлөмүн, кайсы рынокко товарды алып келүүнү, сатуунун шарттарын, төлөөнүн мөөнөтүн ж.у.с. алдын ала макулдашып алышат, бирок ар бир ишкананын өндүрүштүк, коммерциялык өз алдынчалыгы сакталат.

**Карточка (**акча түрүндөгү) - автоматтардан (банкоматтан, терминалдардан) накталай акча алууну камсыз кылган карточкалар. Андан тышкары акчаны төлөмөрдүн эсебинен алуучунун эсебине ылдам которот.

**Карточка - дисконттук** – жеңилдик бергенди ырастаган карточка.

**Карточка – кредиттик, револьвердик –** кредит боюнча карыздан кутулганга жараша өзүн-өзү калыбына келтирүүчү кредиттик карточка.

**Карыз –** бир тарап менчигин чечкиндүү башкаруу үчүн, акча, материалдык каражаттарын бергендигин ырастайт, ал эми карыз алган тарап келишимде көрсөтүлгөн шарт боюнча алынган сумманы, материалдык баалулуктарды кайта берүү милдетин алгандыгын көрсөткөн келишим.

**Карыз** (акча, ссуда) – заем келишиминин катышуучусунун бири экинчисине кайтарып өткөрүү шартында (эреже катары пайызын төлөө менен) материалдык мүлктү, акчаны өткөрүп берүүсү.

**Карыз (**асыя) – чарбалык иш жүргүзүүдөгү өнөктөштөрдүн фирмага бере турган карыздарынын суммасы .

**Карыз (**мамлекеттик) – мамлекет карыздакор, кредитор катарында аткарылуучу кредиттик каржылоо иштеринин бир операциялары .

**Карыздык каражаттар** – ишканага ссуда түрүндө убактылуу пайдаланууга банк тарабынан берилген, максаттуу мүнөздөгү, жокко чыгаруу мөөнөткө берилүүчү каражат. Узак мөөнөтүүсү капиталдык кредиттерге, өндүрүштү жаңы моделге өткөрүүгө ж.у.с. берилет, ал эми кыска мөөнөтүүсү ишкананын айлануучу каражаттарынын бир булагы катары болуп калат.

**Каско** – транспортук каражаттарды страховкалоо.

**Катаал баалар** – башкаруучу баалар өндүргөн продукция суроо-талаптын кыйгач жантайыңкы сызыгына туш болгондо сатуучулар өзүлөрү коет, анткени баага салыштырмалуу бул продукциялар суроо-талаптын жогорку ийкемдүүлүгүндө болушат, б.а. суроо – талап жана сунуштун өлчөмдөрүнө бат жана табигый түрдө ылайыкталып туруучу ийкемдүү баанын антиподу К.б. экономиканын өзүн-өзү жолго салынышына каршылык көрсөтөт.

**Катар курс** – валюта операцияларынын мамлекеттин жөнгө салуусу. Ал үчүн улуттук валютанын курсу катары катировкадан өткөрүлүп финансылык коммерциялык операциялык курстун туруктуулугун камсыздоо үчүн катуу шарттар белгиленет.

**Катар салык** – корпорациянын таза кирешесине (пайдасынан), андан төлөнүүчү дивидендден, үй-чарбанын жеке кирешесинен төлөнгөндөн алынуучу салык.

**Квази жумушсуздук** – жашыруун жумушсуздук.

**Квази рента** – жерди интенсивдүү пайдалануунун жана агрономияны жаңыча өздөштүрүүнүн негизинде алынган кошумча киреше .

**Квази баа** – рыноктун реалдуу наркын чагылдырбаган баа.

**Квота (**иммиграциялык) – өлкөгө кирүүгө уруксаат берилген иммиграннттардын саны.

**Квота (**лат.- канча?) – товарды өндүрүүдөгү сатып-алуу, сатуудагы экспортоо, импортоодогу үлүш.

**Квота** (салык боюнча) - белгилүү бирдикке туура келүүчү салыктын өлчөмү.

**Келишим** - укукту, милдеттерди белгилөөгө, өзгөртүүгө, токтотууга багытталган эки же андан көп тараптардын ортосундагы макулдашылган документ.

**Керектөө бюджети** – үй- бүлөнүн акчалай киреше, чыгашаларынын тең салмактуулугу; К.б. социалдык ар түрдүү тайпаларга кирген калктын учурдагы жашоо деңгээлин, кирешелердин кайдан алынганын, чыгашалардын негизги багыттарын, азык-түлүк, керектөөчү товарларды, тейлөөлөрдү алуунун булактарын, өлчөмдөрүн көрсөтөт.

**Керектөө рыногу** – керектөө товарларына, тейлөөлөргө керектөөчүлөрдүн тейлөө жөндөмдүүлүгүн канагаттандырып, инфлияцияны, тартыштыкты оздуктоого, бирок товарлардын баасынын өйдө – ылдый болушуна тоскоолдук кылбаган, товарлардын, тейлөөлөрдүн рыногу.

**Керектөө рыногунун сыйымдуулугу** - рыноктун белгилүү ассортименттеги товарлардын убактылуу мүмкүн болгон аянтына жараша сатууну камсыз кылып, элдин төлөө жөндөмдүүлүгүн канааттандырылышы. К.р.с. элдин жалпы төлөө жөндөмдүүлүгү менен мүнөздөлөт, алардын суроо талабы, б.а. сакталып турган акча каражаттарын кошпогондогу керектөөчүлөрдүн акчалай кирешелерине көз

каранды жана ар-түрдүү топтогу керектөөчүлөрүнүн кирешелеринин өлчөмүн өзгөргөнүнө, баа түзүү процесстерине, экономикалык-социалдык структуранын, калктын катмарынын өзгөрүүлөрүнө көз каранды.

**Кирешелүүлүктүн ички нормасы** (**рентабелдүүлүк**) – инвестициялык проекттин салыштырмалуу натыйжалуугу.

**Классикалык биржа** – трайдерлердин (биржанын соода кылуучу зонасындагы брокерлердик фирманын өкүлү) ортосундагы соодалашуу, б.а. оозеки инструкциялар аркылуу жүргүзүлгөн аукцион.

**Клейм -** 1) сатып алуучунун начар сапаттагы товарды саткандагы жөнүндөгү сатуучуга койгон дооматы; 2) кеткен чыгымды кайтарып берүүнү талап кылган иск, рекламация.

**Клиринг (англ. – тазалоо, ачыктык кийрүү)** – өз ара талаптар жана милдеттенмелер аркылуу товарлар, баалуу кагаздар, тейлөөлөр үчүн накталай акчасыз эсептешүү ситемасы. К. ички банктар аралык жана эл аралык валюталык болот. Банктар аралык К. - юридикалык тараптардын акча чыгашаларын өз ара чегерүү менен бүтүрөт Влюталык К . өлкөлөр ортосундагы тышкы соода боюнча эсептешүүнү жүргүзүү эл аралык төлөөлөрдүн мамилесине таянат. Кээде айрым өлкөлөр конверттенилүүчү валютанын жогунан К. өтүүгө аргасыз болушат.

-**Клиринг (ички)** – юридикалык тараптардын акча сарптоолорун өз ара эсептешүүлөрү.

-**Клиринг (эл аралык)** – конверсияланууучу валюталардын жоктугуна байланыштуу өлкөлөр ортосундагы тышкы соода боюнча жүргүзүлүүчү эсептери (расчеттору) .

**Клирингдик фирма** - биржанын клиринг палатасына бекитилген брокердик контора. Ал биржага ар бир кардар, конотора менен түзүлгөн ачык келишимдерге төлөнүүчү камсыздандырууну, сүйлөшүүлөр жөнүндөгү баардык маалыматтарды берип турат.

**Коллектив (лат. - чогултуу)** – жалпы кызыкчылык, жалпы ишеним негизинде биригишкен адамдардын тобу, жамаат.

**Коллективдүү ишкана** - мамлекеттеги менчиктеги мүлктү коллектив сатып, же акысыз алганда келип чыккан эмгекчилердин ассоциациясы. Коллектив менчиктин, чыгарылган продукциянын, кирешенин ээси болот, ар бир мүчөнүн үлүшү сиңирген эмгеги менен эсептелет. К.и. өткөөл, аралаш, мамлекеттик ж.б. формада болушу мүмкүн.

**Командиттик шериктештик** – катышуучулардын бир тарабы мүлктөрү, экинчи тарабы милдеттемелери менен иш жүргүзүүчү ишкана.

**Комерсиялык банктар** – калктын сактоого койгон акчасынын, үнөмдөлгөн капиталдын эсебинен өзүнүн кардарларына кызмат көрсөтүүгө универсалдык банктык операцияларын аткаруучу кредиттик өзгөчө институттар. К.б. кардарлар болуп аз акча салган адамдардан баштап, ири компаниялардын ээлерине чейинки рыноктук мамиленин баардык тибинин агенттери кирет. К.б. универсалдык, тармактык, атайын дайындалаган,

регионалдык ж.у.с. болот. Батыш өлкөлөрдө төмөнкү түрлөрү бар: 1) депозиттүү, 2) универсалдуу, 3) соода боюнча, 4) шериктештик, 5) чет мамлекеттик.

**Коммерциялык кредит** – бирөөлөр даяр буюмду сатууга сунуш кылган учурда сатып алуучунун төлөөгө накталай акчасынын убактылуу жоктугуна байланыштуу товарга төлөө мөөнөтүн артка жылдыруу жолу менен сатуу. Товарды кредитке сатканда алмашуу каражаты катары вексель колдонулат, б.а. белгиленген убакытта көрсөтүлгөн суммадагы акчаны төлөп берүү милдеттенмеси.

**Коммерциялдык кагаздар** – корпорациянын карызга алынган акчанын пайызы менен кайтарып берерин ырастаган карыздакордун милдеттемеси.

**Комиссиондук операциялар** – бир тарап (комитент), экинчи тарапка (комиссионерге) өзүнүн атынан, бирок комитенттин эсебинен бүтүм жасоону тапшыра турган коммерциялык операциялар.

**Коммерция (лат. – соода)** – чарба ишинин чыгымдарын жана жыйынтыгын нарк формасында (акчалай) аныктаган чарба жүргүзүүнүн усулу. Капиталды аз жумшап, максималдуу пайда алыш үчүн колдонулат.

**Коммерсант** – өз алдынча соода жүргүзүүчү адам.

**Коммивояжер (фр. – ар тарапта жүрүүчү сатуучу)** – рыноктун ар тарабынан сатуучунун тапшыруусу боюнча сатып алуучу издеп, далдалчылык кылуу. К. көп учурда кардардын тапшырмасын аткаруучу жөнөкөй эле адам далдалчы. Анда буюмдун үлгүсү жана рекламасы болот. К. кардарлардан сатылган товарлардын көлөмүнө, көрсөткөн жардамына жараша сыйлык алат.

**Компания** – өнөктүк, корпорациялык, инвестициялык принциптин негизинде, коммерциялык максатында уюштурулган ассоцация.

**Компенсация (лат. – ордун толтуруу)** – кабыл алынган мыйзамдын кызматкерине жана жумушчуларга пайдаланбай калган отпускасын, жумушчуга тиешелүү эжскирген инстурменттин, берилбей калган атайын жумуш кийимин толуктап бир нерсеге байланыштуу сыйлык катары акчалай төлөп берүү.

**Компенсациялык бүтүм** – товарларды өз ара бирдей наркка берүүнү караган келишим. Демейдеги товар алмашуу бүтүмүнөн (бартер) айырмаланып, К.б. негизги макулдашуу болуп эсептелет, анкени, ишкана үчүн жабдууну насыяга берүүгө, аны ишке киргизгенден кийин даяр продукциялар, товарлар менен «ноу- хау» берүүгө келишимдердин комплекси түзүлөт. К.б. учурунда импорттолгон товарларды акча менен ордун жарым – жартылай толтурууну карашы мүмкүн.

**Компенсациялык келишимдер** – сатып алуучу тарап товардын наркын башка товарга чегерип тейлөө көрсөтүү аркылуу төлөгөн соода операцияларынын бир түрү.

**Комплектүү берүү** – пайдаланууга, андан ары кайра иштетүүгө, даяр продукцияны өндүрүүгө арналган технологиялык коплекске бириктирилген өнөр жай жабдуулуарын берүү.

**Конвенция** – кандайдыр ибр өзгөчө маселе боюнча түзүлгөн эл аралык келшим; ал өлкөнүн ичинде юридикалык тараптардын ортосундагы экономикалык келишим.

**Конверсия** (лат. – башка түргө өтүү, өзгөртүү) - өлкөнүн валютасын чет өлкөнүкүнө алмаштыруу. Эркин конверенсиялануучу (айырбашталуучу) валюталар эл аралык келишүүлөрдүн баардык түрү боюнча каалаган валютага чексиз санда алмашыла алат. Жарым – жартылай конверенсиялануучу валюта. К. чет мамлекеттик белгилүү сандагы валюталар жана келишимдер менен чектелет; 2) конверсия – өнөр жайды жана экономиканын башка тармактарын граждандык өндүрүштөн согуштук өндүрүшкө айландыруу же анын тескерисинчеси; 3) мурда чыгарылган мамлекеттик заемдордун шарттарын өзгөртүү максатында жаңы облигациялар менен алмаштыруу (көп учурда пайыз төлөөнүн, заемдун мөөнөтүн узартат) .

**Конверсиялануучу валюта** (англ. – өзгөртүү, алмаштыруу) - мыйзамдуу түрдө бекитилген улуттук акча бирдигинин айырбашталуу мүмкүнчүлүгү, б.а. каалоочулар мамлекеттин кийлигишүүсүз эле улуттук акчаны башка өлкөнүн акчасына эл аралык төлөө каражаттарына учурдагы валюта курсу менен эркин алмашып ала турган акча бирдиги. К.в. аргасыздан келип чыкпайт, ал үчүн атайын шарт түзүлөт. Бизде алар азырынча жок, себеби өндүрүштүн техникалык жабдылышы, сапаты, натыйжасы дүйнөлүк деңгээлден артта.

**Конверсиялык маркетинг** – фирманын сунушуна болгон терс суроо-талапты жоюуунун жолдору.

**Кондинциялар** – 1) стандарт же келишимдин шарты боюнча товарга туура келүүчү талаптардын нормасы, деңгээли, сапаты; 2) келишим, жалдануунун шарттары.

**Кондоминиум** – кондоминат: 1) жалпы обьектини биргелешип ээлөө, көбүнчө үй-жайды, кыймылсыз мүлктү; 2) бир нече мамлекет бир территорияны башкарууну биригишип ишке ашыруусу.

**Конкурент** – атаандаш

**Компаньон** – фирманын, ишкананын биргелешкен кожоюну.

**Конкуренция (лат. – түртүшүү)** рынок экономикасынын механизми. Рынок субъектилерин ишине жогорку пайда алгандай сатуунун, өндүрүүнүн өтө ыңгайлуу шартында иш жүргүзүү үчүн өз ара таймашуусу.

- **монополиялык конкуренция** – товарлардан сатуучулар дагы, сатып алуучулар дагы көп, бирок буюмдар сапаты, тышкы жасалгалоосу, тейлөөсү, баалары, кенен диапазондору менен айырмаланат. Ушунун баарын сатып алуучулар талдап көрүп рыноктогу жогорку баадан дагы жогору төлөөгө даяр экндигин көрсөтөт.

- **олигополялык конкуренция** - сатуучулардын саны аз, рынокко кирүүнүн шарты оор, ошондуктан ага катышуучулар баанын өсүшүнүн узакка созулган позитивдүү натыйжасына үмүт кыла албайт, анткени атаандаштар бааны төмөндөгөнгө мажбур кылышат.

- **таза конкуренция** – окшош, бири – бирин алмаштыра турган товарларды сатуучулар дагы, сатып алуучулар дагы өтө көп, демек, сатып алуучулар рынок баасында, каалаган товарын каалаган өлчөмдө, каалаган санда сатып алышат.

- **товардын конкуренттик жөндөмдүүлүгү** – товардын керектөө касиетине тиешелүү көрсөткүчтөрү боюнча окшош товарлардан алда – канча жогору турушу.

**Коносамент** – деңиз аркылуу жүк ташуунун шарттары каралган документ, көбүнчө тышкы соода колдонулат.

**Консалтинг –** экономикалык иш-аракеттер боюнча консультация берүү.

**Консалтингдик компания** – проект боюнча обьектилердин наркынын баасын коюп берүү, изилдөө, программалоо, түп тамырынан бери жаңылантуу иштери боюнча тейлөө көрсөтүүчү компания.

**Консесус –** кызыккан бир нече тараптардын көпчүлүгүнүн маанилүү маселелери боюнча олутту каршылыктары жоктугу, баардык тараптардын пикирин эске алууга аракеттенүү, туура келбеген көз караштарды жакындаштыруу менен мүнөздөлүүчү жалпы макулдук.

**Консигнация (лат. - документ)** – товарды комиссиондук сатуунун формасы. Анын ээси (консигнат) товарды (консигнаторго) комиссионерге түздөн – түз складдан сатууга мүмкүндүк берет.

**Консолидация –** 1) мамлекеттин кыска мөөнөтүү карыздарын узак мөөнөткө өткөрүүчү операция; 2) чыңдоо, бекемдөө

**Консомеризм** - товар сатуучулар менен келип чыккан мамиледе сатып алуучулардын укугун, абройун кеңейтүүнү талап кылган атуулдардын, мамлекеттик органдардын атайын уюшулган кыймылы.

**Консорциум** – монополиялык жогорку пайданы камсыз кылуучу финансылык зор операция жүргүзүү үчүн ири банктардын өнөр жай компанияларынын убактылуу макулдашып алышы. Заемдорду, акцияларды өзүлөрү каалагандай жайгаштырып, баалуу кагаздар менен алып сатарлык жасалып бирдиктүү өнөр жай долбоорун жүзөгө ашырат.

**Контанго –** 1) товардын баардык париясына, акцияларга сатып алып жатканда төлөнүп мөөнөтүн узартканга байланыштуу баага кошулган сумма; 2) аткарылып жаткан ишке төлөнүлүүчү мөөнөтүн артка жылдыруу

**Контрагент (лат. – макулдашуу)** келишимдеги бири-бирине карата турган тараптар.

**Контракт – (лат. – чукул, биржалык, фьючерстик)** – биржа соодасында сатуунун обьектиси болгон сапаты алдын – ала белгилүү товардын стандарттык саны, сатуучулар менен сатып алуучулардын ортосундагы эки тараптуу келишим.

**Контракт** – контракт боюнча өзүнө белгилүүү милдеттенмени алган адам, уюм (контрактацияны кара)

**Контракт айы –** фьючерстик контракты сөзсүз аткаруучу, сөзсүз сатып алуучу ай.

**Контрактын шарты** - тараптардын контракта көрсөтүлгөндөргө: эмнеге, кайсы нерсеге келишим түзүлүп жатат, товардын мүнөздөмөсү, баасы, аткаруу мөөнөтү, тараптардын өз ара укуктары, милдеттери боюнча макулдашуулары.

**Контрафакция** – фирмалар башка компаниялардын буга чейин өзүн көрүнүктүү кылып койгон товардык белгисин колдонуу

**Контрферта –** сунуш кылган келишимге башкача шартта макул болуу.

**Конфиденциялдык маалыматтар** – көпчүлүккө айтууга уруксаат берилбеген өндүрүштүк жашыруун коммерция.

**Конфискация** – соттун чечиминин, административдик актынын негизинде акча каражаттарын, мүлктөрдү мажбурлоо жолу менен биротоло малекеттин менчигине алып коюуу.

**Концерн –** биргелешип иш жүргүзүүчү финансылык, соода ишканаларынан түзүлгөн өнөр жай бирикмеси. Анын мүчөлөрү өндүрүштүк, илимий- техникалык өнүгүү функцияларын, эсеп – кысап, жаратылышты коргоо, тышкы экономикалык иштерин өз ыктыярлары менен бир борборго бириктиришет.

**Концессия –** келишим, ал боюнча мамлекет өзүнүн территориясында чет өлкөлүк фирмага, жеке адамдарга чарбалык белгилүү бир иштерди жүргүзүүгө укук берет, б.а. жерди иштетүү, кен байлыктарды казуу, чарбалык орбьектилерди куруу ж.у.с. К. мамлекеттин ички мыйзамдары менен жөнгө салынат.

**Конъюнктура (лат. – байланыштырам, бириктирем)** – белгилүү мезгил үчүн экономиканын учурдагы ал – ахвалын сүрөттөгөн белгилердин жыйындысы (мисалы: рыноктук) .

**Конъюнктуранын узун толкундары** – илимий-техникалык прогресстин өнүгүшүнө байланышкан элүү жылдык циклдер.

**Кооперативдер (лат. – кызматташтык)** – өзүн-өзү финансылап башкарууну колдонуп, ишкердик жүргүзүү үчүн ыктыярдуу бириккен адамдар тобунун уюму. К. пайга ыкташуунун негизиндеги юридикалык тарап.

**Кооперативдик ишкана –** (мурдагы колхоздор) – өндүрүш каражаты кооперативге киргендердин менчиги болуп материалдык каражат, мүчөлүк акы, өндүргөн продукцияны саткандан алынган кирешенин эсебинен түзүлөт. Негизги принциптери: К.и. кирүү же чыгуу ыктыярдуу, ар бир мүчөсү аны башкарууга катышууга укуктуу; маселени өз алдынча чече алат; эмгегине жараша бөлүштүрүүгө социалдык теңчилдикке, тең укуктуулукка таянат. Түрлөрү: өндүрүштүк, керектөөчү, аралаш К.и.

**Кооперация –** бул түшүнүк экономикалык үч түрдүү мамилени аныктоодо колдонулат.

1) өндүрүштүк кооперация – бүткүл структуралык элементтердин ортосундагы өз ара байланышты, көз карандылыкты көрсөтөт;

2) эмгек жана өндүрүш – процессиндеги ички аракетти көрсөткөн

кооперация; булар мобилдүү болуп, узакка жашабайт, себеби өндүрүштүн техникалык деңгээли, социлдык экономикалык шарттар, эмгектин мүнөзү, уюштуруу формалары өзгөргөндө кошо өзгөрөт;

3) менчиктин формасына байланышкан – катышуучуларды экономикалык кызыкчылыгнын негизинде ресурстарды чогуу пайдаланып, иштин натыйжасын өзүлөрү чечкендей колдонушат. Бул учурда К. чарбалык уюм катарында уюшулат жана өнүгөт.

**Корпорация (лат. – бирикме)** – акционердик коомдун көп таралган формасынын бири.

**Коррельдик милдеттенме** – аткаруу жоопкерчилиги толугу менен баардыгынан өзгөчөлөнүп айырмалангандарга берилет жана ар бирине өзүнчө аныкталган мыкты, көрүнүктүү милдеттенме болот.

**Коррупция – (лат. – сатып алуу)** – кылмыш, байуу максатында кызмат абалын адамдын түздөн-түз пайдаланышы, кызматчыларды, коомдук-саясий ишмерлерди сатып алуу; пара берүү.

**Котировка (фр. – эн салуу, белгилөө)** – чет мамлекеттик валютанын, баалуу кагаздын курсун белгилөө. Ошондой эле товарды котировкалоо да бар. Ал биржанын атайын комиссиясы каттоодон өткөрүп, басма сөздө жарыялай турган товарлардын баалары.

**Кошумчаланган нарк** – ишкана товар өндүрүүгө керектелүүчү материалдарды сатып алууга жумшалган акча каражаты менен товарды сатуудан түшкөн акчанын айырмасы. К.н. салык төлөгөнгө чейин буйумдун өздүк наркына алынган пайдага киргизилип эсептелген маянанын, төлөнгөн пайыздрдын суммасына барабар.

**Көмүскөдөгү экономика** – көрүнбөгөн, ачык чыкпаган экономика. Калкка товар өндүрүп, сатып кызмат көрсөткөн. К.э. үч түрү бар: 1) официалдуу эмес эконмика. Буга баардык легалдуу, уруксат берилген ичинде реалдуу статистикага кирбеген товарлар жана тейлөөлөр болот, аларга салык салынбайт; 2) фиктивдүү – бул кошуп жазуулар, уурулук, алыпсатарлык, паракордук жасаган экономика; 3) жашыруун - мыйзам тыйуу салган экономикалык иштер К.э. жашашынын негизги фактору – товардын, тейлөөнүн тартыштыгы, элиталык топтордун келип чыгышы.

**Кредит (лат. – карыз ссуда)** – акчаны, товарды көрсөтүлгөн мөөнөттө кайтарып берүүгө пайыз төлөө менен карызга берүү; К. түрлөрү:

- **коммерциялык кредит** – кыска мөөнөттүү кредит. Банк ишканаларга учурдагы кереги үчүн берип, төлөөнү кийинкиге калтырат

- **кредит (банктык)** – банк клиентине эсептешүү счетун ачат, анда дисконттолгон векселдин наркы жазылат (дисконтту кара);

- **кредит (керектелүүчү)** – товардын, тейлөөнүн төлөө мөөнөтү артка жылдырылат.

- **чек кредит** - банк карызга берген сумма клиент карызын төлөө үчүн чек толтурат.

**Кредитор** – кредит берген адам.

**Кредиттик билеттер** – акча ордуна жүрүүчү казаналыктын, банктын пайызсыз карыздакордук милдеттенмеси. Алар:

- **кредиттик акчалар** – ошол эле К. билеттер (банкноттор, чектер, векселдер), төлөө, алмашуу каражаттары

- **кредиттик карточкалар** – документ, анын ээсинин кредит алууга укугу бар. Финансылык компаниялар К.к. суммага чыгарып, аны колдонуучуларга ай сайын билдирип турат. К.к. эсептешүүнүн төлөө боюнча мыкты каражаты.

- **кредиттик рестрикциялар** – экономиканын илдеттен айыктыруу максатвнда өкмөттүн пайыздык ставканы жогорулатып, кредит берүүгө, соода – сатык иштерин жүргүзүүгө чектөө киргизүүсү.

**Кризис (экономикалык)** - баалуу кагаздын бир бөлүгү облигациянын төмөндөшү өндүрүштүн кубаттуулугун толук пайдаланылбагандыгы, жумушсуздуктун өсүшү; акча, финансы чөйрөсүндөгү бузулуулар кирет.

**Кулистер –** официалдуу биржа маклерлеринин орточолугу жок эле соода-сатык, карым – катнаштарды жүргүзүүчү официалдуу эмес биржа.

**Купон (фр.– кыркма талон)** – баалуу кагаздын бир бөлүгү Облигациянын, акциянын, дивиденд, пайыз алганда негизги кагаздан айрып алып, тил кат катары барилет.

**Купюра (фр. – кесүү, кыскартуу)** – кагаз акчалардын, банкноттордун, баалуу кагаздардын, акциялардын, облигациялардын наркынын белгилери

**Курс (лат. – чуркоо, кыймыл)** – акциялардын, облигациялардын баалуу кагаздардын сатылуучу жана сатып алынуучу баалары валюталык курс).

Төмөнкүдөй курстар бар:

- **сатуучунун курсу** – резидент банк чет элдик валютаны улуттук валютага сатуучу курс.

- **сатып алуучунун курсу** – резидент банк чет элдик валютаны улуттук валютага сатып алуучу курс.

- **спут курсу** – накталай (кассалык) курс, мында валюта дароо берилет. Эки жумуш күндүн ичинде буга катышып жаткандарды банктык счеттору боюнча операциялар толук жөнгө салынат.

- **форвард курсу (форварддык курс)** – бул тез (срочный) форвардык сделкалар, мында акчаны жеткирүү так белгиленген учурда ишке ашат.

**Күрөө –** келишим милдеттенмелеринин аткарылышын камсыз кылуунун бир усулу. Кредит берүүчү карыздакөр күрөө менен бекемделген милдеттенмени аткарбаган учурда күрөөгө коюлган нерсе менен төлөөгө укугу бар.

**Күрөө склады** – салык, аксиздик төлөмдөр алынуучу товарларды сактоочу өкмөттүк склад. Бул товарларды күрөө складынан (К.с) пошлинанын суммасы толук төлөнмөйүнчө алып чыгууга уруксаат берилбейт.

**Күрөөгө коюлган товарлар** - пошлина төлөнүүчү сырттан алынып келинген товарлар; алар салыктык складдарда акча төлөнмөйүнчө кармалып турат

**Куртаж –** биржада келишимдерди жасоодо далдалчы үчүн маклерге көрсөтүлүүчү ыраазычылык.

**Кутмандуу күндөр** – акча төлөмдөрүнүн учуру келгенге байланыштуу төлөөнүн аткаруу мөнөтү башталгандан бериле турган жеңилдетилген күндөр.

**Кыска позиция –** ачык рынокто сатуунун сатып алуудан көптүк кылышы.

## «Л»

**Лаг (англ. – кечигүү)** – социалдык-экономикалык өз ара байланышкан эки кубулушту бөлүп туруучу убакыттын бир бөлүгү. Акчаны кошумча чыгаруу (лаг) баанын инфляциялык өсүшүнө алып келет. Экономикалык процесстерде Л. циклдык, б.а. мезгилдик мүнөздө жүрөт. Шарттын жалпылыгында, экономикалык кубулуштардын бири – бирине көз карандылыгында Л. жетишерлик туруктуулугу биринчи кубулуштун негизги белгилерине таянып, боло турган экинчи кубулушту алдын – ала аныктоого мүмкүндүк берет.

**Лаг (тышкы)** – өкмөт кандайдыр бир чечим кабыл алгандан баштап анын натыйжасын чыгарганга чейин убакыттын аралыгы.

**Лагитимация** - жеке (физический) жана юридикалык тараптардын укугунунун ыйгарымдуулугун мыйзам ченемдүү экендигин таануу, ырастоо жана тишелүү документтер аркылуу ырасталганын мыйзамдуулугунун тууралыгынына макул болуу.

**Лесси –** лизинг боюнча мүлктү арендага алуу.

**Лессор –** лизинг боюнча мүлктү арендага берүүчү.

**Либералдаштыруу (бааны)** – баасы эркин рынокто келип чыгуучу товарлардын тизмесинин кеңейүү процесси, б.а. мамлекет бааны жөнгө салбайт. Алар:

- **бааны толук либералдашуусу** – мамлекет бааны жөнгө салбайт.
- **айрым учурда бааны либералдаштыруу** – айрым учурда бааны мамлекет жөнгө салат.

**Лидердик (баадагы)** – олигополиялык шартта келип чыгуучу баа. Анткени баанын өзгөргөнүн бир фирма жарыялайт, ал эми калган фирмалар, тармактар ушундай эле баанын өзгөрүүсүн ишке ашырышат.

**Лидз энд легз** – белгилүү бир финансылык же дагы бир башка пайда көрүү максатында эсептөө жүргүзүүнүн мөөнөтүн (ылдамдатып же кечиктирип) кылтыңдатуу тактикасы. Мындай манипуляцияны атайын макулдашып алышкан официалдуу соода-экономикалык иш жүргүзүүчүлөр же болбосо контракттын шартын сактабаган бир тарап жүргүзөт.

**Лизинг** – узак мөөнөтүү аренда. Мында жолдоочулар товарга ээ болуу укугун сактап калып, машина, жабдууларды, финансылык инвестицияны, сатууну активдештирүүнү толук жалдануучуларга ыйгарат. Рынок экономикасынын учурундагы Л. техниканы өндүрүп чыгаруучулар менен аны керектөөчүлөрдүн ортосунда жүргүзүлөт. Техниканын кемчиликтерин Л. алгандар ишканага билгизип турат, ошонун негизинде өзүнүн прдукциясын (товарын) атаандаштыкты жеңип кеткендей деңгээлге жеткирет. Л. бул ишкердүүлүктөгү жаңылык, ал акыркы он жыл ичинде рыноктук өлкөлөрдө кеңири өнүктү; биздин республикада тышкы соодада бир аз колдонулат, анткени Л. арендалоо көбүнчө кыска мөөнөт менен мамлекеттик уюмдар аркылуу жүргүзүлүүдө. Келечете Л. өтүү рыноктук мамилеге алып келет.

**Ликвидделбөөчү** – бул ишканада колдонбоочу мүлк, б.а. акчага айланбайт, сатууга мүмкүн эмес.

**Ликвиддик** (банктык) – өзүнүн милдеттери боюнча банктардын өз учурунда накта акча менен төлөп берүү жөндөмдүүлүгү.

**Ликвиддик активдер** – тигил же бул активдердин акчага айланышы. Мисалы, Л.а. 100 пайыз акча же анын эквиваленти катары чыга алат. Л.а. болушу калкка ыңгайлуулук түзөт, себеби акча каржатынын бир канча бөлүгү аманатта акчалай формада (ликвиддик формадагы активдер катрында) сактоого мүмкүндүк берет. Л.а. жеңил алмашуучу баалуу кагаздар.

**Ликвиддик каражаттар** – ликвиддерди накта акчага айландыруу.

**Ликвидүүлүктү башкаруу** – милдеттенмелерди каалаган учурда (кыска мезгилдин ичинде), активдерди акча каражатына айландыруу; төлөөгө мүмкүн болгундай кылып фирмалардын банктардын каражатына айландыруу; фирманын, банктардын каражаттарды жайгаштыруудагы иш-аракеттери.

**Лимитед (ЛТД)** – акционердик, пайдык капиталдын чегиндеги милдеттенмелери боюнча чектелген жоопту экендигин күбөлөндүргөн коомдун, компаниянын, товариществонун наамына берилген кошумча аталыш.

**Листинг-** 1) ушул биржада котировка болуучу компаниянын акциясын биржаны акциясынын тизмесине киргизүү. Биржанын соодасына эксперттик текшеруудөн өткөн эле акциялар киргизилет; 2) фонд биржасында сатууга баалуу кагаздарга уруксат берүүнүн эрежелери; 3) баалуу кагаздардын эмитенти менен фонд биржасынын ортосундагы, фонд рыногуна катышып жаткан биржадан тышкарылардын сатуу, каржылоо үчүн баалуу кагаздарды кабыл алуу боюнча сүйлөшүүлөрү.

**Лицензия (лат. – эркиндик, укук)** – тышкы соода операцияларын жүргүзүүсү (экспорттук жана импорттук), кандайдыр бир ишти аткаруу үчүн (соода) мамлекеттик органдардын алынган атайын уруксат.

Лицензиянын төмөнкүдөй түрү бар:

**- лизензия (макулдашылган)** – «ноу-хау», товардык белгилер ж.у.с.

лицензиялардын пайдаланууга укук берүүчү сүйлөшүүлөр патенттерди берүү, «ноу-хаунун» ойлоп табууга патенсиз берилишине макулдашылат.

**- лицензия (кайтарып берүүчү)** – лицензиатор иштен чыккан техниканы, технологияны пайдалануу, объектини жаъылап өздөштүрүү укугун берет. Ал иштер лицензиаттардын демилгесинин негизинде ишке ашат, анткени лицензиант алар менен атаандаштыкта туруктуу позицияны албашы керек.

**- лицензия (өзгөчө)** – лицензиялык макулдашуунун шарттарынын аныктоосунун негизиндеги өлчөмдө бир адамга (лицензиатка) лицензиянын объектисин монополдуу пайдаланууга берилген укук.

**Лицензиялоо –** бир иштерди лицензиянын гонарарына айырбаштоочу лицензиялык төлөмдөрдү ишке ашыруу үчүн белгилүү шартка жараша укук берилген уруксат (лицензия).

**Лицензиялык соода –** ачылыш жасоого, патенттерге, «ноу-хауга», товардык белгилерге лицензия берилген экспорттук, импорттук операциялар.

**Лоббировать эттүү –** фирманын, тармактын, тармактык тооптордун ж.у.с. иштерине оптималдуу шарт түзүш максатында мамлекеттик органдар менен өз ара биргелешип иштөөдө көрсөтүлүүчү тейлөөлөр.

**Логатип –** фирмага, анын товарларына элдин көңүлүн бөлүү максатында атайын иштеп чыккан фирманын аталышынын, анын товарынын толук, кыскартылган түрдө сүрөттөп көрсөтүлгөн оригиналдуу чиймелер.

**Логистика –** материалдык-техникалык жабдуулар, товардык-материалдык запастар менен камсыз кылынуу башкаруу.

**Ломбард –** кыймылсыз мүлктү күрөөгө койдуруп керектөө үчүн ссуда берүүчү кредиттик мекеме.

**Ломбарддык операциялар** – алып жаткан тараптын мүлкүн күрөөгө койдуруп туруп ссуда берүү.

**Лот –** 1) сан жана сапаты боюнча бирдей стандарттагы товарлардын партиясы: 2) биржадагы бир эле контракт; 3) аукциондо жалпы баада сатылуучу бир же бир нече буюмдар.

## «М»

**Маклер –** валюта, товар, фонд биржаларында келишимдерди түзүүдө далдалчылык кылган адам. Ал кардарлардын эсебинен биржалык операцияларды ишке ашырат. Келишим түзүүдө М. атайын полномочиеси бар. Ар бир конкреттүү учурда товарларды сатып алууда, аларды сатууда баасы, саны, сапаты жөнүндө кардарлардын буйругун берилген укуктун чегинде ишке ашырууга милдеттүү. Кардарга кызмат көрсөтүү үчүн М. ала турган сыйлык брокердик, куртаж, провизион деп аталат, анын өлчөмү алдын – ала белгиленет (демейде 0,25 пайызга чейин болот).

**Мамлекеттен ажыратуу –** мамлекеттик ишкананы башка формадагы менчикке негизделген ишканага айландыруу. Максаты: ишканалар өз ара

атаандашуучу товар өндүрүүчүлөргө айланышып, мамлекеттик органдардын кийлигшүүүсүз эле эмне чыгарууну, кимге кандай баада сатууну өзүлөрү чечүүнү көздөйт.

**Маржиналдык калдык –** товарды саткандан кийин чыгымдарды чыгарып салганда колго тийген сумма.

**Мамлекеттик бюджет –** мамлекеттин киреше, чыгашалырынын эсебин белгилүү мөөнөткө божомолдоо (бир жылга), анын финансылык булактарын аныктоо. М.б. баардык кирешелер, чыгашалар, борбордук өкмөттү, баардык деңгээлдеги бийликтерди камтыйт. Бюджет төмөнкү карыздарды аныктайт;

- **карыз** – өлкөдөгү белгилүү учурга туура келген бюджеттик дефициттин суммасынын жыйындысы; учурдагы бюджеттен ашык деген сумма алынып салынат.

- **тышкы карыз** – мамлекеттин чет өлкөлөргө, уюмдарга, айрым адамдарга болгон карызы.

- **ички карыз** – мамлекеттин өз элине болгон карызы.

**Мамлекеттик заказ –** директивдүү мүнөздөгү экономикалык социалдык өнүгүү планын бөлүгү. М.з. аркылуу мамлекет экономиканын пландуу өнүгүшүнүн камсыз кылат, ресурс топтоонун жана продукциянын сатууну гарантиялайт.

**Мамлекеттик ишенимдүүлүк** – улуттук экономиканын өнүгүшүн камсыз кылуучу товарды чыгарып, тейлөө үчүн жасаган мамлекеттик ишканалардын иш аракети. Мамлекеттик менчиктин экономикада басымдуулук кылышынан, рыноктук мамилениин жетишсиздигинен М.и. негизги ролду ойногон. Мамлекеттик менчиктин азйышы менен майда, орто өндүрүш, рыноктук инфрасруктура, фермердик чарба келип чыкса тиешелүү укук, ошондой эле финансылык колдоо алышса, келечекте мамлекеттин М..и. деңгээли төмөндөйт.

М.и. өлчөмү экономикалык мамлекеттик эмес ситемасы менен белгилүү бир катышта болот.

Ошондуктан;

- **экономикалык программалоо** – малекеттин экономиканы багытоосунун эң жогорку формасы.

- **экономиканы багытоо** – бул калыптанган мыйзамдардын аткарылышын, көзөмөлдөөнүн иш аракеттеринин системасы. Ал мамалекеттик, укуктуу коомдук уюмдар аркылуу ишке ашырылып, үстөмдүк кылып турган социалдык экономикалык системаны стабилдештирүү, жаңы шартка карата калыптандыруу максатын көздөйт.

- **эмгек рыногун жөнгө салуу** – мамлекеттик багытоо аркылуу ишке ашат. Ал үчүн мамлекеттин жумушсузхдуктун деңгээлин төмөндөтүү, учурга керектүү кадрларды даярдоо боюнча программалары болушу керек;

**Мамлекеттик жөнгө салуу** – экономикалык шарттардын белгилүү бир өзгөрүү процесстерин, алардын өз ара байланыштарын колдоп туруу

максатында экономикалык системага мамлекеттин таасир этүүчү формасы. Ал административдик (буйрук, мыйзам, көрсөтмө ж.у.с.), экономикалык формада жөнгө салуучу катарында (салыктар, баалар, нормалар, банктык пайыздар, санкциялар ж.б.) колдонулат.

**Мамлекеттин кирешени индексациялоосу** - кирешенин азайышынын негизинде жашоо тиричиликтин кымбатташынан келип чыккан жоготууну толуктоого колдонулуучу иш чаралар.

Аларга;

- **салык кызматы (ГНС) колдонулат** – бул мамлекеттик структуранын бир түрү, алар салыктын мыйзамдарын баардык элге бирдейлигин жөнгө салып, бирдей системада көзөмөлдөп турушат. Бюджетке кирген, кирбеген фонддордогу салыктарды ж.б. төлөмдөрдү толук, так төлөнгөндөрүн көзөмөлдөшөт.

- **фискалдык монополия** – бюджеттик кирешени көбөйтүү максатында мамлекеттин өндүрүшкө, айрым товарларды сатууга (алкоголдук ичимдиктерге, тамекиге, тузга, ширенкеге, самын, пивого ж.у.с.) контролдук кылышы.

**Маржа** – камсыздандыруу акысы. Биржанын кардары тарабынан сатып алган же саткан контрактка төлөнөт.

**Маркетинг** (англ. -базар) – чарбалык чечимди кабыл алышы үчүн рыноктогу болуп жаткан процесстерге так эсеп, талдоо жүргүзүүнү сунуш кылган фирманы, ишканаларды башкаруунун системасы. М. негизги функциялары: товарларга, кызмат көрсөтүүлөргө болгон калктын сатып алуу мүмкүнчүлүгүн, баанын келип чыгуунун изилдөө, рекламаларды, товарды сатууну турукташтыруу, чыгарылуучу товардын ассортиментин негиздөө, коммерциялык сооданы башкаруу, керектөөчүгө кызмат көрсөтүүнү уюштуруу. М. программанын негизги саясаты – атаандаштыктын жалпы принциптерин аныктоо, фирманын позициясын бекемдөө, б.а. ишкананы рыноктун шартына ылайыктоо.

**Маркетинг каналы** – көз каранды эмес товар өндүрүүчүдөн дүң соода кылуучуларга чейинки товардын басып өткөн жолу, андан ары – жекече соода кылуучуларга өтөт, ар бир сатуучу өз алдынча соода кылуучулар болуп калат .

**Массалык маркетинг** – баардык сатып алуучулар үчүн бир түрдүүү товарды чыгаруу, жайылтууну сатууну массалык түрдө ишке ашырууга түрткү берүү.

**Мафия** – калкка террордук ар түрдүү кысым көрсөтүүчү жашыруун уюм (1906 –ж. биринчи жолу Сицилияда чыккан; Экинчи Дүйнөлүк согуштан кийин «Коза – ностра» деген ат менен белгилүү.)

**МВФ (эл аралык валюта фондусу) –** УБУнун (ООН) өзгөчө орган түрүндөгү эл аралык валюталык – финансылык уюму. Негизги милдети: эл аралык соода жана валюталык финансылык кызматташтыкка таасир көрсөтүү; МВФнин мүчөлөрүнүн төлөө балансТарын колдоп, алардын

валюталарынын курсун жөнгө салып, дүйнөлүк валюта системасын илдеттен куткаруу реформаларын иштеп чыгып, өзүлөрүнүн мүчөлөрүнө кредиттик ресурстарды берип турат. 1944 жылы түзүлгөн.

**Медведь (аюу)** – (рыноктук жаргон). Рыноктогу товардын баасынын төмөндөшүн күтүп , ага сөзсүз таасир этүүчү сатуучу.

**Медно** – айдын ортосуна туура келүүчү биржалык келишимдерди аткаруу мөөнөтү

**Менеджер** (англ. – башкаруу) – ишкананы уюштуруу боюнча атайын билими бар жалданган, адис, башкаруучу.

**Менеджмент** – эң жогору пайда алуу максатында өндүрүштү башкаруунун формасы, каражаты, усулу, принциптери.

**Менчик** – материалдык байлыкка, айрыкчы эмгек каражаттарына ээлик кылуунун тарыхый коомдук формасы, бирөөгө тиешелүү мүлк; М. ээси аны пайдалангандарга буйрук берүүгө укугу бар. Тарыхта өндүрүш каражатына болгон менчиктер баарыбызга белгилүү; алар бири-бирине карама каршы келген жалпы жана жеке типтери.

**Менчик ээси** - кандайдыр бир мүлккө жеке менчиктик укугу бар адам.

**Меркантализм (ит. – соодагер, көпөс)** – соода буржуазиясынын кызыкчылыгынын кубаттаган экономикалык окуу жана саясат. М. байлыктын булагы алмашуу чөйрөсүндө деп эсетеп, өндүрүштү танышат, байлык менен акча капиталы окшош каралат. Алар өлкөдө акча (алтын, күмүш) канчалык көп болсо, өлкө ошончо бай болоорун, анын негизинде тыштан келүүчү товарлардын көлөмү тышка алып чыгуучу товарлардан аз болушуна жетишишкен.

**Меркантилдик –** 1- соодалык, коммерциялык; 2-алып - сатарлык, кызыл кулактык.

**Мета** – бул операцияга катышкандар пайданы дагы, зыянды (жоготууну) дагы тең бөлүшөбүз деген  макулдашуу.

**Мечрандайзинг -** товарды чекене соода аркылуу сатуу үчүн ага тиешелүү баардык информациялары менен даярдоо.

**Микромаркетинг** - өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн ортосундагы байланышты камсыз кылуучу маркетирнгдик ишкананын ишине тиешелүү маркетингдин бир бөлүгү.

**Мининималдуу керектөө бюджети (МКБ**) – калктын минималдуу кирешеге муктаж катмарынын жашоо тиричилигин материалдык жактан камсыздоо үчүн зарыл наркты аныктоочу киреше менен чыгашанын тендештиги. Бюджет азык – түлүк эмес товарлар, кызмат көрсөтүүлөргө алынган акы боюнча илимий негизделген б.а. орточо эмеп менен алынган нормалдарды ичине камтыган социалдык маанилүү жалпылоочу норматив болуп саналат. Бюджет материалдык камсыздык менен тейлөөнүн минималдуу структураларын, деңгээлдин, андан тышкары мына ушундай керектөөнү камсыз кыла турган кирешенин деңгээлин мүнөздөйт.

**Мобилизация** – кенен түшүнүк менен алганда кандайдыр бир өтө маанилүү маселени чечүүдө өлкөнүн күчүн, каражатын, ресурстарын, ички резервдерин активдүү абалга алып келип, ошол маселенин чечүүгө камтуу.

**Модернизациялоо** – жаңылоо, жаңы шартка, жаңы талапка ылайыктап өзгөртүү (машиналарды технологияны, уюштурууну, өндүрүштү ж.у.с)

**Монокультура (гр., ит. – бирди эле өстүрүү)** – дыйканчылыкта өстүрүлүүчү бирден – бир өсүмдүк. Монкультуралык (монотовардык) адситештирүү – өлкөнүн чарбасын негизинен экспортко чыгарыла турган сырьелук торварды өндүрүүгө бир жактуу адистештирүү. Муну мурдагы колониялык, көз каранды өлкөлөргө колонизаторлор таңуулаган. Ал өлкөнүн өндүргүч күчтөрүнүн өсүшүн, анын эмгек ресурстарын рационалдуу пайдаланууну токтотот.

**Монометаллизм -** акча ситемасы; жалпы эквиваленттик валюта (баардык товардын наркынын ченемин көрсөтүүчү) үчүн бир эле металлды колдонуу (алтынды же күмүштү).

**Монополист -** үстөмдүк кылуучу адам.

**Монополиялык атаандаштыктын рыногу** – келишимдерди рыноктук бирдей баа менен эмес, кенен диапазондогу баа менен жүргүзүүчү сатуучулардын, сатып алуучулардын рыногу.

**Монополиялык атаандашуу –** бир түрдүү товарды ар түрдүү баада сатуучу жана сатып алуучулар өтө көп болгон рынок. Мындай шарт сатуучулардын сатып алуучуларга сапаты, касиети, модели, ассортимент боюнча бири-бирин өзгөчөлүктөрүнө салыштырып, ал товарларга базардагы жогорку баадан дагы жогорку бааны төлөөгө каршы эмес.

**Монополиялык баа –** монополиялык пайдадан жогорку өлчөмдөгү пайда алуу максатында товардын наркынан төмөн же жогору коюлган рыноктук баанын өзгөчө түрү. М.б. коюу үчүн товарды өндүрүүнү жакшыртуунун кажети жок, себеби баанын ченемин эле сүйлөшүп алуу жетишет. Ушунун негизинде техникалык прогресстин экономикалык өбөлгөсүнө бөгөт коюлат.

**Монопсония** – көптөгөн товар өндүрүүчүлөрдүн бирдей товар чыгарып атаандаш болушу, ал эми сатып алуучу бирөө эле болгондуктан ал аз өлчөмдө сатып алып өндүрүүчүлөрдү бааны төмөндөтүүгө мажбур кылып рыноктогу эң күчтүү атаандаш болот.

**Мораторий –** төлөнүп бүтө элек карыздын шарттарын кайра каратып чыгуу максатында карыз алган тарап атайлап эле карызды, балким бир бөлүгүн төлөй албагандыгы жөнүндө документтерге таянып, карызды жабуу жөнүндөгү арызданган абал.

**Мораторий (банктык)** – кредиттик уюмдардын мамлекеттик буйругу аркылуу белгилүү бир убакытка чейин жабылгандыгын маалымдаган мараторийдин бир түрү.

**Мотивация** (эмгектеги) – жумушчуларды тиешелүү далилдер (шылтоолор) аркылуу алардын иштеши керектигин ойготуу ыкмасы. Ал

материалдык, социалдык, моралдык, административдик, уюштуруучулук болот. Жумушчуларды иштегендей шартка келтирүү оң, жакшы, санкциялык күчкө салып, тескери мотивде жүрүшү мүмкүн.

**Мүдөө опциону –** мөөнөтү бүтө электе белгилүү баа менен фьючерстик келишимди сатып алууга укук берген документ.

**Мултипликатор (лат. – көбөйтөм, чоңойтом)** – кирешенин өлчөмүнүн өзгөрүшү менен инвестициянын көбөйүшүнүн (азайышынын) ортосундагы байланышты көрсөткөн коэффициент.

**Мультимиллионер (лат. – көп)** – көптөгөн байлыктын ээси.

**Мүмкүнчүлүк жана сатуу укуктарынын анализи** – маркетингтик стратегия. Товардын ылайыктуулугу фирманын максатына дал келээрин аныктоо максатында накталай контролдук көрсөткүчтөрдү анализдөө.

**Мунципалитет –** 1) кээ бир өлкөлөрдө өзүн – өзү башкаруучу жергиликтүү орган, ошондой эле ал ээлеген имарат; 2) Австралия, Венесуела ж.б. мамлекеттерде административдик территориялык төмөнкү баскыч.

**Мыйзамдар согушу –** эски бийликтин механизми бузулуп, жаңы мыйзамдар кабыл алынганы менен алардын көбү күткөн натйжаны бере албай, элде ишенбөөчүлүктүн пайда болушу. Алардын аракетин камсыз кылуучу механизмдер иштебейт, каршы келген ведомстволук актылар бут тосуп, ишке киришине жол бербейт, кээде так аткарылбайт, бири экинчисине туура келбейт, бүгүн чыккан эртең жарабай калат.

## «Н»

**Накладная** – жүктү ташуудагы эсебин алуучу биринчи документ.

**Накта атаандаштык рыногу** – бирдей этоварларды сатуучулары да, сатып алуучлары да көп болгондо келип чыгат. Рынокто келип чыгуучу баага сатуучу, сатып алуучу каалаган сандагы товарды эркин рыноктун эле баасы менен алат.

**Наряд** – иштин аткарылгандыгын, товарды жөнөтүү керек экендигине буйрук берилгендиги жөнүндөгү докумант.

**Натуралдык трансферттер** - мамлекеттин калкка натуралай түрдө берилүүчү товар, тейлөө түрүндөгү пособиелери (медициналык тейлөө, билим берүү, бекер тамак уюштуруу).

**Наценка –** ишкананын продукциясын жеткирип, керектөөчүлөрдү жабдып, аларга сатып бергендиги үчүн жабдуучу уюмдар ала турган киреше, орду толтуруулучу ырасталбаган чыгаша.

**НДС салыгы –** товарды өндүрүп, тейлөө көрсөтүлүп жатканда кошулган наркка салынуучу салык

**Негизги фондулардын кайрылып келүү структурасы** - негизги фондуларды кайрылып келүү категорилары боюнча бөлүктөргө бөлүү.

**Неогоциант** – башка өлкөлөр менен ири өлчөмдөгү дүң соода жүргүзүүчү соодагер (коммерсант).

**Нетто** – 1) оролуп, таңгакталбаган товарлардын массасы; 2) келишимден кийинки товардын накта таза баасы; 3) баардык кеткен чыгымдарды алып салгандан кийинки таза киреше.

**Нетто – баланс** – 1) тышкы соодага товарды алып чыккан менен алып киргендин барабардыгы; эсеп жүргүзүүдөгү айлануучу балanska сальдо балансынын катышы.

**Неустойка** - милдеттемени аткара албай калганда карыздакор кредиторго сөзсүз түрдө төлөп бере турган сумма.

**Неуфундированланган карыздар** – кыска мөөнөттүү мамлекеттик карыздар, ал бир нече жумадан бир жылга чейинки убакытка чыгарылат, казыналык вексель ж.б. карыздык милдеттенмелер түрүндө борбордук жана коллкециялык банктар аркылуу такталат.

**Номиналдык (лат. – аты, наамы жазылган,)** – баалуу кагаз саны көрөстүлгөн нарк. Товардын прейскурантындагы номинал анын баасын көрсөтөт, маяна Н. – акча бирдиги менен алынган кызмат акы.

**Нормалдуу баа** – сунуштун ийкемдүүлүгүнүн узак мөөнөттүү процессте өсүшүнүн негизинде калыптанган баа.

**Ностро** – банктын өзүнүн корреспондент банкындагы счетуна баардык чыгашалары, келип түшкөн кирешелериини баары белгиленип турат.

**«Ноу-Хау» (англ. – ушундай биллем)** – өндүрүштүн натыйжалуу иштешин камсыз кылуучу, анын бир процессинде колдонуучу уюштуруучулук, илимий техникалык, технологоиялык, коммерсиялык билим. «Ноу-хау» патенттелбейт, анткени негизинен белгилүү бир тажрыйбадан, жөнөмдүүлүктөн турган тигил же бул формага тиешелүү ыкмалар, ошондуктан ал сатылуу, сатып алуу предмети боло албайт. «Ноу-хау» лицензиясы менен сатылганда өндүрүштү жөнгө салууну жеңилдетет (арзандатат), өндүрүштүн жашырын сырларын ачыкка толук алып чыгат, сатуучу фирмалардын адистери өндүрүш процессин ишке киргизүүгө, аны көзөмөөлдөөгө катышат. «Ноу- хау» эл аралык лицензиялык макулдашууларда, техникалык кызматташтык келишимдерде колдонулат.

**Нувориш** – кызыл кулактык кылып, өзгөчө согуш убактысында, экономикалык жандануу жана өткөөл мезгилде байыган өзүн көрсөтүүгө умтулгуна жаңы байлар.

**Нуллификация** – документи юридикалык мыйзамдуу күчүнөн ажыратуу. Баалуу кагаздарга, акчага карата Н. аларды жараксыздыкка чыгарат.

**Нью-релия** – келишим түзүп жатканда пайда, товар, компания жөнүндөгү маалыматтар.

**«О»**

**Облигация (лат. – милдеттенме)** – баалуу кагаздын бир түрү. Кошумча финансы каражаттарды топтоо үчүн ишканалар, мамлекет аркылуу кредит формасында чыгарылат, тиешелүү мөөнөт бүткөндө кайра акчалай төлөнүп берилет.

**Облиго** – векселдик карыздын суммасы.

**Оборот** – кайталап өндүрүү, пайда алуу үчүн акча каражаттарынын, товардын айланышы.

**Обходной кагаз** - салыктын суммасын, төлөө мөөнөтүн көрсөткөн салык төлөөнү маалыматтоочу документ.

**Объектинин коммерциялык баасы** – объектинин мүмкүн болушунча көбүрөөк пайда алып келүү касиети.

**Овердрафт** – клиентке карыз берүүнүн системасы. Анын негизинде ал өзүнүн счетунан калдык ашык акчадан акчаны учурдагы счету менен мурдагы сүйлөшүлгөн чекке чейин алуу укугуна ээ болот.

**Олигополисттик атаандашуу** – маркетинг стратегиясына, баа түзүүчү саясатка өтө сезгич келген аз сандагы сатуучулар. О.а. кирүү үчүн тобокел керек, себеби рыноктун катышуучулары баанын тынымсыз жогорулашына таянса, атаандаштар аны төмөндөтүүгө, аргасыз шартка келгидей жагдай түзүшөт.

**Олигополистик рынок (гр. – сатам)** – аз сандагы сатуучулар менен менен аз сандагы сатып алуучулардын ортосунда жүргүзүлгөн соода сатык. Булар рыноктук баанын, маркетинг стратегиясынын өзгөрүшүн алдын ала сезишет.

**Олигопсония** - бир же бир нече түрдүү продукциялары бар ири фирмалардын рынокто жашашы. Ошондуктан булар чечим кабыл алууда, өзүлөрүнүн продукцияларына баа коюууда бирине – бири көз каранды болушат.

**Онколдук ссуда** – бир жуманын ичинде биринчи жолу талап кылар замат карыздакор төлөй турган ссуда, ага чейин алдын-ала 1-7 күн мурда эскертилет.

**Оппозиция** – каршы болуу, өзүнүн көз карашын, саясатын башкаларга карама – каршы коюуу.

**Оптимизация** кандайдыр бир максаттуу функциянын маанисине максималдуу же минималдуу көз караш түзүү.

**Опцион** – 1) акциянын наркынын төлөнө элек бөлүгү 2) жаңыдан чыгарылган акциялар. Алардын наркынын бир бөлүгүн, калган суммасын сатып алуучуга мүмкүн болгон жалпы акциянын саны белгилүү болгондо төлөп берүү укугу менен сатып алуу.

**Опцион (баалуу кагаздар) (нем. – тандоо)** – келишим шартына ылайык, белгиленген убакыттын ичинде инсандын баалуу кагаздарды сатып, сатып алуусуна мүмкүндүк берген келишим М: сатып алуучу бир жылдын ичинде 200 акциянын 10 доллардан сатып алууга келишим бар дейли. Сатып алып жаткан учурда ар бирине 2 доллардан төлөп турса

200×2=400 болот. Жылдын ичинде акциянын курсу 14 доллар болуп калса сатып алуучу 10 доллардан эле төлөйт 200×100=2000 доллар, ал эми 400 доллар ал адамга киреше катары чөнтөгүндө калат. Эгерде акциянын курсу өзгөрбөсө сатуучу утат.

**Опцион (товарлардын)** – эки контрагенттин ортосундагы контракт. Бир тарап сыйлык алып товарды белгилүү убакыттын ичинде конкреттүү баа менен сатып алуу жана сатуу укугун алат.

**Опцион сунуш** – мөөнөтү аяктаганга чейин каалаган учурда көрсөтүлгөн баа боюнча фьючерстик келишимдерди сатуу укугун берген опцион.

**Отвес** – салмактын сертификаты, б.а. алынып келген товардын салмагын ырастоочу документ. Мында ар бир товарлардын алган ордунун салмагы (отвес) жазылат.

**Офедрафт** – банктын кредити аркылуу жабылуучу клиенттин учурдагы счету боюнча терс сальдосу.

**Офис** – айрым буржуазиялык өлкөлөрдөгү канцелярия, контора.

**Официалдуу резервдик операциялар** – өлкөнүн Борбордук банкы аркылуу чет элдик валютаны сатуу жана сатып алуу.

**Официалдуу учеттук (эсептик) ставка** – Борбордук банктын коммерциялык банктар ж.б. өз ара кызматташтык кредиттик институттары менен сатып алуу процессиндеги (учеттоодо) мамлекеттик кыска мөөнөтүү милдеттенмелердин жана жеке коммерциялык векселдердин кайрадан эсебин алганда колдонулуучу пайыздык ставка.

**Офферта** – сатуучулардын товардын алуучуларды болжолдоп, аларга сатып алуунун шарттарын түшүндүрүп, кат жүзүндөгү формалдуу сунуш кылышы. Ушундай сунуштарды жиберген фирма жеке офферент деп аталат. О. товарынын аталышы, саны, сапаты, баасы, төлөөнүн биржалык шарты, жеткирүүнүн жолдору көрсөтүлөт. Эл аралык соодада О. эки түрү бар: 1) туруктуу, 2) эркин. Кат жүзүнө кайрылганда даана түрлөрү көрсөтүлүшү керек, эгер О. туруктуу болсо катты бир эле тарапка жазып, жообун күтөт. Эркин түрү – бир товардын бир нече алуучуларга сунуш кылат, жообун күтпөйт. Биринен болбосо экинчисинен жооп сөзсүз келет.

## «Ө»

**Өз ара айырбашталуучу товарлар** – керектөөнү бирдей канагаттандыруучу товарлар, биринин баасынын өсүшү, экинчи товардын суроо – талабынын өсүшүнө алып келет.

**Өз ара интеграция** – валютанын болжолдуу курсуна жетишүүгө жана аны кармап турууга карата Борбордук банктын жүргүзгөн иш-чаралары. Ал үчүн чет элдик валютаны сатып алуу жана сатуу керек. Көбүнчө валюта курсунда колдонулат.

**Өз ара менчик** – ар кайсы субъектилерге капиталдык салым жасоо максатында ар кайсы инвесторлордун капиталдарынын бирикмеси, анын негизинде капитал өз-ара биргелешкен менчик болуп калат, кирешелер менен чыгашалар ар кимдин үлүшүнө жараша жалпы суммада эсептелип, бөлүштүрүлүп, турат.

**Өз ара толуктолуучу товарлар** – бирин – бири толуктоочу товарлардын комплекси (магнитафон – кассета), буларды пайдалануу бир учурда жүрөт, бирине суроо – талап төмөндөсө, экинчисине болгон суроо талаптын көлөмү төмөндөйт.

**Өз ара эсептешүү палатасы (крилингдик палата)** – крилинг брокердик компанияларды жана кардарлар менен эсептешүүнүн баардык түрлөрүн ишке ашырып, фирмалар кол коюлган келишимдердин тууралыгына көзөмөл жүргүзүүчү биржанын бир бөлүкчөсү.

**Өзгөчөлөнбөгөн (жөнөкөй) лицензия** – лицензиатка (сатып алуучуга) продукцияны даярдоого, керектөөгө, сатууга укук берилет жана ушундай эле укук сатуучу тарапта деле кала берет.

**Өлкөнүн экономикалык мүмкүнчүлүгү** – улуттук экономикалык бирдик чөйрөсүндөгү товар өндүрүү, тейлөө көрсөтүүнүн көлөмү, структуурасы, сапаты, техникалык деңгээли, ошондой эле өлкөнүн өзүнүн территориясында, чет өлкөлөрдө топтолгон, жайгашкан материалдык, эмгек ресурстары, илимий баалуулуктары, жаратылыш ресурстары.

**Өндүрүш запасы** – керектөө үчүн ишканга келип түшүп, бирок жумушчу ордуна пайдаланууга бериле элек өндүрүш каражаттары. Алар: учурдагы, даярдалуучу, камсыздандыруучу болуп бөлүнөт.

**Өндүрүштөн тышкаркы чыгымдар** – өндүрүп чыгарган продукцияны сатып чыгарууга кеткен ишканалардын чыгашалары (расходу), ага (товарды, ороп салыштырганга, тиешелүү пункттарга жеткиргенге, жүктөгөнгө, түшүргөнгө, ж.у.с.) кеткен акчанын суммасы кирет.

**Өндүрүш чыгымдары** – товар (продукция, тейлөөлөр) өндүрүүгө сарпталган сумма. Ал товардын ишканадагы ички наркын түзөт (чыгарган тараптын) жана сатуунун баштапкы баасын - сунуштоону аныктаганга колдонулат. Ө.ч. түрлөрү

- **дүң чыгымдар** – ушул товар (тейлөөнүү) өндүрүүгө кеткен баардык акча каражаттарынын суммасы; аларга туруктуу жана өзгөрмөлүү Ө.ч кирет.
- **кошумча** – транспортко, ороп салыштырууга, сатууга, дүкөнгө сактоого кеткен каражаттар.
- **орточо чыгымдар** – жалпы өндүрүштүк чыгымдарды чыгарылган ар бир даана буюмдун санына бөлгөндө алынат;
- **сатууга кеткен чыгымдар** – товарды сатууда кеткен чыгымдардын жыйындысы. Ал *таза* жана *кошумча* деп бөлүнөт
- **таза** – сатуучуларга төлөнгөн маяна, жарнамага кеткен акчалар ж.у.с.
- **чегине жеткен чыгымдар (жаңыдан алынган)** – кошумча Ө.ч. аны өтө арзанга турган жол менен алгандыктан кошумча чыгым жумшап кошумча даана продукция алуу:

**Өткөөл мезгил** - экономикалык системаны түп тамырынан бери реформалоонун натыйжасында өлкөнүн экономикасы, жаңы, сапаты боюнча башкача абалга өткөнгө кеткен мезгил аталат.

## «П»

**Паблисти –** 1) ишкананын, фирманын белгилүү, популярдуулук формуласы, 2) өзүлөрүнүн товарларына, тейлөөлөрүнө суроо-талап көп болсун үчүн керектөөчүлөргө таасир этүү, пропогондалоо. Ал үчүн жарнактарды, массалык маалымат каражаттар аркылуу жарыялоо, үлгүлөрүн, моделдерин жеңилдетилген баа менен сатып, сувенирлерди белекке берип, ж.у.с. суроо-талапты стимулдаштыруунун ар түрдүү усулдарын колдонушат.

**Пагамент –** накталай акча менен төлөө.

**Пайда –** ишкананын чарбалык аракетинин финансылык натыйжасы. П. өндүрүштүк чыгымдардын наркынын ашык нарк. П – акча топтоонун, фонд түзүү, негизги айлануучу фондуларды кеңейтүү, капиталдык салымдарды финансылоонун ж.б. каражаттарына колдонуунун негизги булагы.

**Пайыз –** кандайдыр бир сандын жүздөн бир бөлүгү.

**Пайыз кагаздары –** сарпалган капиталга жарша ээсине пайыз алып келүүчү баалуу кагаздар.

**Пайыз ставкасы –** ссуда пайызынан сан менен берилүүчү өлчөм. П.с ссуда капиталынан алынган жылдык кирешенин кредиттин суммасына болгон катышы боюнча эсептелет.

**Пакатилдик товарлар –** төмөнкү сапаттагы товарлар

**Паракордук –** пара берүүчүнүн мүдөөсүн көздөп, өз компотенциясына кирген иш аракеттерди жасагандыгы (жасабагандыгы) үчүн материалдык баалулуктарды жана сый көрсөтүүлөрдү ар кандай жолдор менен кызматчынын кабыл алышы.

**Паритет (лат. – теңчилдик)** – 1) тараптардын өз ара мамилелериндеги теңчилдик, тең укуктуулугу, кандайдыр бир маселени, чыр – чатакты чечүүдө тең, бирдей өкүлдүүлүгү, абалынын бирдейлик принциби; 2) өлкөлөрдүн акча бирдигинин валютага сиңирилген алтындын салмагы боюнча (валюталык, монеталык), сатып алуу жөндөмдүүлүгү боюнча теңдештиги.

**Паритеттүү –** паритеттин принцибине таянган теңдештик, бирдей ахвал, тараптардын тең укуктуулугу.

**Паритеттүү баалар –** айыл чарба продукциясынын баасын мамлекеттик деңгээлдеги баада кармап туру.

**Парцелла –** өндүтүштүн өтө жөнөкөй куралдарын, усулдарын колдонуп, дыйкан чарбалык иш жүргүзүлүүчү майда жер участогу.

**Пассив –** 1) ишкананын, мекеменин каражаттарынын пайда алуу булактарын жана алардын дайындалышын (өздүк, резервдер, башка мекемелердин заемдору) чагылдырган бухгалтердик баланстын бир бөлүгү. 2) Өлкөнүн чет өлкөдөгү чыгымынын (М: товарларды ташып келүүнүн натыйжасында) чет өлкөдөн түшкөн пайдададан ашып түшүшү; төлөө балансын дивиденди. 3) ишкананын карыздарынын, милдеттен-мелеринин жыйындысы (карама-каршы – актив).

**Патент (лат. – ачык, анык**) – ачылыш жасаган адамга ойлоп табылган нерсенин автор экенин ырастап, ага өзгөчө укук берген күбөлүк. Мисалы, сатуу, өндүрүүнүн өзгөчө укугуна ээ болуу.

Анын төмөнкү түрлөрү бар:

**- патент (келишим)** – ачылышка берилген патенттерди чогуу пайдалануу жөнүндө ишкананын макулдашуулары; мамлекеттердин ортосундагы ачылыштын укуктарын бирге коргоо боюнча макулдашуулары;

**- патент (соода) –** белгилүү бир продукцияны сатууга өзгөчө толук укук берип, айрым буюмдар, товарлар менен иштөөдө өзгөчө укук берген күбөлүк.

**Патент жыйымы –** буюмду өндүрүү, сатуу, ишкананы ачууга укук берүүчү патентти берип жатканда алынуучу жыйым.

**Патериализм –** 1) мамлекеттин өзүнүн жарандарына, фирманын өзүнүн кызматкерлерине, бир өлкөнүн экинчи өлкөгө ырайымдуу мамиле кылышы; 2) мамлекет, өкмөт өзүнүн жарандарына кам көрүшү керек экендигин ынандыруу. Баардаык граждандар үчүн камкордукту өзүнө алып, мамлекеттин эсебинен алардын керектөөлөрүн канагаттандырарын ишендирүү

**Паушалдык төлөө –** лицензия үчүн төлөөнүн бир формасы. Алынуучу пайданын өлчөмүн, экономикалык натыйжалуулугун божомолдоп, лицензия келишиминдеги туруктуу чектелген сумманы ошол замат, белгилүү мөөнөттөн кийин төлөө. Көбүнчө өндүрүүнүн «жашыруун» деген лицензиясын сатууда колдонулат, ал ишкананын пайдалуулгуна, натыйжалуулугуна багытталган.

**Пационалдык төлөм («ноу-хау» лицензиясы)** – «ноу-хау» өткөрүп бергенде контракт боюнча шартталган сыйлыкка берүүгө көрсөтүлгөн сумманы толук төлөө .

**Пеня –** салыктарды, салык эмес төлөөлөрдү, ошондой эле алынган материалдык каражаттарга, көрсөтүлгөн жардам, кызматтарга, аткарылган иштерге төлөөлөрдү кечиктиргенде, финансылык милдеттенмелерди өз убактысында аткарылбагандыгы үчүн алынуучу санкция.

**Перестройка –** чарба жүргүзүүнүн формалары усулдардын өзгөчөлүгү менен коштолуп кайрадан терең өзгөрүүлөргө алып келүүчү социалдык экономикалык система.

**Пит (секция) –** товар биржасында конкреттүү товарды активдүү соодаланган орун.

**Плагиат (лат. – уурдалган)** – башка бирөөнүн чыгармасын, ойлоп тапканын, авторлугун өзүнүкү кылып алуу.

**Плагиатор** – плагиаттык кылган адам.

**Полис –** камсыздандыруу коому берген күбөлүк. Эгерде камсыздандырылган тарап сотко камсыздандыруучунун үстүнөн доомат койгондо, анын жоготууларын төлөтүп алуу укугу күбөлөндүрүлөт.

**Портфель (заказдардын)** – ишкананын кубаттуулугунун деъгээлин жабдуу мүмкүнчүлүгү, экономикалык келечеги, товар рыногундагы ээлеген орду жөнүндө билүүгө мүмкүнчүлүк берген белгилүү мөөнөткө же бүгүнкү даатага карата фирманын колундагы накта заказдардын топтому.

**Поручителдик кылуу (тапшыруу)** – үчүнчү тараптын (тапшырма алгандыгын) бирөөнүн атынан (тапшырма берүүсүнүн) белгилүү бир аткаруу милдетти алуусу, эгерде, биз көрсөткөн адам ал ишти өзү аткара албаса, оошндой эле милдетин алган тарап өзүнүн макулдугун берген болсо, анын күчү мыйзам ченемдүү.

**Пособие** (жумушсуздуктан) – мамлекет тарабынан мезгил-мезгили менен төлөнүп туруучу акчанын суммасы. Ал жумушсуздук деп таанылган мыйзамдык түрдө калыптанган социалдык жактан коргоо каражты болуп эсептелет.

**Поссесия** – жерди арендалык ээлик кылуу.

**Пошлинасыз ташып келүү** – бажыкана пошлинасы салынбаган товарларды импорттоо.

**Презентация** – экономикалык прогрессивдүү усулдарды колдонуу боюнча тажрыйба алмашуу үчүн векселди которуп берүү; керектөөчлөрдүн жогорку талабына жооп бере алгыдай дүйнөлүк рыноктогу конъюнктураны эске алып товарларды экспорттоо: П биргелешкен ишканалардын, өлкөлөрүнүн ортосунда эл аралык дүйнөлүк рынокто жүргүзүлөт.

**Претензия (фр. – доо)** – доо коюуу, бир нерсе алууга укугу бар экендигин билдирүү, талап, даттануу, заказ берген тараптын канагттанбашы, аткарылган иштен, сатып алган товардан кардарлардан кыйкым табышы.

**Преференция** - жеңилдетилген бажыкана пошлинасы. Аны мамлекет айрым өлкөлөрдүн баардык же айрым товарларына эле коет, П. берилбеген башка өлкөлөрдүн товарларына колдонулбайт.

**Приватташтыруу (лат. – жеке**) – мамлекет менчигиндеги ишканалар, транспорт, каражаттар, үй-жайларды акысыз, сатуу жолу менен жеке адамдардын, бирикмелердин менчигине берүү, анын негизги максаты – рыноктук экономикага ылайык келген менчиктик мамилени түзүү менен экономиканын натыйжалуулугун арттыруу.

**Принципал** – өз атынан мүлктү ар түрдүү операцияларды аткарууну орточуга берген мүлктүн ээси.

**Прификс** – төмөндөтүүгө, жогорулатууга тыюуу салынган товардын баасы.

**Профит (фр. – пайда) –** пайда көрүү, пайда табуу.

**Прогноздоо –** конкреттүү фактыларга таянып, окуянын, кубулуштун өнүгүшү, аякташы жөнүндө алдын – ала божомолдоо, көрө билүү.

**Прокурист –** каалаган келишимдерди түзүүгө чектелбеген укук берилген соода ишканасынын өкүлү, фирманын ишенимдүү адамы.

**Пролонгация –** келишимдердин, макулдашуулардын ишке ашырылышы мөөнөтүн узартуу.

**Пропоганда (лат. – жайылтуучу)** - товар, тейлөөлөр жөнүндөгү коммерциялык маалыматтарды басма сөз, радио, телевидение аркылуу жагымдуу жагдайда калкка билдирип, аларга суроо талаптарды арттыруу үчүн спонсорлордун (демөөрчүлөрдүн) акчалай, ошондой эле акысыз көрсөткөн жардамы.

**Протетекционизм –** кредиттин, валютанын, бажыкананын жардамы аркылуу улуттук товар өндүрүүчүлөрдү чет элдик атаандаштардан коргоо.

**Процент (пайыз)** – кандайдыр бир сандын жүздөн бир бөлүгү

**Проценттик кагаздар** – баалуу кагаздар, карыздык милдеттенмелер. Буларга салым жасалган капитал тиешелүү киреше, пайыз алып келет.

**Проценттик ставка** – ссуда процентинин сан менен көрсөтүлгөн чени; ссуда капиталынан алынган жылдык кирешеге берилген кредитке болгон катышы.

**Пул –** картель тибиндеги убактылуу монополиялык бирикме. Катышуучулар формалдуу түрдө өз алдынча калып расходдорун чогуу чыгарышып, ортодогу фондго түшкөн пайданы алдын ала белгиленген квота боюнча бөлүшүшөт, рыноктордо өз кызыкчылыктары боюнча конкреттүү иш аракеттерди аткарышат.

**Пункт –** термин П. акциянын, облигациянын валюталык курстук баасынын проценттик ставкасынын өзгөргөнүн көрсөтөт (АКШда 1 пункт = 1 доллар, облигация рыногунда 1 пункт 1 пайызга эквиваленттүү).

**Пункт (жеткирүүнүн)** – (деливер пункту) фьючерстик келишимдери бүткөнгө байланыштуу биржа товарларды жеткирип өткөрүп алууга белгиленген жер.

## «Р»

**Рабат –** товарды ири партия менен сатып алуучуларга баасынан түшүрүп берүү.

**Рантье –** баалуу кагаздардан алынуучу киреше, башкача айтканда ссудага берген капиталынын пайызы менен жашаган инсан.

**Расчеттук документтер** – сатылган товарлар, аткарылган иштер, көрсөтүлгөн тейлөөлөр акча каражаттарынын накталай эмес төлөө жолу менен которууга ишканалардын, уюмдардын тараптардын же буйруктарынын кат жүзүндө толтуруу.

**- расчеттук палата (клинрингдик палата)** – биржанын бир подразделениеси. Р.П. клирингдик (брокердик) компаниялардын жана клиенттер менен түзүлүгөн келишимдердин, баардык эсептешүүлөрдүн туура аткарылып жаткандыгын контролдоочу орган;

**- расчеттук счет** – ишкананын (бирикмелердин, фирмалардын) убактылуу бош турган акча каражаттардын сактап берүүчү счету, накталай жана накталай эмес формада учурдагы сарптоолорунун эсебин алып туруучу счет;

- **расчеттук фирма ичиндеги баа** – «трансферттик» баа «материнская» жана «дочерняя» компаниялары, фирманын чет өлкөдөгү филиалдарынын ортосунда товарларды алып келүүдөгү өз ара расчетторунда колдонулат.

**-Реализациялоо (нем – буюм түрүндө)** – товар сатуу, мүлктү, баалуу кагаздарды акчага айландыруу.

**Ревальвация** – акча бирдигиндеги накта алтындын көбөйүшү, акчанын курсунун чет элдик валютага салыштырмалуу жогорулашы.Р. мамлекет официалдуу түрдө жүзөгө ашырат (тескериси – девальвация).

**Ревизия (кайра карап чыгуу)** – уюмдар, ишканалар, жооптуу жетекчилердин чарбалык – финансылык иштерди мыйзамдуу жана так аткарып жаткандыгын аныктоо үчүн жүргүзүлгөн текшерүү, ошондой эле катышуучулардын макулдугу аркылуу эл аралык келишимди кайра карап чыгуу.

**Ревизор** – кандайдыр бир уюм ишкананын же жоопту жетекчилердин финансылык – чарбалык иштерин текшерүүчү.

**Ревокация** – берилген чекти жокко чыгарууга берген чектин ээсинин сунушу.

**Револьвердик кредит** - улуттук жана дүйнөлүк ссуда капиталынын рынокторуна колдонулуучу кайрадан калыбына келтирилүүчү кредит. Р.к. атайын бекитилген лимиттин чегиндеги карыздарын төлөө мөөнөтү тараптардын кайрадан кошумча сүйлөшүүсүз эле автоматтык түрдө ишке ашат.

**Регулеровкалануучу рыноктук экономика** – менчиктин ар түрдүү формалары болгон өлкөдө мамлекет менен ишканалар тең укуктуу парламентерлор катарында чарба жүргүзүүнүн формасы, мында рыноктун кыймылдаткыч күчү экономиканын мамлекеттик эмес сектору болот.

**Режим (фр.)** – иш аракеттин, жумуштун шарты.

**Режимдин жогорку жагдайлуулугу** – эл аралык келишимдеги жобо. Анда келишим түзүп жаткан тарап эки мамлекеттин үчүнчү мамлекет алып учурда колдонуп жаткан, келечекте колдонуучу укук, өзгөчөлүктөрдү, жеңилдиктерди толук берүүнү сүйлөшүшөт.

**Резервдик фонд (капитал)** – акционердик коомдордун, ишканалардын өзүлөрүнүн каражаттарынын бир бөлүгү. Ал пайданын бир бөлүгүнөн бөлүнүп алынып, чарбалык социалдык иштерге колдонулат.

**Резидент –** чет элдик фирманын, башка өлкөнүн ушул өлкөдөгү өкүлү катары туруктуу жашоочу юридикалык, жеке тарап.

**Реимпорт –** мурда чет өлкөлөргө ташылып чыккан товарларды кайра иштетпей туруп өлкөгө ташып келүү.

**Реинвестициялар –** инвестициялык операциялардан мурда киреше формасында алынган каражаттарга кайрадан кошумча салым жасоо.

**Рейтинг (кредиттик) –** карыз алуучунун кредиттик жөндөмдүүлүгүно, анын мелдеттенмелерин ишенимдүүлүгүнө баа берүү.

**Рекамбио –** тескери вексель. Банктын клиентке расходун калыбына келтирүүгө берген счету, ал инкассо векселге карата болгон нааразылык менен байланыштуу.

**Рекверт** – вексeлдик каршылык көрсөтүүдө нотариуска көрсөтүү үчүн векселди алып жүрүүчү адам.

**Реквизиттер (документтерди)** – документтер үчүн иштеп жаткан эрежелерде, мыйзамдарда каралган сөзсүз түрдөгү маалыматтар, анткени аларсыз операциялардын ишке ашыруу мүмкүн эмес.

**Реквизиция (лат.- талап кылуу)** – айрым жарандардын, юридикалык тараптардын мүлкүн мамлекеттик органдардын убактылуу алып коюшу, башкача айтканда (компенсациядан айырмаланып) күчкө салып төлөтүп мүлктөн ажыратуу.

**Реклама (фр. – кыйкырып айтуу)** – товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн пайдалуу жактары жөнүндө билдирүүчү маалыматтар б.а. тигил же бул товарды сатып алуучулурдын мүдөөлөрүнө туура келип, тандап алуусуна жеңилдик түзүүгө жардам берет.

**Реклама агенствосу** – өзүнүн товарлары, тейлөөлөрү үчүн сатып алуучуларды табууга аракеттенген заказ берүүчүлөр үчүн рекламаларды иштеп чыгуу, даярдоочу, анын каражаттарын жайгаштыруучу чыгармачыл кызматкерлерден, коммерсанттардан турган көз карандысыз ишкана.

**Рекламация (лат. – каршы чыгуу) –** товарлардын ГОСТто көрсөтүлгөн тигил, бул касиеттеринин туура келбегендигин мүнөздөгөн документ. Р. товар акча, тейлөө алгандардын нараазылык арызы.

**Реконверсия (лат. – кайрылуу)** – өлкөнүн эл чарбасын тынчтык мезгилдеги продукцияны өндүрүүгө өткөрүү.

**Ремиз** – маклер менен баалуу кагазды сатып алуучулардын ортосунда даладлчылык кылган адамга биржалык маклер төлөй турган камиссиондук сыйлык.

**Ремиза** – акчанын которулуусун вексель аркылуу төлөө.

**Ремиссия** – счет боюнча төлөнүп жаткан сумманы бүтүн санга келтирүү үчүн жасалган кемитүү.

**Ремитент** – которуучу вексель анын пайдасына жазылган адам.

**Ремитировать этүү** – чет элдик валюта менен төлөнүүчү карызды жабуунун жолу. Карыздакор өз өлкөсүнүн валютасына валютаны (ратта, чек, телеграфтык перевод) улуттук валюта рыногунан сатып алып кредиторго ага болгон карызынан кутулуу үчүн жөнөтөт.

**Реновация (негизги фондулар)** – өндүрүштүн негизги фондуларынын табигый жана моралдык жактан эскирип иштен чыккандыктан аларды кайрадан жаңыландырып туруучу экономикалык процесс.

**Рента (лат. – кайра берилген)** – капитал, мүлк же жерден дайыма алынуучу киреше. Аны алган адам эч кандай ишкердүүлүк жүргүзбөйт.

**Рентабелдүүлүк (нем. – кирешелүү, пайыздуу)** – өндүрүштүн экономикалык натыйжалуулугунун көрсөткүчү; товардын, сатылуучу продукциянын өздүк наркынын пайдага болгон катышы; пайдалуулук, кирешелүүлүк, чарба жүргүзүүгө максаттуулук.

**Рейтинг** – баа берүү, класска, разрядка, категорияга өткөрүү.

**Репорт** – 1) биржадагы баалуу кагаздарды сатуудагы шашылыш макулдашуулар белгилүү мөөнөттөн кийин кайрадан жаңы, жогорку курс боюнча сатып алууга саткан тарап милдеттенет; 2) валюта рыногунда чет элдик валютаны улуттук валютага накталай алмашылышынын айкалышы белгилүү убакыттан кийин аларды өтө жогорку курс менен кайрадан сатып алары жөнүндөгү макулдашууларга кол коюлат.

**Реприватизатция** – бир кездерде мамлекет сатып алган, конфискацияланган, улутташтырылып мамлекеттик менчикке айланган мүлктү (ишканалар, банктар, участкаларды ж.б.) жеке менчикке кайтарып берүү. Р. мамлекеттик акциялар менен жүргүзүлбөйт.

**Ресконтро** – жеке «лицевой счеттон» турган ресконтро, жардамчы бухгалтердик китеп.

**Ресурстар** – акча, баалуу нерселер, ссудалар, запастар ж.у.с. Р. түрлөрү: эмгек, экономикалык, материалдык финансылык, жаратылыштык болот.

**Реторсия** – бир өлкөнүн экинчи өлкөгө анын жарандарына карата укуктарга кысымчылык кылганына жооп катары колдонуучу чектелген иш – чаралар.

**Рефакация –** соодалашып жатканда товардын салмагынын жетпей, бузулуп калгандыгына байланыштуу баасынан, салмагынан кемитүү; жүк чоң өлчөмдө болгондо өзгөчө келишим боюнча жүк жөнөткөн тармакка берилүүчү тарифтик кемитүү.

**Референдум** – мамлекеттин турмушундагы өтө маанилүү маселелер боюнча добуш берүү жолу менен элдин оюн аныктаган жалпы эл менен өткөрүлүүчү сурамжылоо.

**Рефинансыланган карыздык милдеттенме** – төлөө мөөнөтү келе электе карыздык милдеттенмеге байланган акчаны бошотуп алуу максатында карыздакордун милдеттенмесин кредит берүүчү тараптын үчүнчү адамга сатышы.

**Рециптент** – төлөмдөрдү, кирешелерди алуучу жеке адам, юридикалык тарап, мамлекет Р ден чет элдик инвестицияны өлкөгө тараткан мамлекетти дагы аташат.

**Реэкспорт** – мурда чет өлкөлөрдөн ташылып келинген товарларды иштешпей туруп, кайра башка өлкөлөргө ташып чыгаруу.

**Ройялти** – патенттер, автордук укуктар, жаратылыш ресурстарын, менчиктин башка түрлөрүн пайдалангандыгы үчүн сүйлөшүлгөн мөөнөттө төлөнүүчү компенсация. Р. Патентти, автордук укукту менчикти колдонуп, өндүрүлгөн товарларды сатканда тейлөөдөн түшкөн нарктан белгилүү пайыз түрүндө алынат.

**Ролл-Овер-кредит** – агылып туруучу пайыздык ставкалуу эл аралык орто жана узак мөөнөтүү финансылык кредит.

**Роял-Овер** – ссуда капиталынын рыногунда ставканын өйдө ылдый болушуна жарша өзгөрүлүп туруучу ссуда боюнча агылып туруучу пайыздык ставка.

**Рынок** – товардык өндүрүштүн экономикалык категориясы. Ал суроо – талап жана сунуштук учетко, чарба жүргүзүүнүн максималдык эркиндигине, ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин экономикалык иш – аракеттеринин натыйжасынын толук жоопкерчилигин, баанын эркиндиги, атаандаштык, ачык экономика, дүйнө аралык байланыш ситемасында ирettүү интеграциясында негизделет. Анын түрлөрү:

- **рынок (баалуу кагаздар)** – финансы ресурстарына болгон узак мөөнөттүү керектөөнүү камсыз кылуучу рынок. Бул рынокто акциялар, облигациялар, депозиттик сертификаттар, казыналык милдеттенмелер ж.у.с. документтердин алмашуу процесстери жүргүзүлөт.

- **рынок (банк аралык)** – 1) ссуда капиталынын рыногунун бир бөлүгү. 2) Кредиттик мекемелердин убактылуу иштебей турган акча ресурстарын өзүнө тартып банк аралык допозит катары өз ара жайгаштырылуусу.

- **рынок (быктар)** – баанын жогорулоо тенденциясы өкүм сүргөн рынок.

- **рынок (капиталдык)** – орто, узак мөөнөттүү кредиттердин, акция жана облигациялардын рыногу.

- **рынок (медведь)** – баанын төмөндөө тенденциясы өкүм сүргөн рынок.

-**рынок (үй-жай)** – алмашуу процесси аркылуу, үй-жайды жеке менчикке айландыруудагы социалдык-экономикалык мамиленин топтому.

- **Рынок (эмгек)** – жумушчу күчүнө болгон суроо-талап, сунуштун өз ара катышы.

-**Рынокту агрегировать этүү** – рыноктун баардык сегменттерин бир бүтүнгө келтирүүнүн негизинде товар жана маркетинг стратегиясын иштеп чыгуу.

**Рынокту анализдөө** – рыноктук мамилелердин экономикалык көрсөткүчтөрүн: суроо-талап, сунушту, товарды сатууну, анын запасын, баанын ал-ахвалын, атаандаштыктын күчүн аныктоонун ыкмасы. Р.а. үчүн чет өлкөлөрдүн тажрыйбасында экономикалык-математикалык, моделдештирүү, иммитациялык моделдештирүү усулдары, программалоо, эксперттик ж.у.с. колдонулат.

**рынокту анализдөө (структурасын)** – белгилүү рыноктогу атаандаш фирмалардын товарларына сатып алуучулардын мамилесин, товардын сырткы көрүнүшү, анын эл оозундагы мүнөздөмөсү, рыноктогу ээлеп турган ордуна карата оптималдуу чечим калыптандыруу максатында жүргүзүлгөн изилдөө.

**-рынокту башкаруу** – рыноктук мамилеге, рынокко мамлекеттин багыттоосу аркылуу таасиринин негизинде, салык системасынын жана чектөөлөрдүн жардамы аркылуу башкаруу.

**-Рыноктук инфраструктура -** рынокто товарлардын, тейлөөлөрдүн эркин кыймыл аракетин камсыз кылуучу мекемелердин, уюмдардын (банк, биржа ярмарка, страховка, кеңеш берүүчү информациялык маркетингдик фирмалар ж.у.с.) системасы. Аларга төмөнкүлөр кирет:

- **рынок механизми** – өндүрүштүн натыйжасын, шартын, эквиваленттүү алмашылышын камсыз кылуучу товар – акча мамилелеринин системасы. Р.м. цивилизациянын эң маанилүү жетишкендигинин бири. б.а. аны генетикалык же электрондук инженерия менен салыштырып, коллективдүү адамзаттын акылдуулугунун туу чокусу деп эсептешет.

- **рынок наркы** – өндүрүлгөн товардын коомдук зарыл эмгектин сарпталышы менен эсептелген наркы. Р.н. рыноктук бааны жөнгө салып турат.

**Рынок конъюнктурасы -** товарды сатууда рыноктон келип чыгуучу экономикалык шарттардын жыйындысы. Р.к. жалпы, тармактык, ар бир товарга болушу мүмкүн.

**Рынок стратегиясы** – товар – акча мамилесинин өнүгүшүнүн келечегин, суроо – талапты канаатандырууда калктын төлөө жөндөмдүүлүгүнүн негизги багытын анктоочу стратегия. Р.с.ишке ашыш үчүн баарынан мурда ишканалар менчиктин кайсы формасында болбосун, мамлекеттин жөнгө салуусунан бошонуп, баага чек коюлбайт, анткени аны түзүүгө суроо – талап, сунуш деген экономикалык мыйзам таасир этет.

**Рыноктук тең салмактуулук жана рынок баасы** – сунуш, суроо – талаптын тең салмактуулук шартына баанын деңгээлин, рыноктун ал – ахвалын түшүндүүрүчү терминдер. Тең салмактуулуктун чекити суроо – талап, сунуш сызыктарынын кесилишинен орун алат. Ошонун өзү тең салмактуу баа деп аталат, себеби суроо – талап, сунуш теңдешип турат. Баа тең салмактан төмөн болгондо суроо – талап, сунуштан көп болот, сатып алуунун атаандаштыгы күчөп, баага кысым жасалып, жогорулап кетет. Эгерде эркин рынок атаандаштыгы болсо (рыноктук тең салмактуулукта), баада тең салмактуулук деңгээлди сактогоо умтулат. Калктын кирешеси, товардын баасы өзгөрсө Р.б. тез өзгөрөт, булар бир заматта келип чыгат.

**Рынок экономикасы** – товардын эквиваленттүү алмашылышын ишке ашырып, суроо-талап жана сунуш ортосундагы теңдештикти жөнгө салуучу мамиле.

**Рынокту талдоо** – рынок мамилесиндеги экономикалык көрсөткүчтөрдү изилдөөнүн жолу: суроо-талапты, сунушту, продукцияны сатууну, товардык запастарды, баа маселелрин, атаандаштардын мүмкүнчүлүгүн ж.у.с. аныктоо. Рынокту товар өндүрүүчүлөргө,

керектөөчүлөргө таасир этүүчү экономикалык механизм катары пайдалануу үчүн көп маселелерди алдын-ала билиш керек. Мисалы, товардын рынокко жеткиргенге чейинки баасы, анын жогорулашы күтүлөбү, талап кандай. Рыноктун структурасынын өзгөрүү тенденцияларын, сатуунун мүмүкүнчүлүктөрүн билбей туруп, товарды сатууга болбойт. Чет өлкөлөрдүн практикасында Р.т үчүн экономикалык-математикалык, иммитациялык, программага салуу, эксперттик балоо усулдары кеңири колдонулат.

**Рыноктук фонддор** – белгилүү убакыт мөөнөтүндө, белгилүү датага ички рынокто эркин сатууга сунушталган товарлардын топтому.

**Рыноктук чарбалык эсеп** – экономикалык региондун эгемендүүлүгүн, бүтүндүүлүгүн, эл чарбаны салыштырмалуу обочолонгонун эске алып уюштруунун ыкмасы.

**Рыноктун «каймагын калпуу» саясаты** – ойлоп табылган жаңы товарга жогорку бааны коюуу тажрыйбасы, анын негзинде рыноктун айрым эле сегменттери жаңылыктан пайда көрөт, фирма болсо максималдуу киреше алаарын баамдайт.

**Рэкет** – уюмдашкан кылмыштуулук; Р. Зордук, зомбулук менен опузалап, коркутуп, айлакердик менен пара алуу, кандайдыр бир кылмыштуу максатка жетүү.

## «С»

**Сактоо** – керектөөгө колдонуучу кирешенин бир бөлүгү.

**Сактык сертификат** – кредиттик мамлекеттин акча каражаттарын депозитке салынганы жөнүндөгү кат жүзүндөгү күбөлүгү. Сактыкка акча салгандар көрсөтүлгөн мөөнөт бүткөндө депозитти пайызы менен алууга укуктуу.

**Салык** – жеке адамдар, ишканалар тарабынан мамлекеттик (жергиликтүү) бюджетке милдетүү төлөмдөр. С. мамлекеттик аппаратты кармоого, калкты тейлөөгө жумшалат. Анын төмөнкүдөй формалары бар: дегрессивдүү – кирешенин базасы менен анын улам жогорулаган өсүшүнө азят; регресивдүү – кирешеси аз категориядагы калктан С. системасын өзгөртпөй туруп, аз өлчөмдө алуу. С. бюджеттин негизги булагы.

**Салык базасы** – салык алына турган сумма.

**Салык документациясы** – салык төлөөгө тиешелүү өлчөмдөрүн эсептеп чыгууга колдонулуучу киреше, салык скидкалар (кемитүүлөр) боюнча отчеттук маалыматтар.

**Салык каникулдары** – ишканаларды, фирмаларды белгилүү убакыттан баштап мыйзамда аныкталгандай, бул же тигил салыктан, көбүнчө киреше салыгынан бошотууга берилген мөөнөт.

**Салык системасы** – бүткүл коомдун кызыкчылыгына колдонулуучу ишканалардын, уюмдардын ошондой эле калктын кирешесинин алынуучу сөзсүз төлөнүүчү жыйымдар жана мамлекеттик бюджет.

**Салыштырмалуу чыгымдардын теориясы** – тышкы сооданын теориясы. Анын таяныч базасы болуп тышкы сооданы жүргүзүүдө өлкө экспортко эмгек жана капитал салыштырмалуу аз сарпталып өндүрүлгөн товарларды, ал эми импорттоого эмгек менен капиталдын салыштырмалуу жогору болгонуна өндүрүш адистерилишет.

**Сальдо (ит. – баланс)** – акчанын белгилүү убакыттын ичинде келип түшкөнү менен чыгымдалганын ортосундагы айырма; эл аралык эсептешүүлөрдө өлкөнүн экспорту менен импортунун наркынын айырмасы, соода балансында – чет өлкөлөргө төлөөлөрдүн жана ал жактан келип түшчү эсептердин ортосундагы айырма (төлөө балансы) .

**Сальдо (тышкы соодадагы)** – белгилүү бир мезгилге туура келүүчү товарлардын экспорт жана импорттук бааларынын ортосундагы дал келүү.

**Сальдого келтирүү** – кредит менен дебиттин ортосундагы айырманы чыгаруу, сальдону аныктоо, жыйынтык чыгаруу.

**Санация** – банкроттукту болтурбоо, зыяндарды жок кылуу максатында мамлекеттик ишкана банктардын финансылык абалын жакшыртуу үчүн (ссуда, субсидия ж.у.с. берилет) жүргүзгөн иш аракеттин системасы.

**Санкция** – 1) белгилүү мыйзамды бузгандыгы үчүн бериле турган жазалар (кесепеттер) көрсөтүлгөн укуктук норманын, мыйзамдын, статьялардын бөлүгү; 2) эл аралык келишимдерди бузган мамлекеттерге каршы жасалган (экономикалык, финансылык, аскердик) чаралар.

**Санкция (экономикалык)** – өзүлөрүнүн шериктештерине, мамлекетке зыян алып келген финансылык чарбалык иштеринде бузууларга жол берген ишканаларга, уюмдарга мажбурлоо аркылуу таасир этүүчү чаралар.

**Сатуудан алынуучу салык** – кошулган нарктан алынуучу салык; ишкана чыгарган товарын саткандан түшкөн акча менен аны өндүрүп чыгарууга жумшаган каражаттын ортосундагы айырма, б.а. ар бир буюм сатылгандан кийин белгилүү пайызда алынуучу салык.

**Сатуунун чыгымдарын анализдөө** – ар түрдүү каналдар аркылуу, ар кайсы территориядагы сатуутагы жана тейлөө көрсөтүүдөгү соода өкүлдөрүн «өндүрүмдүү» иштеринин натыйжалуулугун салыштырып аныктоо.

**Сатуучунун рыногу** – сатуучулар артыкчылыкка ээ болгондогу кырдаал; мындай учурда сатып алуучулардын талаптары сунуш кылынган баа боюнча бир нерселерди сатып алуусу сатуучулардын рынокту товар менен толтуруу мүмкүнчүлүктөрүнөн ашып түшөт.

**Сатып алуунун шарты** – сатылган буюмду кайра алууга туура келсе сатуучунун бул шартка макул болушу.

**Сатып алуучунун рыногу** – товарды өндүрүүчүлөрдүн, сатуучулардын сунушу учурдагы баа боюнча аларга болгон суроо-талаптан ашып түшкөндөгү рыноктогу кырдаал, мындай шартта баалар төмөндөйт.

**Свинг** – клирингдик келишимдерге лимиттик кредиттер. Ал өз ара кредит берген тараптардын төлөмдөрү келип түшүүчү суммадан ашык болгонун жабууга берилет

**Свитч** – 1) бир баалуу кагаз, валюта боюнча милдеттемени жоюп, анын башка түрү боюнча келишимди бекитүү, 2) клирингдик, башка эки тараптуу счетто калган калдыкты үчүнчү өлкөгө официалдуу курсту төмөндөтүп кайрымдуулукка баруу.

**Своп** – 1) кайда сатаарын гарантиялаган убактылуу сатып алуу; баалуу кагаздар боюнча бир учурда алмашуу операциясы; 2) бир эле учурдагы эки түрдүү валютанын пайыздык ставкасындагы айырма – мында накталай сатып алуу (сатуу) операциялары менен ошол эле учурда белгилүү мөөнөттө келишим түзүүсү бири – бирин толуктап турат. Мындай операциялардын бир нече түрлөрү бар: валюталык, пайыздык, карыздык, алтын менен ж.б. алардын ар түрдүү айкалышуулары.

**Сделка** – жеке, юридикалык тараптарга укуктук мамилелерди белгилөө, колдонуу, токтотуп коюууга багытталган иштер, мындай мамиле чарбалык маселелерге колдонулат.

**Сделка «оферт»** – каршы сооданын бир формасы, анткени товар, тейлөөлөрдү алмашуу менен бирге, ар түрдүү тейлөөлөрдүн жана жеңилдиктердин ордуна капиталдык салымдарын жайгаштырууга мүмкүндүк берүү.

**Сегмент (рыноктук)** – товардын конреттүү бир түрүнө карата белгилүү мүнөздөмөлөрдү камтыган суроо-талап боюнча сатып алуучу рыноктук топ. Төмөнкү критерийлер аркылуу өзгөчөлөнүшөт: кирешесинин деңгээли, социалдык ээлеген орду, жаш курагы, жынысы, улуту, жашаган региону, ж.у.с.

**Сегмент (эмгек рыногу)** – рынокту бир нече бири-бири менен атаандашпаган рынокторго бөлүү.

**Сегментациялоо (рынокту)** – рынокту ар түрдүү бөлүктөргө (сегментерге) бөлүү: сатылып жаткан товарлардын түрүнө карата территориялык жайгашканына, рыноктун ушул бөлүгүндөгү сатып алуучулардын көпчүлүгүн түзүүчүлөрдүн социалдык сапаттары боюнча, географиялык тиби, демографиялык белгилери, жүрүм-туруму, принциптери боюнча сегменттелет жана анын негизине сатып алуучулардын жүрүм-турумунун өзгөчөлүктөрү түзүлөт

**Сезондук туруксуздуктар** – убактылуу деп эсептелген бир катар маалыматтардын бир жылдын ичинде өзгөрүп турганын жана жыл сайын регулярдуу түрдө өзгөрүү тенденциясы болоорун билгизет.

**Секвестр** – бийлик органдары уруксат бербеген кандайдыр бир мүлктү пайдаланууга салынган тыюуу.

**Сектор (жеке)** – жеке капиталга тиешелүү болуп, жеке менчикке кирген экономикалык обьектилер.

**Сектор (мамлекеттик)** – мамлекеттин менчигиндеги мамлекеттик органдар контролдоп, башкарып турган экономиканынын бир бөлүгү.

**Секьюритизация** – ссуда капиталынын кыймылынын жана рынок мамилелеринин багытоодо инструмент катары баалуу кагаздарды пайдаланууну мурдагыдан кеңейтүү.

**Селективдик мамлекеттик колдоо** – сүйлөшүлгөн, макулдашылган, ачык көрсөтүлгөн критерийлер боюнча жеке жана юридикалык тараптардын финансылык, уюштуруу, кадр саясаты боюнча тандоо жолу менен мамлекеттик колдоо

**Сентимо** – товардык-транспорттук документтердин үчүнчү экземпляры.

**Сервис** – турмуш сферасындагы уюшкандык менен тейлөө.

**Серия** – сан, тамга менен белгиленген баалуу кагаздын категориясы, разряды.

**Сертификат** – экспертизанын чечими менен компоненттүү органдар тарабынан берилген товардын сапатын күбөлөндүргөн документ: күбөлүк, ырастоо (удостоверение).

Төмөнкүдөй түрлөрү бар;

- **сактык сертификат** – өкмөттүк баалуу кагаздардын бир түрү .

**- сапат сертификаты** – келишимде каралгандай товардын сапатын техникалык мүнөздөмөсү менен ырастаган документ. Аны өндүрүп чыгарган ишканага тиешелүү калыс мекеме берет жана бир нече экземплярда толтуруп бирөө жүк менен кошо кетет, экинчиси банкка төлөм документтери менен бирге берилет.

- **сертификат акционердик** – компаниянын капиталынын бир бөлүгүнө ээлик кылууга укугу бар экендиги жөнүндөгү күбөлүк.

- **сертификат аудитордук** – фирманы жарыялап балансы туура экендигин ырастаган күбөлүк.

**- сертификат депозиттик** – коммерциялык банкта салган акчасына мөөнөттүү пайыз алаарын көрсөткөн күбөлүк.

- **сертификат закладдык** – закладуулукту камсыз кыла турган облигациянын бир түрү.

- **сертификат (катышкандык)** – банктар жана өкмөттүк агенттердин кайтадан баштоочу кредит бере тургандагы тууралуу милдеттенме.

- **сертификат «келип чыгышы» (жаралышы)** – импорттолуп жаткан товар ушул көрсөтүлгөн жерде даярдалгандыгын ырастаган күбөлүк, ал бажыкана органдары үчүн чоң мааниге ээ. Соода палаталары же аларга тең катар мекемелер беришет.

**Сертификация** – буюм талап кылган стандартка, техникалык шарттарына толук жооп берип сертификаттын же ага ылайык келүүчү белгилердин жардамы менен ырасталган акт.

**Синдикат** – составына кирген ишканалардын өндүрүштүк жана юридикалык өз алдынчалыкты сактоо менен баардык коммерциялык иш-аракеттерди аткарууну өзүнө алуучу ишканалардын бирикмеси.

**Синхромаркетинг** – суроо-талап туруксуз болгондо аны стимулдаштыруунун жолдору, усулдары.

**Сиф** – товардын баасына страховкага жана фрахтка кеткен чыгымдарды кошо эсептеп сатуунун шарттары.

**Скальпер** – пайда аз түшөөрүн билип туруп, келишим түзүүчү биржа соодагери.

**Сконто** – накталай, мөөнөтүнөн мурда төлөнгөндө счеттогу суммадан кемитүү.

**Смета** – боло турган кириш жана чыгыштардын эсебин алуу.

- **капиталдык салымдан сметасы** – узак мөөнөткө, бир жылда каражаттарды пайдалануунун планы, алардын өзүн – өзү актап пайда алып келээрин, натыйжалуулугун анктоо.

**Сомдун рыноктук валюта курсу** – сатканда, сатып алганда колдонулуучу чет мамлекеттик валютанын сомго болгон курсу. Атайын «туристтик» деп аталган курстун ордуна киргизилет.

**Сомдун валюталык курсу** – башка өлкөнүн акча бирдиги менен көрсөтүлгөн сомдун баасы.

**Сомдун коммерциялык валюта курсу** – соода, кредитти кооперациялар боюнча ишкана колдонуучу эсептешүүлөрдөгү чет мамлекеттик валютанын сомго болгон курсу.

**Сомдун официалдуу валюта курсу** – эл аралык статистикалык салыштыруулардын экономикалык талдоодо колдонуучу чет мамлекеттик валютанын сомго болгон курсу.

**Соода далдалчылык операциялары** – түзүлгөн келишимдин, бир жолку сүйлөшүүлөрдүн негизинде товарлардын экспортоочулардын тапшырмасын буларга көз каранды эмес орточу фирмалардын аткарышы.

**Соода далдалчысы** – өндүрүүчүлөрдөн керектөөчүлөргө товарлардын өтүшүн камсыз кылган адис. Чет элдик тажрыйбада өнөр жай, соода фирмалары бири – биринен ишеним мүнөзү, эсептөө формалары, өбөлгөлөрү менен айырмаланган далдалчылардын тейлөөлөрүн колдонушат.

**Соода патенти** - белгилүү бир өнөр жай продукциясын айрым буюмдар, товарларды сатууга укук берилип жана аларды сатууга өзгөчө укукгу бар экендигин күбөлөндүргөн документ.

**Соода преференциясы** – бир өлкөнүн экинчи өлкөгө өз ара мамиле негизинде, бир тараптуу түрдө берилүүчү соода жеңилдиктери.

**Соода үйү** - ишканалардын өз ыктиыярдуулугу менен бириккен ассоциалдык укукта иштөөчү фирма. Анын максаты чет өлкөдөн келгендерге, ал жакта иштегендерге өлкөдөн товар алуусун камсыз кылыш үчүн ички рынокто башка мамлкеттердин валютасын жүгүртүү.

**Соодалар** – товар сатуу, заказдарды жайгаштыруунун, подряддарды берүүнүн жолу. Товар алып келүүчүлөрдүн, подрядчиктердин бир нече сунуштуарын киргизип, алдын-ала берген убакытта келишим түзүүчүлөргө билгизилет. Келишим соода уюштуруучуларга кимдин сунушу көп пайда алып келсе, ошону менен түзүлөт.

**Соода-сатык (же фактуралык) баа** – контракттагы сатуунун шарттарынан келип чыгуучу баа (кыскача айтканда: сиф, фаб, фор, фроно деп аталат.)

**Социалдык контроль (текшерүү)** – ишке ашыруу максатында колдонулуучу коомдук тартиптин, баалулуктардын, ошондой эле санкциялардын жыйындысы. Максаты девианттык жүрүм-турумдарды болтурбоо үчүн жазалоо, түзөтүү жолун колдонуу.

**Спекуляция (алып сатарлык)** – мүлктү, товарды сатып алып кайра сатканда алынган айырмадан пайда табуу, биржалык баалуу нерселерди (акциялар, облигациялар, валюталар) сатып алып кайра сатуу.

**СПЗ** – 1968-ж. дүйнөлүк валюталык фонд тарабынан түзүлгөн материалдык формада эмес валюталык эсептик бирдигин сиңирип алууга берилген өзгөчө укук. СПЗди баалоо негизги валюта «корзинасы» аркылуу жүргүзүлөт. Валюта корзинасында – доллар – 42, фунт стерлинг, франк, марка – 45, иена – 13 пайызды түзөт.

**Спонсор** – кандайдыр бир иш–чараларды бекер финансылоочу уюмдар, фирмалар, жеке адамдар.

**Спот** –биржанын товарына накталай төлөөнү билдирген термин, фьючерстик соодадан айырмасы, акча ошол замат төлөнүшү зарыл.

**Спредер** – келечектеги баанын өзгөрүшүнөн түшүүчү айырманы пайда түрүндө алууну көздөп, ар кайсы айларда алып келүүчү товарлардын келишимдерин алдын-ала сатуу, сатып алуу иштерин жүргүзүүчү биржанын соода кызматкери.

**Ссуда капиталы** – бизнесмендер белгилүү убакытта кайра кайрып берүү шарты менен тиешелүү пайыз түрүндө алынуучу карызга берген акча каражаттары. Сүткордук капиталдан айырмасы С. к өндүрүштө колдонушат.

**Ссуда капиталынын рыногу** – эркин каражаттардын аккумуляциясынын аларды ссуда капиталында айландыруучуга, капиталынын өсүү процессинде катышуучулардын арасында кайтадан бөлүштүрүүнү камсыз кылуучу экономикалык мамилелердин системасы.

**Ссуда пайызы** – пайдалангандыгы үчүн карыз алган адам кредит бергенге төлөй турган пайыз.

**Ссуда, карыз акча** - заемдук (карзыдакордук) келишиминин катышуучусунун бири экинчисине кайтарып берүү шартында (эреже катары пайызын төлөө менен) материалдык мүлктү, акчаны өткөрүп берүү

**Ставка** – аныкталып коюлган маянанын өлчөмү, оклад.

**Ставка проценти** – акча, материалдык каражаттар менен ссуда бергендиги үчүн ссуда алуучулар (карыздакорлор) ссуда берүүчүлөргө (кредиторго) төлөй турган акчанын пайызы.

**Стагнация (лат. – акпай, токтоп, бузулган суу)** – атаандаштыктын жоктугунан, ички күчтөрдүн мүмкүнчүлүктөрүнүн түгөнгөндүгүнөн,

инвестициялык прлоцесстердин басаңдаганынан ишканалар жарым – жартылай иштеп, туруктуу мүнөзгө ээ болгон массалык жумушсуздуктун өсүшүнүн негизинде өлкөнүн экономикасы башынан өткөрүп жаткан узакка токтоп турган (депрессиялык) абал.

**Стагфляция (лат. – кыймылсыз кылам)** – инфляция процесси менен экономиканын сенектик (депрессия) абалынын бир учурга дал келишин мүнөздөгөн термин. С. өндүрүш кескин кыскарып, баа тынымсыз өсүп, жашоонун наркы кымбаттайт.

**Стандарт (анг. – үлгү)** – продукцияга болгон талаптарга, аныктамаларга жана терминдерге бирдик өлчөмдөрү аныкталган нормативдик - техникалык документ. Ошондой эле өндүрүш процесстеринде адамдардын коопсуздугун камсыз кылып материалдык баалуулуктарды сактоого карата ж.у.с. болгон талаптар.

**Стратегия (рынокко бекем жаратуу)** – рыноктун көп бөлүгүн жеңип алуу, сатып алуучулардын көпчүлүгүн өзүнө тартуу максатында жаңы товарга салыштырмалуу арзан баа коюууну тажрыйбалоо.

**Стратегия (рыноктук)** – өзүнүн сатуу (өткөрүү) иш аракетин кеңейтүү үчүн уюм (фирма) пайдалануучу чаралардын системасы.

**Стратегиялык товарлар** – товарлар (жабдуулар), технология («ноу-хау»). Буларды экспортоого тыюуу салынат, чектелет, ээлик кылат өлкөлөрдүн улуттук коркунучка туш келиптирбөө максатка көзөмөлдөнөт.

**Страховка** – страховкалык сыйлык (премия).

**Страховка (валюта рыногу)** – контракт түзүп аткарып жаткан мезгилдин аралыгында валютанын курсунун өзгөрүшүнө карата валютадан жоготуу коркунучун болтурбоо максатында тышкы соода, кредитордук, валюталык операцияларды жүргүзүүдө керек болуучу сырьенун, материалдардын, отун-суунун ж.у.с. запасы.

**Страховкалоо** – жарандардын уюмдардзын ишканалардын акча каражаттарнын эсебинен резервдик фонд түзүү (страховкалык фонд) аны ыңгайсыз, күтүлбөгөн окуялардан жапа чеккендикти, жоготууларды, зыяндарды кайрадан калыбына келтирүүгө жумшоого арналат. Страховкалык сумма белгилүү өлчөмдө болот, ал мамлекет, коомдор, компаниялар аркылуу ишке ашат.

**Страховкалык запас** – сырье, материал, отун, энергетика ж.у.с. запас. Ар түрдүү себептердин негизинде: балким транспорт каражаттарынын кемчилдигинен, балким каражат менен жабдуучулар күтпөгөн жерден жеткирүүнүн убактысын, шартын бузганга байланыштуу өндүрүштүн токтобой, ритмдүү иштөөсүн камсыз кылуу үчүн алдын-ала камдап койгон каражаттар, запасатар.

**Страховкалык сыйлык** – страховкалык келишимдеги көрөсөтүлгөн болжолдуу суммадагы жоготууларды мүмкүндүктүн чегинде полис боюнча страховка жасаган тарапка же полис укугу боюнча өткөрүп алуучуга калыбына келтирип берүүнүн өзүнчө милдеттенмекылып

алгандыгы үчүн страховка алуучуга страхока берүүчүнүн төлөп бере турган сыйлыгы.

**Структура (импорттуку)** – өлкөгө алынып келе жаткан сырье жана акыркы даяр продукциянын обьектилеринин катышы, составы.

**Структура (экспорт)** – өлкөдөн экспорттолуп жаткан сырьенун түрү, аларды кайра иштетүү деңгээлинин салыштырмалуу салмагы, составы жана катышы

**Субагент торчосу** – негизги фирманын көзөмөлүндө, кол алдында турган сатууну жүргүзүүчү агенттик жай.

**Субаренда** – арендаланган мүлктүн белгилүү бир бөлүгүн үчүнчү тарапка өткөрүп, мурдагы жалдануучунун эми өзү жалдоочу (арендатор) болуп калышы. С. шарттары чектелүү, анда ишкананын, өндүрүштүн экономикалык мүмкүнчүлүгүн төмөндөтпөөнү талап кылат. С. баардык мүлк берилбейт, ошондой эле эмгексиз табылгага жол жок.

**Субенция (лат. – жардамга келүү)** – чарбанын, айрым тармактарына бийликтин жергиликтүү органдарына мамлекет берүүчү финансылык пособиенин бир түрү. Дотациядан айырмасы С. белгилүү бир иш-чараларды финансылоо үчүн жумшалат. Эгер туура эмес керектелсе, кайра кайтарылып берилет. Бюджеттин таңсык шартында С. бийликтин жергиликтүү органдарынын жогорку жакка көз карандылыгын арттырат.

**Субсидия (лат. – жардам, колдоо)** – бийликтин жергиликтүү органдарды, юридикалык тараптар, жеке адамадр мамлекеттик бюджеттин эсебинен материалдык, акчалай жардам көрсөтүүлөрү.

**Сунуш кылынган баа** - офертада (сатуучулук расмий сунуштарда) жеңилдиктерсиз көрсөтүлгөн баалар.

**Сунуш опциону** – мөөнөт бүтө электе каалаган учурда белгилүү баа менен фьючерстик келишимди сатууга укук берген документ.

**Супермаркет** – өзүн – өзү тейлөө менен иштеген, калкка күн сайын керек болуучу азык-түлүктү саткан ири дүкөн.

**Суроо-талап** – акчалай камсыздандыруу аркылуу муктаждыкты билдирүүнүн формасы. Анын өлчөмү товарды сатып алууга, тейлөөгө коюлган акча каражаттарынын чоңдугуна барабар. Суроо-талап дайыма төлөө жөндөмдүлүгүнө ээ.

**Суроо-талап жана сунуш** – товардык өндүрүштүн экономикалык категориясы, сунуш – рыноктук суроо-талапртарды коомдук муктаждыгына теңдештирип турууну ишке ашыруучу товарлардын тобу.

**Суроо-талап баасы** – соодалашууга катшып жаткандар кымбатына карабай төлөөгө даяр экендигин билдирген баа.

**Суроо-талаптын ийкемдүүлүгү** – эркин рынокто товарга баа бир пайызга өзгөрсө, анда суроо-талап канча пайызга өзгүшү мүмкүн экендигин мүнөздөөчү көрсөткүч; С.т.и. көрсөткүчтөр баанын деңгээли, өзгөрүүсү жөнүндөгү чечимдди кабыл алууда кеңири колдонулат.

**Суро-талап (төлөө жөндөмдүүлүктөрүнүн)** – акчалай формада көрсөтүлгөн, төлөө каражаттары менен камсыз болгон коомдук керектөө.

**Счет фактура** – чекене, тышкы соодада жөнөтүлгөн товарга берилүүчү документ.

**Счет, эсеп** – жасалган жардам, кызмат, аткарылган иштер үчүн акча алууга берилген документ.

**Сыйлык берүү (лат. – сыйлык)** – маяна системасы, жумушчуларга иш нормасы ашыгы менен аткарылгандыгы үчүн кошумча сыйлоо б.а. маянадан жогору сыйлык катары берилүүчү акчалай сумма.

## «Т»

**Тавро** – айыл чарба жаныбарларынын терисине басылган тамга, айырмалоочу белги.

**Таза пайда** – салыктардын баарын алып салгандан кийин калган пайда, ишкер адам, ишканалар ж.б. өндүрүштү кеңейтүү, керектөө, камсыздандыруу, социалдык өнүгүү максаттарында колдонушат.

**Такса (нем., лат. – баа коюуу)** – мамлекет, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары аркылуу товарлардын баасын, төлөөнүн, тейлөө, эмгектин өлчөмүн коюуу.

**Талон** – айрым нерсени алууга, кандайдыр бир жерлерге кирүүгө укугу бар экендигин күбөлөнгөндүргөн көзөмөлдөөчүлүк жүргүзүүчү документтердин бир түрү. Негизги документтен айрып алынат, тескерисинче, айрып алгандан кийин алып жүрүүчү адамда калуучу бөлүгү.

**Тариф** – түрдүү тейлөөлөргө төлөнө турган өлчөм (кызмат көрсөтүүнүн баасы), б.а. ставкалардын ситемасы.

**Тарифдештирүү** – төлөтүп алуучу, төлөөчү объектилерге белгилүү классификациянын негизинде тарифти аныктоо. Мисалы маянаны тарифдештирүү.

**Тарифтик бөгөт** – жогорку деңгээлдеги бажыкана салыгын колдонуп, өлкөгө импорттолуучу товарларга чектөө чараларын колдонуу.

**Тарифсиз чектөө** – тышкы сооданы багыттоо максатында колдонуучу улуттук саясий соода куралы, б.а. бажыканалык – тарифтик эрежелерге киргизилбеген бир канча чаралар (административдик жана экономикалык).

**Тезауре** – толук маниси боюнча алынган информация тилиндеги сөздүк; 2) информатикада – кандайдыр бир билимдин чөйрөсүндөгү толук системага келтирилген маалыматтардын тобу.

**Тездетилген амортизация** – негизги капиталдын элементтеринин айлануусун тездетүү максатында амортизациялык банкка кетүүчү сумманы жогорулатуу саясаты. Анын негизинде өндүрүш капиталынын моралдык эскиришинин мөөнөтүн кыскартууга болот.

**Тезоврация** – 1) өлкөнүн калкы акчаны алмашуу процессине жумшабай, топтоп сактап алышы; 2) бай адамдар тарабынан алтынды байлык, асыл буюм катары топтошу; 3) өлкөнүн алтын запасын түзүү.

**Тель-кель** – эл аралык соода сатыктагы келишимдин шарты, ал боюнча алынып келлинген товар келери менен сатып алуучу тарап

сапатына карабай алышы керек. Бул келишим аукциондук сатууда колдонулат.Деңиз аркылуу товарды алып келүүдө Т.к. жолдо алып келе жаткандагы шартта анын сапатынын начарлашына сатуучу жооп берет.

**Тель-кель акчалары** – алмашуу каражаты катары колдонулуучу товар, ошону менен бирге кадимки эле товар катары сатылат жана сатылып алынат.

**Тель-кель демпинг** – товарды өлкөнүн ичиндеги баасынын төмөнкү баа менен экспортко чыгаруу. Аны сатуунун жаңы рыногу үчүн күрөшүү максатында колдонушат.

**Тель-кельдик белги** – тиешелүү мамлекеттик мекемеде каттоодон өткөн белги, аны товарга же анын таңгактарына коет. Бул белги окшош товарларды, аны өндүрүүчүлөрдү жеке өзгөчөлөп көрсөтүүгө кызмат кылат.

**Тель-кельдик интервенция** – эл керектөөчү товарлардын белгилүү бир түрүн массалык түрдө сатуу, максаты бул товарларга суроо-талаптын ажиотажын төмөндөтү, рыноктун баасынын жогорулашына жеткирбөө Т. к. и. мамлекет бааны, рынокту стабилдештирүү үчүн ишке ашырат.

**Тендер** – 1) ачык типтеги конкреттүү соодалашуу (ачык (Т)) же жабык, катышуучулардын чектелген саны үчүн (жабык Т.), б.а. заказдарды жайгаштыруучунун конкурустук формасы; 2) баалуу кагаздарга жазылууну, арыздарды кат жүзүндө сунуш кылуу, товар алып келүүгө, контракт түзүүгө каалоосун билдирүү; 3) атаандаштары сунуш кылып жаткан баанын деңгээлине карата товар өндүрүү үчүн сата турган товарына сунуш кылып жаткан баасы.

**Технополис** – инновациялык процесстерди тездештирүү, активдештирүү үчүн түзүлгөн экономикалык форманын бир түрү, ал техникалык, технологиялык жаңылыктарды тез, натыйжалуу колдонууга көмөкчү болот. Буларга көбүнчө келечекте өндүрүшкө колдонуучу колдонмо илимий фундаменталдык изилдөөлөр кирет.

**Титул** – титулдук тизмеге киргизилген капиталдык курулуштун системасынын аталыштары.

**Титулдук тизме** - кабыл алынган ирээти боюнча бекитилген курулуштардын тизмеси. Анда ар бир объектинин курула турган жери, кубаттуулугу, курулуштун башталышы жана бүтүшү, курулуш башталган датадан берки капиталдык салымдардын жыл боюнча бөлүштүрүлүшү көрсөтүлөт.

**Товар** – алмашуу жана сатуу үчүн өндүрүлгөн коомдук эмгектин продуктасы, өндүрүүчүлөр өзүлөрү үчүн эмес башкалардын керектөөсүн канагттандыруу үчүн өндүрүшөт жана аларга сатуу жолу менен берилет.

**Товар (өзгөчө суроо талаптагы)** – айрым сейрек кездешүүчү товарлар. Аны алыш үчүн сатып алучулардын көпчүлүгү ашыкча аракеттерди жумшоого даяр болушат.

**Товар опциону** – эки тараптын соода – сатык иштери боюнча укугун камтыган келишим. Бир тарап товарды сатуу, сатып алуу милдетин алса,

экинчиси конкретүү буюмдун санын, баасын, бериле турган сыйлыктын өлчөмүн, соодалашуу убактысын так көрсөтөт.

**Товарды сунуш кылуу** – белгилүү бир мезгилде рынокто сатууга коюлган товарлардын саны. Наркы менен көрсөтүлсө, ал товардын рыноктук баасынын суммасына барабар. Өндүрүүгө, сатууга даярдоочу продукцияны саны менен рыноктук баанын ортосундагы байланыш график, б.а сунуштун ийри сызыгы деп аталат. Баа канчалык жогору болсо (башка шарттардын теңдештигинде), товарлар ошончолук көп сунуш кылынат, себеби товар өндүрүүчүлөр чоң кирешеге кызыгышат. Бирок, баа жогору болгондо, өндүрүштү кеңейтпей туруп, өтө көп киреше алууга болот, ал сунушту кыскартат, анткени товарды канчалык көп санда сунуш кылса, баа ошончолук арзандайт.

**Товардык биржа** – көптөгөн өзгөчөлүктөргө ээ болгон соода далдалчылыгын жасоочу уюм. Т.б. жарыялап, соода жүргүзүүлүчү кадимки эле аукцион. Дүйнөлүк тажрыйбада. Т.б. экономикалык тобокелдикти камсыздандырууну, баа түзүүнү ишке ашырып, рынок маалыматтардын даярдайт жана таркатат.

**Товардын атаандаштык жөндөмдүүлүгү** – керектөө рыногунда атаандаш өндүрүүчүлөрдүн төлөө муктаждыгын канагаттандырууда окшош буюмдардын ичинен мыкты керектөө параметрлеринин өзгөчөлүктөрү менен айырмаланган товар.

**Тоорук (аукцион)** – сатып алуучу, сатуучулар үчүн белгилүү техникалык экономикалык мүнөздөмөлөрү менен товарга конкурс жарыяланган сатып алуучулардын милдешинин (таймашкан) формасы.

**Төлөө шарты** – товарды накталай, накталай эмес эсеп менен кредитке берүү жолу менен сатуунун шартын аныктап туруп түзүлгөн контрактын келишимдик укуктук реквизити.

**Трактация** – эсептелген соода операцияларын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн аныкташ үчүн жана кызыккан адамдардын көз карашын ачык билүү максатында жасалган товар сатуу, сатып алуу боюнча алдын ала сунуштар.

**Транзит** – жүктөрдү жөнөткөн жеринен бара турган жерине чейин жолдогу пункттарга которуштуруп жүктөбөй ташып жеткирүү.

**Трансляция** – бир валютадан экинчи валютага акча формасында товарлардын наркын, иштин көлөмүн кайрадан эсептеп чыгуу.

**Трансферттердин китеби** – атуулдук баалуу кагаздардын бир ээсинен экинчи ээлик кылуучуга которулгандыгын каттап туруучу китеп.

**Трансферттик баалар** – бир эле фирманын сатып алуучу ишканасына, сатуучу ишканаларынын, жарым фабрикаттары, тейлөөлөрү үчүн коюлган баалар

**Трансферттик тейлөөлөрдүн автоматтык эсеп-кысаптары** – эгерде жеке тиешелүү төлөм жазылган болсо акчаны экинчи счеттен биринчи

счетке автоматтык түрдө которгондо сактык счетка пайыз алып келүүчү коммерциялык банктын чектик счетунун комбинациясы.

**Трансферттик тобокел** – капиталды бир өлкөдөн экинчи өлкөгө которгондон пайда болуучу болжолдуу чектөөлөрдүн, проблемалардын тобокелдүү коркунчу.

**Трассат** – которулуучу вексель боюнча төлөөө милдетин алган (карыздакор) адам.

**Траст** – 1) ишенич каттын негизинде менчик ээсин мүлкүн башкарууну банкка бериши; 2) бир менчик ээси экинчиге менчик менен иш жүргүзүүгө берген юридикалык документ, ишенич кат.

**Траст операциялары** – менчик ээсинин ишенич каты менен банктын башкаруу жана мүлккө байланышкан операцияларды жүргүзүүсү.

**Траст фонддору** – үлүштүк менчиктин принцибиде банктан жеке тресттерден түзгөн фонддору; максаты тресттык операциялардын натыйжалуулугун жогорулатуу.

**Третейлик сот** – граждандык иш боюнча талаш тартыштарды чечүү үчүн дайындалган арбитраж.

**Тратта** – белгилүү датада, көрсөтөөр замат төлөнө турган финансылык документ (вексель). Т. чет мамлекетке төлөөдөн келип чыгат. Термин өлкөнүн ичиндеги финансылык документтерде колдонулушу мүмкүн.

**Тратта (соода боюнча)** – товар жеткирүүчүнүн продукцияны түшүргөндүгү, тейлөө көрөсөткөндүгү үчүн төлөөнү талап кылышы.

**Трейгер** – 1) брокердик фирманын кызматкери, биржалык соодага түздөн-түз катышып, баалуу кагаздарды сатып алуунун, сатуунун заказдардын аткарат; 2) биржалардагы келишимдерди түзүү укугуна ээ болгон баардык эле жеке, юридикалык тараптагы адамдар; 3) сатуучу (биржа спекулянты)

**Тренинг** – окутуунун активдүү усулдарынын формасында (ишкердик оюндар, ситуатцияга анализ ж.у.с.) менеджерлердин, персоналдардын билимин өркүүндөтүүнү ишке ашыруу үчүн көрсөтүлгөн тейлөөлөр.

**Трест** – жалпы башкарылуучу бир уюмга баш ийген, өз ара бирдей продукция чыгаргандыгы, чийки заттарды ар түрдүү стадияларда кайра иштетиши менен бири-бирине байланыштуу ишканалардын бирикмеси ага кирген ишканалар өзүнүн өндүрүштүк, коммерциялык бир башкарууга баш ийгендиги менен мүнөздөлөт.

**Третейлик институтунциондук сот** – туруктуу иштөөчү третейлик сот.

**Третейлик обочолонгон сот** – конкреттүү иш боюнча талаш-тартыштарды кароoо үчүн атайын түзүлгөн сот.

**Турмуш деңгээлинин индекси** – калктын ар түрдүү категорияларынын социалдык, маданий жашоо шартынын материалдык жыргалчылыгынын даражасын салыштырмалуу (саны боюнча) өзгөргөнүн

көрсөтүүчү индекс. Т.д.и. айрыкча инфляция шартында, баанын өсүшүндө актуалдуу мүнөзгө ээ.

**Туруктуу валюта** – өзүнүн номиналына караганда, ошондой эле алтын, башка баалуу нерселер менен камсыз кылынган башка валюталардын курстарына туруктуу валюта.

**Туруктуу пассивдер** – ишканга тиешеси жок, бирок дайыма анын пайдалануусунда жүргөн, чарбалык обортуна кирип, анын менчигине тең катар болуп калган айланма каражаттар.

**Тыйуу салынган тарифтер** – өлкөгө тыштан кирүүчү товарларга ички рынокту чет өлкөнүн айрым товарларынын алынып келишинен коргоо максатында салынуучу бажыканалык салыктын эң жогорку өлчөмү.

**Тышкы соода** – өлкөлөрдүн ортосундагы товарды ташып чыгаруудан (экспорттон), жардам иштеринен турган соода. Көп учурда Т.с. контракт түзүлгөн коммерциялык келишимдер аркылуу иш жүзүнө ашат.

**Тышкы соода айлануусу** – тышкы сооданын жалпыланган көрсөткүчү, экспорт менен импорттун жалпы көлөмү.

**Тышкы соода контракты** – экспорт-импорттук операциялар аркылуу товарларды, лицензияларды, тейлөөнүн лицензияларын алмаштыруудагы тараптар (контрагенттер) ортосундагы алардын укуктары, милдеттери боюнча макулдашылган келишим.

**Тышкы соода структурасы** – импорт, экспорттун товардык структурасы, тышкы сооданы дүйнөнүн региондоруна бөлүштүрүү.

**Тышкы соодадагы мультипликатор** – кошумча экспорттолгон товарлар, чет өлкөдөн алынган инвестициялардын, тейлөөлөрдүн сырттан алынуучу кирешеге тийгизген таасирин көрсөтөт. Экспорттон, тейлөөдөн, кирешеден, капитал канчалык көп топтолсо, Т.с.м. ошончо натыйжалуу деп эсептелет.

**Тышкы төлөм** – экономикалык мамиледеги субъектилердин валютаны чыгымдашы.

**Тышкы төлөмдөн турган акча** – валютанын башка өлкөдөгү экономикалык мамиледеги субъектилерден келип түшүшү. Аны товарга тейлөөлөргө төлөткөндө инвестициянын кирешесинен алып келип жаткан капиталдык которуудан төлөшөт

**Тышкы экономикалык чарба эсеби** – ишканалар чарба уюмдардын тышкы экономикалык байланыш жүргүзүүсүнө кеткен чыгымдар менен алынган натыйжаны акчалай формада салыштырып баа берүү.

## «У»

**Узак мезгил** – өндүрүштүн деңгээлинин тынымсыз туруктуу өзгөрүшүнө карата фирманын өзүнүн кубаттуулугун, жабдууларын өзгөртүү мүмкүнчүлүгүнө кетүүчү мезгилдин бир бөлүгү.

**Улутташтыруу** – жердин, өнөр жай ишканаларынын, банк, транспорттун ж.б. жеке менчиктен мамлекеттик менчикке айланышы. У. тарыхый, кайсы доордо болгонуна, ким үчүн, кайсы тараптын кызыкчылыгын көздөгөнүнө жараша социалдык-экономикалык, саясий ар түрдүү мазмунда болот.

**Улуттук валюталар** – башка улуттук валютага эркин алмашса, булар конверттелинүүчү, ага жарабаса – конверттелинбөөчү болот. 1976-ж. Эл аралык эсептешүүдө девиздик система долларды, башка валюталарды да алтынга айырбаштоого тыюуу салган. Ошондуктан дүйнөлүк акчанын юридикалык ролун девиздер – улуттук, коллективдүү валюталар аткарып калган. Мында 1989-жылдан бери рыноктук өлкөлөр акчанын резервинин 39 пайызын алтын түрүндө сактап калышкан.

**Улуттук дүң продукт** – учурдагы керектөөгө жумшалуучу улуттук экономиканын бир жылдын ичинде өндүрүп чыгарган товарларынын жана тейлөөлөрүнүн наркы. У.д.п. эл керектөөчү товарлар, жеке дүң инвестициялар, өкмөт тарабынан сатылып алынган товарларды жана тейлөөлөрдү камтыйт. Коомдук жалпы продуктыдан анын айырмасы материалдар менен жарым фабрикаттар, сырьелордун наркынын кайталанышы эсепке алынбайт.

**Универсалдуу акциз** – товардын баасына алдын ала кошулуп, товар сатылгандан түшкөн акчадан бөлүп алынуучу товардын айлануусунан алынган салык.

**Универсалдык банктар** – банк операцияларынын негизги операцияларын жүргүзүүчү кредиттик уюмдар.

**Унитардык өлкө** – региондук чарбалык минималдык өз алдынчалыкка ээ болгон мамлекет.

**Устав** – уюмдун, тигил же бул адамдардын, уюмдардын иш аракеттерин белгилөөчү эрежелердин жыйындысы (жобо).

**Уставдык капитал** – ишканалар, бирикмелер, акционердик коомдун, ишкер адамдардын иштерин алгач баштоо үчүн уставдык келишим менен бекитилген капиталдын эсебинен түзүлөт. У.к. негизги жана айлануучу каражаттардын наркы да кирет.

**Уставдык фонд** – биргелешкен ишкананын иш аракетинин башталышы үчүн өнөктөрдүн, уюштуруучулардын взносторунун эсебинен түзүлгөн каражаттардын суммасы. У.ф. негизги, айланма каражаттардын наркы кирет.

**Уурдоо (экономикада)** – укук эрежелерин бузуп, бирөөлөрдүн мүлкүн, акчасын, документтерин ж.б. жашыруун ыйгарып алуу.

**Учет** – коомдук өндүрүштүк башкаруунун функциясы. У. реалдуу чарбалык процесстер жөнүндө информацияларды чогултуу, каттоо, топтоо, кайрадан иштеп чыгуу жүргүзүлүп, колдонулган ресурстар, алардын натыйжалары анализделет.

**Учредителдик пайда** – акционердик коомду уюштуруучуларга тиешелүү пайда. Ал акционердик коом чыгарган акцияны сатканда түшкөн акчанын суммасы менен ишкананы ачып жатканда жумшалган накталай акчанын суммасынын айырмасы.

**Уютулган алтындан жасалган стандарт** – тыйын эмес кадимки куйма алтын колдонулат, муну жөнгө салууда көптөгөн макулдашууларга көңүл бурулат.

**Уюштуруучулук пайда** – акционердик ишкананы түзүүдөн аны уюштуруучулар реалдуу жумшаган капиталдын суммасы менен чыгарылган акцияларды сатуудан түшкөн акчанын айырмасы, акционердик коомдун мүчөлөрү алуучу пайда.

### «Ү»

**Үй-бүлөлүк (фермердик) менчик** – үй-бүлө подрядынын же ижарасынын негизинде чыккан менчик. Эмгектенүүгө эң жогорку чыгармачылык мүмүнчүлүгү бар үй-бүлө алдын ала чарбанын ичиндеги ижаралыкка өтөт, чарбалык эсептен алынган кирешенин бир бөлүгүнө ижарага алынган эмгек каражаттарын сатып ала баштайт, ошондой эле кошумча капитал алат. Натыйжада ижарадан бошонуп, өз алдынча чарба жүргүзөт, б.а. фермерге айланат. Фермердик менчик дыйкандардын өздүк чарбасынан, жеке менчигинен деле келип чыгат. Ф.м. ижарадан айырмасы: 1) өндүрүш каражатына өзү ээ; 2) чарбаны өзү башкарат; 3) кирешенин көп бөлүгүн инвестициялоого даяр жана кызыгат; 4) тыкан эсептелген экономикалык жоопкерчилиги болот. Кемчилиги: эмгектин кооперациясынын бир жагдайлуулугу.

**Үй-жай рыногу –** алмашуу чөйрөсүндөгү социалдык-экономикалык мамиленин жыйындысы, анын негизине үй-жай жеке менчикке сатылышы ишке ашат.

**Үй-чарба** – негизинен керектөөгө багытталган үй-чарба жүргүзүүчү экономикалык агенттер.

### «Ф»

**Факторинг** – узак мөөноөттүү келишимдин негизинде соодада орточулук кылуучу фирмалар өзүлөрүнүн кардарларын тейлөөсүнүн бир түрү. Ф. кызмат көрсөтүүгө: сатылган товарлар көрсөтүлгөн кызматтын счетторун сатып алуу, карыздарды төлөтүү, кредиттерди берүү, туруктуу активдерди, мамлекеттик запастарды нормалдуу өлчөмдө кармап туруш үчүн акча каражаттарын авансылоо, ошондой эле башкаруу, товар өткөрүүнүн жолдорун талдоо, маркетингке тиешелүү болгон кошумча тейлөөлөр кирет.

**Фактура –** товарды жеткиргендеги, алардын наркын ырастаган счет. Сатуучунун, сатып алуучунун наамына жазылат.

**Фас** – товарларды жеткирүүнүн, тейлөөнүн коммерциялык шартынын бир түрү Ф. кеменин техникалык каражаттарын токтотпой туруп жүк

жүктөлөт, түшүрүлөт дегенди билдирет, ал эми кеменин бортуна товарды жеткирүүгө кеткен чыгымдын баарын төлөө товар сатычуунун милдети. Бул чыгымдар товардын баасына кошулат, ал эми сатып алуучу кеменин фрахтовкасына товарды жүктөгөнгө төлөйт, ошондой эле кыйроолордун, кырсыктардын чыгымы дагы анын мойнунда болот.

**Фермер** – жеке менчигиндеги, арендага алынган жердеги айыл чарба ишканасынын ишкер адамы. Ф. өлкөнүн азык түлүк программасын чечүүдө, айыл чарба өндүрүшүн рыноктук мамилеге өткөрүүдө капиталды пайдалуу сарптап, эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогоруулатууга кам көрөт.

**Фикс –** сыйлыкка берилген, накта аныкталган сумма.

**Фиктивдүү капитал** – түрдүү форманы кабыл алган (акция, ишкана облигациялары, мамлекеттик заемдор ж.б.) баалуу кагаздар. Ф.к. чындыгында акча капиталына ээлик титулду гана билдирген белги болот, аны алып жүргөндөр пайданын бир бөлүгүн пайыз, дивиденд түрүндө алат.

**Филиал –** кандайдыр бир ишкананын өз алдынча иштеген бөлүмү, мекемелер (ссуда капиталынын рыногу) – б.а. капиталга суроо-талап, сунушка карата ортомчулардын жардамы менен карыздакорлордун ортосунда капиталды кайрадан бөлүштүрүү механизми.

**Финансы резерви** – кошумча чыгымдардын келип чыгышына байланыштуу убактылуу финансылык кыжалаттыкты четтетүү, иштин жүрүшүнүн нормалдуу абалын камсыз кылуу үчүн ишканалар, бирикмелер, уюмдардын буйругу боюнча колдонуучу акча каражаттары.

**Финансы рыногу** – финансы ресурстарын сатып алуу, сатуу процесстерин ишке ашыруучу, абдан өзгөчөлөнгөн, өнүккөн рынокко туура келүүчү экономикалык мамиле.

**Финансылык-экономикалык стабилдештирүү –** эң жогорку гиперинфляцияга жана инфляцияга туруштук берүүгө багытталган иш чаралардын комплекси. Буга мамлекеттик бюджетти токтотуу чаралары, кредиттерге, сактык каражаттарга пайыздык ставканы жогорулатуу, салык саясаты аркылуу айрым учурда бааны, маянаны бир калыпта (артыкча маянаны) кармап туруу болуп эсептелет.

**Финиансылык лизинг –** лизинг, б.а. мөөнөтү бүткөндө лизинг фирмасынын аренда акысынын формасында жабдуулардын толук наркын, пайданы алуусу.

**Фирма (ит. – кол коюу)** – коммерциялык максатты көздөгөн ишкана, компания, чарба уюму. 1) Ф. – ишкана, өндүрүш бирикмесинин тиби; 2) Ф. – соода, өнөр жай ишканасынын аталышы (Ф. аты). 3) Ф. – өнөр жай менчик объектиси.

**Фирма ичиндеги трансферттик баалар** – продукциянын бир даанасына коюлган шарттуу эсептелген баа. Ушул баанын негизинде Эл аралык монополиялардын ишканаларынын ортосундагы чарбалык мамилелер түзүлөт.

**Фирманын (ишкананын) баасын чыгаруу** – учурга, азыркы шартка жараша конкреттүү объектинин наркынын эсебин чыгаруу, ой-пикирин билдирүү.

**Фиска** – мамлекеттик казына.

**Фискалдык жыл** – 1) жүктөө жана түшүрүүнүн наркы кемени фрактовкалоочунун эмес жүктү жиберген тараптын, кеменин ээсинин счетуна тиешелүү экендигин аныкталган шарт; 2) эсептеген мезгилде календардык жылга туура келген бюджеттик жыл.

**Фискалдык саясат (лат. – корзина)** – социалдык-экономикалык белгилүү бир максатты ишке ашырууда (кризисти жоюууда, калкты иш менен камсыз кылуу, инфляцияга каршы күрөшүүдө д.у.с.) киреше жана чыгашаны жөнгө салуу боюнча мамлекеттик фискалдык саясаттын жыйындысы.

**Фифо –** 1) биринчи даярдалган, биринчи келип түшкөн товардын, материалдык запастардын баасы боюнча эсепке алуунун бухгалтердик усулу; 2) банктан айрым сактыкка салынган суммадан көп эле жолу жарым жартылай, толук эмес алуучулардагы пайызды эсептөөнүн усулу. Ошондо алынган сумма деп эң биринчи сактоого берилген акча эсептелет.

**Флюктуация** – 1) акчанын алмашуу курсунун туруксуздугу; 2) чоңдуктун маанисинин көп жолу өзгөрүшү, анын туруксуздугун арымы.

**Фоб** – товардын баасына товардын наркы, товарды кеменин бортуна чейин алып келгенге чейинки кеткен чыгымдарды кошуу жөнүндөгү тышкы соодадагы келишимдик шарттар.

**Фонд (фр. – негизги)** – 1) запас, топтоо, капитал.; 2) белгилүү нерсеге жумшалуучу, бир максатты көздөгөн акча же материалдык каражаттар; 3) материалдык жардам көрсөтүүчү мекеме, уюм. М.: сүрөт, кайрымдуулук, Ысык-Көлдү коргоо, Манас ата фондусу.

**Фонд биржасы** – 1) фирмалардын баалуу кагаздары (акциялар, облигациялар), казыналык милдеттенмелер сатылуучу рынок; 2) фирма кошумча чыгарган акцияларын оңой жайгаштыруунун шарты, жолдору. Ф.б. фирманын акцияларынын котировкаланышына көз кранды, анткени коммерциялык банктардан карыз алуунун шартына таасирин тийгизет.

**Форварддык контракт** – сатуучу менен сатып алуучунун, товарды келишим баа менен сатып алуу, контракта белгиленгендей келечектеги мөөнөт жөнүндө эки тараптуу келишим.

**Форварддык операция** – 1) келишимдин негизинде телефон, телекс аркылуу компаниялар, банктар ишке ашыруучу биржадан тышкаркы мөөнөттүү валюталык келишимдер; 2) депозиттер боюнча бир жылга пайыздык ставкадан болгон жоготууларды өз ара компенсациялоо боюнча түзүлгөн мөөнөттүү банк аралык келишимдер.

**Форс-мажор** – абал, (өрт, стихия, согуш ж.б.), кокус ушул шарттар болуп кетсе тараптар өз милдеттерин толук, жарым-жартылай аткара албай калуусу. Ошондуктан сүйлөшкөн эки тарап өзүлөрүнүн кызыкчылыктары үчүн алдын ала ар бир конкреттүү кокустукту кандай түшүнөөрүн аныктап, форс-мажор алардын өз милдеттерин аткаруудагы жоопкерчиликтен кантип куткарарын билип алуулары керек.

**Форфейтинг –** тышкы соодада колдонулуучу коммерциялык векселдерди, башка карыздык талаптарды сатып алып, сатуучуга сооданы кредиттөө. Сатып алуучу Ф. келишиминде адатта банк, атайын адистештирилген компаниялар, ал эми сатуучу ушул келишимден бир катар өзүнө ыңгайлуу шарттарды ала турган экспорттоочулар болот.

**Форфейтингдөө –** экспорт-импорттук товар алып келүүдөн чыккан клиенттин дебитордук милдеттенмесин банктын сатып алышы (клиентке кайрадан талап кылуу укугун жокко чыгарып). Тобокелге салган сыйлык, комиссиондук сыйлык менен төлөнөт.

**Фосстис** – ар түрдүү сатуучуларга жана агенттерге, сатып алуучуларга адрестүү багытталган суроо-талапты, сатууну стимулдаштырууну белгилүү бир ыкка келтирүүчү иш-чаралар.

**Фот-франко-грузовик** – товарды автомобиль транспорту аркылуу жеткирүүнүн шарты, ага жүктөөгө кеткен расходдун наркы дагы киргизилет.

**Франко** – старховканын, жүктү түшүрүү, жүктөө иштерин, тарнспортко кеткен чыгымдарынын баасынын эсебине жараша товарды жеткирүүнүн, ага төлөөнүн шарты.

**Франко-вагон-станция** – темир жол станцияларынын аталыштары көрсөтүлгөн товарды жеткирүүнүн шарты. Мында товарга тиешелүү баардык укуктар, ар бир станциядан өткөндөгү жоопкерчилик каралат, баардык чыгымдар сатуучудан сатып алуучуга жүктөлөт. Ошондуктан:

**- ф-алуучу –** сатып алуучунун так адреси (склады) көрсөтүлгөн шарт менен товарды жеткирүү; товарды алуучунун колуна өткөрүп бермейинче сатуучу баардык чыгымдарды, жолдогу кырсык, коркунучтардын баарын өзү мойнуна алат;

**- ф-склад** – завод сатуучу товарды сатып алуучунун буйругундагы складка (заводко) жеткирип берүү милдети каралган шарт. Анда сатып алуучу келишим боюнча товарды транспортко жүктөтөт, товарды складдан (заводдон) алгандан баштап сатып алуучу анын ээси болуп калат жана ташып келген чыгымдарды бүт өз мойнуна алат.

**Франшиз** – чоочун фирманын продукциясын сатуу укугу.

**Франшиз шартсызы –** страховкалоочу тараптын жоопкерчилиги өлчөмүнөн франшизаны кемиткенге барабар.

**Франшиза** – камсыздандыруунун шарты боюнча камсыздандыруу

жасаган тарап камсыздандырылган тараптын айрым жоготууларын калыбына келтирбей тургандыгы.

**Франшиза шарты** – эгерде жоготуунун өлчөмү франшиз шарттан жогору болбосо камсыздандыруучу тарап аны калыбына келтирүүдөн кутулушу.

**Фрахт** – жүктөрдү жана жүргүчүлөрдү ташууда тейлегендиги үчүн транспорттун ээсине төлөө жөнүндөгү келишим. Көбүнчө деңиз жолдорунда колдонулат. Жол киреден тышкары жүктү салыштыруу, түшүрүү, жүктөөгө да Ф. төлөнөт.

**Фрахт рыногу** – жүктөр жана жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча деңиз транспорттунун Эл аралык биржалары. Ал ири партиядагы жүктү расписаниесиз алып кетүүчү, линиялык, б.а. расписание боюнча майда-майда партия менен жөнөтүүчү же жүргүнчүлөрдү ташуучу болуп бөлүнөт.

**Френчайзинг** – 1) жеке менчиктеги ишканага өкмөт тарабынан атайын берилген өзгөчөлүк. М.: шаардын жол катнашын тейлөөчү жана жеке менчиктеги ишканалар өзгөчө укук алса, ал үчүн салык төлөйт; 2) маркетингтин, товарды бөлүштүрүүнүн формасы; корпорация өндүрүп жана бөлүштүрүүчү региондо анын агентине бул товарды сатуу үчүн ушул территорияны пайдаланууга артыкча укук берилет.

**Фрикциондук жумушсуздук** – жумушчулардын өз эрки менен бир иштен экинчи ишке кеткенге байланыштуу ортодо ишсиз жүргөн мезгил (иш издегенде, бир жерден экинчи жерге көчкөндө) ж.у.с. себептер менен убактылуу жумушсуз болуп калат.

**Фритредерство** – жеке ишкердикке мамлекеттин кийлигишпөөсүнүн жана эркин сооданын талабы.

**Фундировать этилген** – катуу, туруктуу.

**Фьючерс келишими** – биржалык типтеги мөөнөттү келишим, б.а. товарды сатууда, сатып алууда документте көрсөтүлгөн сандагы продукцияны макулдашкан күндөгү баа менен жеткирип берүү, алуу жөнүндөгү милдеттенме.

**Фьючерстер –** товарлар, валютаны болжолдуу баанын, курстун негизинде келечектеги белгилүү датага сатуу, сатып алуу. Ф. мөөнөттүү ошол замат төлөнбөйт, тескеринче, белгилүү убакыттан кийин келишимде көрсөтүлгөн баанын төлөнөт. Мунун негизинде реалдуу товарды колдон-колго өткөрбөй эле келишимде көрсөтүлгөн баа менен биржадагы реалдуу баанын ортосундагы айырманы алуу төлөө менен чектелет. Биржалык баа менен түшүндүргөндө бул термин «контрактты жоюу» деп аталат. Ф. реалдуу товар сатууда, сатып алууда колдонулбастан, алып сатарлык операцияларды, баанын, валютанын курсунун болжолдуу өзгөрүшүн камсыздандырып, хеджировкалоодо да колдонулат.

## «Х»

**Хайринг** – кыска мөөнөтүү аренда (бир нече күндөн бир нече айга чейин), лизингдин бир түрү, орусча эквиваленттүү - прокат.

**Хардвер** – эсептөө техникасынын материалдык бөлүгүн өндүрүп чыгаруучу өнөр жай тармагы.

**Хеджировакалоо** – келишим түзгөн пайданын өлчөмүн, бааны камсыздандыруу формасы. Х. тараптардын келишим мөөнөтү бүткөнгө чейин баанын өзгөрүп кетишинен боло турган жоготуулардан санаасыз болушу.

**Холдинг** – үстүртөн үстөмдүк орнотуп жана контролдук жүргүзүү максатында капиталына башка компаниялардын акцияларынын контролдук пакетин сатып алуучу акционердик компания. Анын түрлөрү:

- **аралаш холдинг** – көзөмөл жасап, башкаруу жүргүзгөндөн тышкары ишкердик кылат (финансы-кредиттик, соода, транспортук ж.у.с.)
- **таза холдинг** – бир гана көзөмөлдүк, башкаруу функциясын аткарат.

**Холдинг компания** - өзүнүн өндүрүштүк ишканасы болбой туруп, башкалардын акциясына ээлик кылуу.

## «Ц»

**Ценз** – кандайдыр бир укуктарды колдонууга бирөөлөргө берилүүчү уруксааттын чектелген шарттары.

**Цессия** – орточулар аркылуу ишке ашыруучу атуулдук финансы документтердин үчүнчү тарапка ыйгарылышы

**Цикл (гр. – тегерек)** – классикалык өнүгүүнүн төрт фазасынан турган (кризис, депрессия, жандануу жана жогорулоо) ишкердик өзгөрүүнүн ирettүү кайталанышы.

**Циклдык жумушсуздук** – өлкөнүн экономикалык конъюнктурасынын абалын чагылдырган жумушсуздук жана жумуш күчүн сунуштоо ага болгон суроо-талаптан жогору экендигин көрсөтөт.

## «Ч»

**Чабуул (экономикада)** – компаниялар рынокто алдыңкы орунду элөө үчүн колдонуучу баа саясаты, бирок чабуулдун башталыш учуру товардын жашоо циклинин мезгилине эч кандай таасир этпейт.

**Чарба ассоциациясы** - өндүрүштүк функцияларды ишке ашыруу максатында келишимдин негизинде ишканалардын биригиши. Бул концернге кирбейт, анткени ишканаларга катуу чектөө коюлбайт, алар эч кимдин уруксаатысыз эле башка келишим менен түзүлүүчү бирикмелерге мүчө болууга укуктуу.

**Чарба жүргүзүүнүн субъектилери** – товарды өндүрүү, сатуу, сатып алуу боюнча чарбалык иш аракеттерди жүргүзүүчү мамлекеттик, жеке жамаатык, акционердик, коомдук же д.у.с ишканалар. Чарбалык ассоциялардын юридикалык тараптык укугун пайдалануучу өз алдынча ишкердик кылган инсандар, жарандар.

**Чарбалык байланыш** - өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн ортосундагы продукция номенклатурасын, көлөмүн, жеткирүү мөөнөтүн жөнгө салып туруучу мамиле.

**Чарбалык келишим** - өзүлөрүнүн чарбалык байланыштарын укуктуулукка келтирүү максатында жана өз ара милдеттерин аныктоо үчүн эки же андан көп юридикалык тараптардын келишими. Ч.к. төмөндөкүлөр кирет:

- **курулуштун чарбалык жолдору** – тыштан подряддык уюмдарды жалдабай эле ишкананын өзүнүн күчү менен объектини куруунун курулуш – материалдык иштерин уюштуруунун бир формасы;

- **чарбалык механизм** – чарба жүргүзүүнүн конкреттүү формаларынын, башкаруунун усулдарынын, укуктук нормалардын топтому. Алардын жардамы аркылуу коом конкреттүү келип чыккан абалды эске алып экономикалык мыйзамдарды иш жүзүндө колдонот;

- **чарбалык өз алдынчалык** - өндүрүштү башкарууга тиешелүү полномочиелер берилген чарбалык субъектинин эркин иш - аракети.

- **чарбалык түз байланыш** – уюмдардын, ишканалардын ортосундагы өндүрүштүк мамилесинин формасы. Катышуучу тараптар мамлекеттик, ведомство аралык ж.б. орточул структураларды кийлигиштирбей эле өзүлөрүнүн келишимдери аркылуу байланышышат;

- **чарбалык укук** – юриспруденциалык маселелер; чарба жүргүзүүдөн, чарбалык иш-аракеттер, экономикалык өзгөчөлүктөрдүн типтеринен келип чыккан экономикалык мамилелерге колдолунуучу укуктук нормалар;

**Чарбалык тетик** - өндүрүү, кайталап өндүрүү процесстеринде колдонулуучу формалардын, усулдардын жыйыны. Ч.т. колдонуунун натыйжасында өндүргүч күчтөр менен өндүрүш мамилелердин ортосундагы өз ара байланыштын өнүгүшү ишке ашат.

**Чартер** – жүктөр, жүргүнчүлөрдү деңиз же аба жолдору аркылуу жеткирүү жөнүндөгү транспорттун ээси менен фрактоочунун ортосундагы түзүлгөн келишим. Ч.негизинде жөнөтүүчүлөр белгилүү мөөнөткө атайын бөлүнүп коюлган транспорттун каражаттарын (толугу менен, айрым бөлүгүн), имараттарды алышат.

**Чек** – башка бирөөгө чектелген мүмкүнчүлүк берүүчү баалуу кагаз. Төмөнкү түрлөрү бар: а)казыначылык – банк тарабынан чыгарылып, казыначынын колу коюлган баалуу кагаз; б)каунтер – банкка акча салган адам өз кереги үчүн кардарлардын эсебинен белгилүү сумма алгандыгын ырастоочу форма. Ч. колдонуу акчанын айланышын ылдамдатат, бирок анын айлануусу узакка созулбашы керек, ошондуктан төлөөнүн мөөнөтү көрсөтүлөт; в) сертификатталган – банк төлөп бере тургандыгы гарантияланган белги коюлган баалуу кагаз.

**Чек ара чегиндеги соода** – эл аралык товар алмашуунун бир түрү. Ал соода ар бир өлкөлөрдүн уюмдары, фирмалары аркылуу чек аралардын

чегиндеги райондордо ар жылы түзүлгөн токтомдордун негизинде айрым мамлекеттердин ортосундагы соода келишимдери.

**Чекене соода** – дааналай (чектелген) өлчөмдө түздөн-түз эң аякы керектөөчүгө анын жеке коммерциялык эмес пайдалануусуна товарларды же төлөөлөрдү сатуу сатып алуу.

**Чектелген жоопкерчиликтүү коом (ОсОО)**– бир топ адамдар, граждандар менен макулдашып түзүлгөн юридикалык тарап. Алар акчалай салымдарын бириктиришинин, өзүлөрүнө тиешелүү мүлктүн чегинде жоопкерчиликтүү, милдеттүү, ОСОО нун «Уставдык фонду» катышуучулардын үлүшүнө бөлүнгөн, кокус банкрот алса катышуучулар өзүлөрүнүн салыктын чегинде жоопкерчиликте болушат.

**Чектин инвестициялык фонду (ЧИП)** – мамлекеттик мүлктү приватташтыруу максатында калктын колундагы приватташтыруу чектерин (ваучерлердин) аккуммулизациялоочу (чогултуучу) финансылык орточулук кылуучу институттун өзгөчө түрү.

**Чөмүлгөн проценттик ставка** – кыска, орто мөөнөттүк кредиттердин пайыздык ставкасы. Анын өлчөмү кредиттин баардык мөөнөтүнө белгиленбейт, бирок кредитор менен карыздакордун макулдашуунун негизинде кредиттик рыноктогу абалдын өзгөрүшүнө көз каранды болгон убакыттын аралыгына менен көз каранды.

**Чыгымдар** – бирикмелердин, ишканалардын, уюмдардын продукцияны өндүрүүгө, кызмат көрсөтүүгө, өндүрүштүк иштерди аткарууга, товар сатууга карата келип чыккан акчалай түрдөгү чыгашалары.

**Чыгымдар (эсепке кирбеген ч.)** – фирманын менчигине тиешелүү болгон ресурстарды колдонуудан келип чыккан альтернативдик чыгымдар.

## «Ш»

**Шартталган кредит** – экономикалык жөнгө салуну ишке ашыруу максатында эл аралык уюмдар чет элдик валюта түрүндө берген кредит.

**Шашылыш акча, кыска мөөнөтүү акча** – валюта курстарынын жана эки өлкөдөгү карыздардын өзгөрүшүнөн пайда алуу максатында бир өлкөдөн экинчи өлкөгө тез которулуучу спекуляциялык, арбитраждык операциялардын натыйжасында алынуучу кыска мөөнөтүү каражаттар.

**Штапель** – кредиттик, дебиттик обороттору бир жалпы графада көрсөтүлгөн жеке счеттун өзгөчө формасы.

**Штраф** – ишке киргизилип колдонулуп жаткан мыйзамдарды, келишимдерди же айрым эрежелерди бузган адамдарга материалдык жактан таасир этүү үчүн жүргүзүлгөн акчалай жазалоо.

**Штрих аркылуу товарды кодировкалоо** – товарга штрихтик белгилерди койгондо штрихттик коддун келип чыгышы. Ал боюнча товардын түрү, анын баасын белгилүү бир товардын тобуна таандыктыгын, сапатын билүүгө болот.

## «Э»

**Эстен танган терапия** - административдик командалык экономикадан рыноктон экономикага өткөндө өткөөл мезгилдин экономикалык саясаты. Эки багытта камтыйт: 1) инфляцияга каршы туруктуулукту камсыз кылууну; 2) менчикке карата болгон мамилени өзгөртүүчү терең институтционалдык реформаны жүргүзүү.

**Эволюциялык жол менен рынокко өтүү** – бир катар мурдагы социалисттик өлкөлөр ишке ашырган экономикалык саясат; Ал төмөнкүлөрдү камтыйт: керектөөчү товарларды чыгарууда жана сатууда акырындык, жайбаракаттык менен рынок мамилесин түзүүнү; чекене соодада кол өнөрчүлүктү, айыл чарбада жеке менчикти колдойт жана жогорку деңгээлдеки инфляцияны болтурбоо максатында катуу финансы саясатын жүргүзүүнү. Бул мезгил 10-15 жылдан ашык болбошу керек.

**Эквиваленсиз алмашуу** – товар чыгарганда, тейлөө көрсөткөндө кетүүчү чыгымдардын пропорциялары дайыма туруктуу болбой бузулуп турат. Сатканда жана сатып алганда ошол жоготуулардын орду толтурулат.

**Эки катар салык салуу** – түшкөн пайдага салынган салык, анткени биргелешкен ишкананын чет элдик катышуучусу пайданы өз өлкөсүнө жиберип жатканда бир жолу жана ушул эле үлүш келип түшкөн жеринде экинчи ирет алынат.

**Эккаутинг** – финансылык информацияны чогултуп, кайрадан иштеп, анализдегенге байланыштуу болгон бизнестин бир чөйрөсү.

**Экономикалык башкаруулардын усулдары** – акча-товар мамилелерин колдонуунун негизинде эмгек жамааттарынын экономикалык кызыкчылыгына таасир этүү максатында экономикалык, илимий-техникалык жана социалдык саясатты ишке ашыруунун жолдору .

**Экономикалык мыйзамдар** – өндүрүш мамилелеринин системасындагы ички, баардыгынан негизги, себеп жана натыйжа байланыштары.

**Экономикалык көз караш** – коомдук аң-сезимдин бир формасы. Э.к.к. аң-сезимде, экономикалык билимди, мамилени элдин өздөштүрүшү, аны аң-сезимдүү түрдө иш-аракетте пайдалана билиши, Э. к. к. чындыкты канчалык туура чагылдырганына жараша таасирин тийгизет.

**Экономикалык кызыкчылык** – эмгектин коомдук бөлүнүшүнө, менчик мамилесинин системадагы ээлеген ордуна жараша тиешелүү керектиктерди өндүрүүгө ылайыкталган чарбалык иш-аракеттерге түрткү берүүчү мотивдер.

**Экономикалык ой жүгүртүү** – адамдардын ой-сезиминдеги экономикалык мамилелерди чагылдыруу процесстери, калктын экономикалык билимге сугарылып, аны турмушта колдоно билишине жараша экономикалык өнүгүүнү тездетилгенине же тормоздолусуна алып келет.

**Экономикалык өнүгүүнүн экстенсивдүү тиби** – өндүрүшкө тартылуучу эмгек жана материалдык ресурстардын санынын өсүшүнө карата өндүрүү.

**Экономикалык рента –** жердин ээси жеринен ж.б. ресурстарынан алуучу киреше. Анын өлчөмү пайда алууга сарпталган чыгымдын санына түздөн түз көз каранды.

**Экономикалык система –** коомдогу мүлктүк мамиле уюштуруунун формаларынын негизинде ишке ашычуу экономикалык процесстердин топтому.

**Экономикалык структура (лат. – түзүлүш, жайгашыш, ирет)** – экономикалык системанын составынын, бөлүкчөлөрүнүн, элементтеринин өз ара катышын көрсөтүү. Түрлөрү: 1) материалдык-техникалык – коомдун өндүргүч күчтөрүнүн жаратылыш, материалдык, эмгек ресурстарынын составын, бөлүштүрүлүшүн мүнөздөйт; материалдык-буюмдай өндүрүштүк-технологиялык өз ара байланышты көрсөткөн технологиялык процесстердин жыйындысы; коомдо өндүрүлгөн продукттун курамы, бөлүштүрүлүшү; 2) социалдык-экономикалык менчиктин агенттерин: коом, жамаат, уюм, атуул жана алардын ортосундагы мамилени көрсөтөт; 3) институттук – иштеп жаткан экономикалык мекемелердин сапатын, курамын, жайгашышын, өз ара байланышын билдирет.

**Экономикалык экспансия (лат. – кеңейтүү, жайылтуу)** фирмалык, монополиялык бирикмелерди, айрым тайпалардын, бир күчтүү мамлекеттин экономикага тийгизген таасиринин кеңейиши.

**Экономикалык эксперимент** – экономикалык процесстин жүрүшүн жакшыртыш үчүн аткарылып жаткан, келечекте болуучу реалдуу, бирок көзөмөлгө алынган шарттарга илимий атайын изилдөөлөрдү жүргүзүү.

**Экономикалык эркин атаандаштык** – өндүрүш ресурстарына жеке менчиктин үстөмдүк кылышы, өз алдынча өндүрүүчүлөрдүн салымынын көптүгү. Чарба жүргүзүүдө эркин (жетилген) атаандаштыктын өкүм сүрүшү.

**Экономиканын эки сектордуу модели** – мамлекеттик менчик үстөмдүк абалда болуп чектелген өлчөмдөгү жеке ишкердиктин өнүгүү системасы. Мындай шартта экономикада мамлекеттик, жеке сектордук рыноктук, административдик жөнгө салуу усулдары бири-бирин толуктап, айкалышып кетет.

**Экономис** – экономика илиминдеги бүгүнкү багыт. Э. деген термин биринчи жолу англялык экономис У.С. Джевонстун (1835 – 1882 – ж.ж.) «Экономистердин принсиптери» деген жазып бүтпөй калган эмгегинде пайда болгон. Кийин Маршалл аны ар тараптан мүнөздөп киргизген.

**Эксклюзивдик укук** – өзгөчө укук, эч кимге берилбеген , айрым эле адамдарга таандык Мисалы чыгарманын автору э.у өзүнөн чыгармасын басып чыгарууга бир эле басмаканага берет.

**Эксперт усулу** – адистин (эксперттин) талкуусун колдонуунун негизинде татаал маселелерди чечүү.

**Экспонент** – көргөзмөгө кандайдыр бир нерселерди койгон адамдар, уюмдар.

**Экспорт (лат. - чыгарам)** – пайда көрүү максатында сатуу, башка өлкөдө колдонуу үчүн товар, капиталды сыртка чыгаруу.

**Экспортук дотациялар** – мамлекеттин экспорттоочуларга товарды, тейлөөлөрдү тышка чыгарып жаткандыгына алкыш катары берилүүчү ар түрдүү жеңилдиктер.

**ЭКЮ** – экономикалык биргелешүү коому тарабынан макулдашып түзүлгөн эсептешүүнүн Европалык бирдиги, ЕЭСтин 10 өлкөнүн валютасынын негизинде бааланып, алар тарабынан депонировкаланган 2800 т. алтын (накта эмес кат жүзүндө), доллардын негизинде иш жүргүзөт. Экю эсептешүү бирдигинен накта акчага айланып, эл аралык эсептешүүнү жөнгө салуучу курал болуп калат.

**Эл аралык арбитраж** – өз ара макулдашуу боюнча шайланган арбитраждын жардамы менен эл аралык талаш - тартыштын чечүүнүн жолдору. Э.а.а кайрылуу ыктыярдуу, арбитраждын түзүүнүн тартиби, анын ишенимдүүлүгү талашып жаткандар тарабынан аныкталат; анын чечими тараптар үчүн милдеттүү.

**Эл аралык кредит** – өз ара кызматташ өлкөлөрдүн ссуда капиталынын кыймылы.

**Эл аралык соода палатасы** – өкмөттүк эмес соода платасы.Мында 100дөн ашык өлкөлөрдүн фирмалары, иш алып баруу чөйрөлөрү, ишкерлери бириккен болот. 1920 жылы негизделген, штаб-квартирасы – Париж шаарында

**Элдик ишкана** – жамааттуу ишкананын тиби. Жамаат элдин составдык бөлүгү – өзүлөрү алган пайданын негизинен ишкананын мүлкүн топтойт менчикке ээлик кылат. Э.и. өзүн-өзү башкаруучу чарбалык уюм. Мамлекет аны менен салык системасынын, негизинде фондуларды көбөйтүүгө, жаңыртууга инвестиция аркылуу мамилеге кирет.

**Электорат** – 1) шайлоодо укугу бар жарандардын саны, 2) белгилүү бир партиянын саясаты үчүн добуш берген шайлоочулар

**Эмбарго (нем. – тыюуу салуу)** – өлкөдөн товар, валюта алып чыгууга жана өлкөгө киргизүүгө тыюуу салуу. Э. согуш учурунда да, тынчтык мезгилде да киргизилет. Э. ООНдун Уставында эл аралык коопсуздукка коркунуч келтирген мамлекетке карата мамлекеттердин коллективдүү саясий жаза колдонуусу катары эсептелет.

**Эмгек биржасы** – жумушчулар менен ишкер адамдардын ортосунда жумуш күчүн саттуу, сатып алуу мамилесин жүргүзүү боюнча дайыма, туруктуу негизде иштөөчү мекеме. Э.б. негизги функцияларына: эмгек рыногундагы жумушчу күчүнө болгон суроо - талапты аныктоо; жумушсуздардын эсебин алуу, бош жумуш орундарын каттоодон өткөрүү; ишке орноштуруучуларды, ишке которууну каалагандарды тиешелүү маалыматтар менен камсыз кылуу; иш издегендерди окутуп, кадрларды кайра даярдап чыгууга көмөк көрсөтүү; жаштардын арасында кесиптик багыттоону жүргүзүү; жумушчуларды ишке орноштурууда мекеме менен алардын ортосунда далдалчылык кылуу, жумушсуздук боюнча пособие белгилөө иштери кирет. Биздин республикада Э.б. 1990 – ж иштей баштады.

**Эмгек ресурстарынын ички миграциясы** – бир өлкөнүн ичинде көбүрөөк маяна алуу максатында эмгекке жөндөмдүү калктын региондордо биринен экинчисине орун которуп турушу. Анын төмөнкүдөй түрлөрү бар: кайра келбегени; маятник сыяктуулар, сезондуу, эпизоддук.

**Эмгек рыногу –** жумушчу күчүн (эмгекке жөндөмдүүлүгүн) сатуучу, сатып алуучу, алмашуучу чөйрө. Э.р. жумуш күчүн сата элек, убактылуу ишсиз деп каттоодон өткөндөр чыгышат.

**Эргономика** – өндүрүштү рационалдуу өнүктүрүү максатында өндүрүштүк иш аракеттердин конкреттүү шарттарында машина менен адам факторун өз ара таасирин изилдөөчү илим.

**Эркин ишкердик зона** - эркин ишкердик жүргүзүүгө тиешелүү шарттар түзүлгөн зона; аз өздөштүрүлгөн территорияларга аралаш типтеги компаниялар түзүлүп, чет өлкөлүк капиталдын катышуусу менен иштөөчү ишканаларды жайгаштырылыш узак мөөнөттө арендага берилип, белгилүү территорияга өзгөчө мыйзамдар киргизилет. Анын негизги улуттук, чет элдик субъектилер үчүн ушул зонанын ичиндеги областта, райондо шаарда, чарба жүргүзүүсүндө жеңилдиктер берилет. Зонаны башкаруу жергиликтүү бийлик аркалуу жүргүзүлөт

**Эркин соодалык зона** – өткөн жылдардагы келген сумманы учурдагы, келечектеги кирешелерди салыктан коргоо максатында кирешенин суммасын кемиген сумманын өлчөмүнө азайтуу.

**Эркин экономикалык зона** – Экономикалык тышкы байланыштар жеңилдетилген шартта (бажыканалык тарифсиз, пошлинасыз, салыктан толук же айрым учурда бошотулат) ишке ашыруучу салыштырмалуу обочолонгон территориялык зоналар Э.э.з. чет өлкөлүк фирмаларды кызыктырат, анткени экономикалык баардык маселелер келишимдин негизинде эркин, бюрократтык эмес жол менен чечилет.

**Этикетка** – ярлык, товардын таңгагындагы товардык белгинин түрү.

## «Ю»

**Юридикалык тарап –** рынок субъектиси (ишкана, уюм, фирма). Обочолонгон мүлккө ээ болуп, өз атынан милдеттерди алып, сотто, арбитражда доо коюуучу жоопкер. Ю.т. тиешелүү мүлккө өзүнүн милдети боюнча (бекитилип берилгенге) жооп берет, тиешелүү аты, турган жери бар, ишин уставдык негизде жүргүзөт. Ю.т. жоюлганда, башкача уюшулганда (бөлүп, же бириктиргенде) ишин токтотот. Ю.т. болгон субъект өз алдынча статуска ээ, ошондой эле филиалын өкүлчүлүгүн ачууга акысы бар.

**Юридикалык укугу бар мекеме** – тийиштүү өлкөнүн төмөнкү белгилери боюнча белгиленген мыйзамдарына жооп берген уюмдар, фирмалар, корпорациялар.

1) юридикалык укугу бар мекемени көз каранды эмес болуусу анын составына адамдарга байланыштуу;
2) анын катышуучуларынан өзгөчөлөнүп турган өзүнүн мүмкүн болушу;
3) менчикти сатып алуу, пайдалануу, буйрук берүү;
4) сотто, арбитражда өз атынан иск берүү, жооптуу укугу:
5) мүлккө өз алдынча жооп берүүсү.

## «Я»

**Ярмарка (нем. – жыл сайын болуучу базар)** – белгиленген жерде мезгили менен уюштурулуп, соодалануучу товарлардын рыногу. Акыркы жылдарда эл аралык ири ярмарка – Лейпцигде, Циньзянь, Париж, Лондон, Донецк, Үрүмчүдө өткөрүлгөн. Биздин республикада дагы сооданын бул тармагы өнүгө баштады.

**К.С.Джунушева**

***Рынок экономикасынын терминдери***

(кошумчаланып, толукталып экинчи басылышы)

**Тех. редактор: Жакыпова Ч.А.**

**Компьютерге калыпка салган: Жумашева Ж.Ж.**

**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**полиграфиялык комплексинде басылды**
**Заказ 400 Тираж 100.**
**Тел.: (03922) 52696.**